КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДА КОШУМЧА ОКУУ МАТЕРИАЛДАРЫН КОЛДОНУУ БОЮНЧА

# МЕТОДИКАЛЫК КОЛДОНМО















## Башталгыч класстарда
## кошумча окуу материалдарын колдонуу боюнча

# МЕТОДИКАЛЫК КОЛДОНМО

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

УДК 372.3 /.4
ББК 74.26
Б 33

Б 33 **Башталгыч класстарда кошумча окуу материалдарын колдонуу боюнча методикалык колдонмо /**
**Иштеп чыгуучулар / түзүүчүлөр: Абдухамидова Б.А., Юсупова А. Д., Хамзина С. А., Кабылбаева Н.Т. -Б: 2024 - 102 б.**

ISBN 978-9967-9534-8-2

Бул методикалык колдонмо "Окуу керемет!" долбоорунун алкагында (2019-2024 ж.ж.) иштелип чыккан жана адаптацияланган балдар китептерин сабакта колдонуу сценарийлерин камтыйт. Тексттер менен иштөөдө окуганын түшүнүү жана талдоо, жаңы тексттерди түзүү жана башталгыч мектепте окуучулар үчүн зарыл болгон бөлөк окуу жана түшүнүү көндүмдөрүн өнүктүрүүгө багытталган ар кандай окутуу стратегиялары сунушталат. Колдонмону түзүүчүлөр бул колдонмого кирген сценарийлерди иштеп чыккан бардык мугалимдерге ыраазычылык билдиришет.

Кыргыз билим берүү академиясынын Окумуштуулар кеңеши тарабынан 2024-жылдын 28-июнда бекитилген жана жалпы билим берүү уюмдарында колдонууга сунушталган.

ISBN 978-9967-9534-8-2
УДК 372.3 /.4
ББК 74.26

# МАЗМУНУ

**КИРИШҮҮ** .......... 3
Башталгыч мектептин окуу процессинде көркөм жана илимий таанып-билүү адабияттары менен иштөөнүн баалуулугу .......... 3
Балдар китептерин пайдаланууга карата иштелип чыккан сценарийлер жана алардын түзүлүшү .......... 4

**1. БАЛДАР КИТЕПТЕРИНИН ТҮРЛӨРҮ ЖАНА АЛАР МЕНЕН ИШТӨӨГӨ КАРАТА СЦЕНАРИЙЛЕР** .......... 5
Балдар китептеринин түрлөрү жана алар мүнөздөмөсү .......... 5

**2. ЭЛЕКТРОНДУК БАЛДАР КИТЕПТЕРИНИН КАТАЛОГУ ЖАНА АНЫ МЕНЕН ИШТӨӨ ЖОЛДОРУ** .......... 27
Электрондук балдар китептерин каталогу деген эмне? .......... 27
Электрондук балдар китептеринин каталогу кимдер үчүн арналып түзүлгөн? .......... 30
Электрондук балдар китептеринин каталогу менен кантип иштөөгө болот? .......... 30

**КОРУТУНДУ** .......... 31

**ТИРКЕМЕЛЕР** .......... 32
Кыргыз тилиндеги балдар китептерин колдонуунун болжолдуу сценарийлери .......... 32

# КИРИШҮҮ

Балдар үй-бүлөөдөн, бала бакчадан, башталгыч класстан тартып ар түрдүү китептердин, окурман адамдардын чөйрөсүндө болуусу маанилүү. Окуу мектепте мыкты билим алуу үчүн түптөөчү көндүм болуп саналат. Окуу көндүмүн калыптандыруу үчүн окуу китептерин гана колдонуу жетишсиз; ал үчүн ар бир предметтин окуу максаттарына, милдеттерине ылайык келген, баланын кызыгууларына ылайык келген кошумча сапаттуу, түрдүү жанрдагы балдар китептери болууга тийиш.

Албетте, балдар китептерин алардын жаш курагына, классына, негизги окуу көндүмдөрүнүн (тыбыштарды кабыл алуу, алфавитти билүү, шар окуу, сөз байлыгы, окуганын/укканын түшүнүү) өнүгүү деңгээлине жана ар бир окуучунун кызыгууларына ылайык тандап алуу маанилүү. Бул китептер окуучулардын билимдерин, ой жүгүртүүлөрүн, көз караштарын тереңдетүүгө, алган жаңы маалыматтарын турмуштук тажрыйбалары менен байланыштырууга көмөктөшөт. Адабий окуу, кыргыз тили, мекен таануу, математика, көркөм өнөр ж.б. окуу предметтерин окуп-үйрөтүүдө балдар китептерин окуу үчүн окуучуларга ар кандай китептерди тандап алуу укугун жана мүмкүнчүлүгүн берүү менен окутуу процессин ыңгайлуу, кызыктуу жана жагымдуу кылууга, балдардын логикалык ой жүгүртүүлөрүнүн, чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүнүн өнүгүүсүнө, негизги компетенттүүлүктөрүнүн калыптануусуна өбөлгө түзгөн предмет аралык байланыштарды түзүүгө да мүмкүнчүлүк жаралат.

1-4-класстардын окуучуларына сунушталган жаңы балдар китептеринин топтому түрдүү тематикада (мекен, жаратылыш, достук, ынтымак, туура тамактануу, ден соолукту чыңдоо ж.б.), жанры боюнча (ырлар, аңгемелер, жомоктор, фэнтези, фантастика, маалыматтык китептер ж.б.) жана ар бир класстын деңгээлине жараша (мисалы, 1-класстар үчүн – 1.1, 1.2, 1.3 деңгээлдери, ж.б.) да ар түрдүү китептерди, алардын ичинде жаңы түрдөгү, тактап айтканда, чоң форматтагы китептерди, декоддоо көндүмүн калыптандыруу үчүн китептерди жана аудиокитептерди камтыйт.

Аталган **методикалык колдонмонун максаты** жогоруда белгиленген балдар китептерин башталгыч класстарда түрдүү предметтерди окутууда кошумча материал катары тандап алууга, тексттердин тематикасына, жанрына, деңгээлине жараша иштөөгө карата мугалимдерге багыт берүү; электрондук балдар китептеринин каталогу менен тааныштыруу жана аны менен иштөө жолдорун көрсөтүү болуп саналат.

## Башталгыч мектептин окуу процессинде көркөм жана илимий таанып-билүү адабияттары менен иштөөнүн баалуулугу

1-ден, окуучулардын окуу процессине тартылышына өбөлгө түзөт, анткени белгилүү бир окуу көндүмдөрүн өнүктүрүүдө ар кандай жанрдагы тексттерди пайдаланууга мүмкүндүк берет; кээ бир окуучулар көркөм адабиятты окуганды жакшы көрүшөт, ал эми айрымдары илимий таанып-билүү адабияттарына артыкчылык беришет. Бир эле окшош тема боюнча көркөм адабиятты жана илимий таанып-билүү адабиятын айкалыштыруу менен, алардын окурмандарынын ортосундагы ажырымды алып салса жана окуучуларды адабияттын бир нече түрлөрүн окууга тартуу менен, сабакта алардын катышуусун активдештирсе болот.

2-ден, тексттин эки категориясынын касиеттерин жана өзгөчөлүктөрүн түшүнүү окуучулардын окутуунун мазмунуна көз караштарын кеңейтүүгө жана темаларды тереңирээк талкуулоого өбөлгө түзөт.

3-дөн, окуучулар адабияттын ар кандай жанрлары менен таанышып, сөз байлыгын байытышат, оозеки жана жазуу кебин өнүктүрүшөт.

4-дөн, балдар китептеринин ар кандай түрлөрүнүн айкалышы окуучулардын сабаттуулугун өнүктүрүүгө предмет аралык мамилени жүзөгө ашырууга өбөлгө түзөт.

5-ден, теманы жана контекстти түшүнүү үчүн илимий адабияттардан маанилүү маалыматты алуу менен, бала көркөм адабиятты жакшыраак түшүнөт. Муну менен бирге, көркөм адабиятта баяндалган бай тажрыйба илимий текстте маалыматты жакшыраак өздөштүрүүгө өбөлгө түзөт.

## Балдар китептерин пайдаланууга карата иштелип чыккан сценарийлер жана алардын түзүлүшү

Бул үчүн көркөм жана маалыматтык тексттер менен окуу процессинде иштөөгө карата жаңы китептер иштелип чыккан учурда мугалимдер менен биргеликте иштелип чыккан 34 сценарий (кыргыз жана орус тилдеринде) берилип, алардын түзүлүшү, айрым окуу стратегияларын колдонуу аркылуу окуучулардын тыбыштарды кабыл алуу, алфавитти билүү, шар окуу, сөз байлыгын өстүрүү жана окуп/угуп түшүнүү, жазуу, чыгармачыл жазуу көндүмдөрүн калыптандыруунун түрдүү жолдору сунушталган. Ошондой эле, Долбоордун алкагында иштелип чыккан балдар китептеринин каталогунун презентациясы жана аны менен иштөөнүн жолдору көрсөтүлгөн.

Окуу процессинде балдар китептери менен иштөө үчүн иштелип чыккан сценарийлердин түзүлүшү төмөндөгүдөй:

| № | Балдар китептери менен иштөө үчүн иштелип чыккан сценарийлердин түзүлүшү |
|---|---|
| 1 | Китептин аталышы, автору, иллюстратору, максаттуу классы |
| 2 | Кайсы предметтерди окутууда колдонулат? |
| 3 | Күтүлүүчү натыйжалар |
| 4 | Колдонулуучу стратегиялар/ыкмалар |
| 5 | Керектелүүчү каражаттар |
| 6 | Окутууну уюштуруунун формасы |
| 7 | Иштөө кадамдары |
| 8 | жогорудагы стратегияларды колдонуу менен окууга сунушталуучу башка китептер *(дагы кайсы балдар китептерин окутууда белгиленген стратегияларды колдонууга болору, чыгарманын аталышы, автору, классы жана деңгээли көрсөтүлгөн).* |

Албетте, бул сунушталган сценарийлер, адатта, ар бир предметти окутуу үчүн мугалим түзгөн сабактын иштелмеси же план-конспектиси эмес *(план-конспект жазууда сабактын үчилтик максаты, аларга жетүү үчүн сабактын ар бир этабында мугалим менен окуучунун аткаруучу иш-аракеттери толук берилет эмеспи)*, жогоруда белгиленгендей, тек гана тандап алынган текст кайсы предметти окутууда, кандай максатта, кандай формада колдонулары, кайсы ыкма тандалып алынганы жана аны менен иштөө кадамдарынын болжолдуу үлгүлөрү гана берилген.

***Эскертүү:*** *Сунуш кылынган бардык сценарийлер рекомендациялык мүнөзгө гана ээ. Аларды мугалимдер окуучулардын деңгээлине, кызыгууларына, сабактын максат-милдеттерине, контекстке жараша өзгөртүп же ылайыкташтырып (адаптациялап) алыша болот.*

# 1. БАЛДАР КИТЕПТЕРИНИН ТҮРЛӨРҮ ЖАНА АЛАР МЕНЕН ИШТӨӨГӨ КАРАТА СЦЕНАРИЙЛЕР

Балдар китептери темасы жана жанры, форматы, мазмуну, татаалдыгы, стили боюнча ар түрдүү, ошону менен катар сапаттуу иллюстрациялар менен коштолуп, балдардын жаш өзгөчөлүктөрүнө, кызыгууларына туура келип, аларды окурман катары калыптандырууга жана өнүктүрүүгө тийиш. Алардын сюжеттик жана предметтик сүрөттөр менен коштолуусу баланын адабий текстти түшүнүүсүнө, анын тема, каармандар жөнүндө түшүнүгүн калыптандырууга, көркөм образдарды талдоого, жакшы менен жаманды, чындык менен жалганды ажыратып түшүнүүсүнө өбөлгө түзөт.

Учурдагы заманбап балдар китептеринде чыгарманын окуясы чакан текст менен берилип, тексттин мазмунун чагылдырган кырдаалдык сүрөттөрдүн ырааттуу топтому менен коштолот. Мындай балдар китептериндеги иллюстрация тексттин кайсы бир окуясын жөн гана визуалдык коштоо болуп эсептелбейт, аны визуалдык байланыш каражаты катары карасак туура болот. Иллюстрациялар окурмандарга каармандардын сезимдерин (сүйүү, коркуу, уялуу, өкүнүү, кубануу ж.б.), жүрүм-турумун жана эмоцияларын образдуу жана тереңирээк түшүнүүгө жардам берет.

Жаш окурманга бардык предметтерди жакшы өздөштүрүүсү үчүн ар түрдүү китептердин болуусу маанилүү. Китептердин саны жана ар түрдүүлүгү көбөйгөн сайын окуучуларды өз алдынча окууга үйрөтүү жана окуу ишмердигине кызыктыруу жакшырат. Демек, мугалим менен окуучулардын китептердин темаларын жана түрлөрүн тандоосуна да көбүрөөк мүмкүнчүлүктөр ачылат.

## Балдар китептеринин түрлөрү жана алардын мүнөздөмөсү



**Форматы жана белгилүү бир окуу көндүмүн практикада колдонуу боюнча:** чоң форматтагы жана декоддоо үчүн китептер.

**Чоң форматтагы китептер** – бул үлгүлүү жана биргелешип окууну уюштурууга арналган чоң өлчөмдөгү сүрөттүү китептер, анткени мындай китептерде берилген текст төмөнкү сапаттарга ээ:

→ андан аркы аракеттерди оңой эле алдын ала айтууга болот;
→ сүйлөмдөр жөнөкөй болуп, татаал сөз айкаштарын камтыбайт;
→ кайталанган фразалар кездешет.

Чоң форматтагы сүрөттүү китептер балдардын өнүгүүсү үчүн өтө маанилүү, адаттан тышкары тажрыйбаны берет. Алар окуучуларга окуу техникасын өздөштүрүүгө мүмкүндүк берип, окуучулардын сюжетти эстеп калуу, аны кайра айтуу, иллюстрацияларды талкуулоо жана окуганын жакшыраак түшүнүү көндүмдөрүн өрчүтөт. Бул китептерди окуучулардын тобу же жалпы класс менен, хор түрүндө бир мезгилде же кезек менен окуса болот. Мындай китептер көбүнчө 1-класстын окуучуларына колдонулат.

**Декоддоо үчүн китептер** – 1-класста балдар окуп-үйрөнө турган тамга-тыбыш шайкештикти чагылдырган сөздөрдү камтыган китептер. Бул китептерде атайын тандалган сөздөр камтылган, аларда окуу жөндөмүн жакшыртуу үчүн тиешелүү сөздөр бир нече ирет кайталанат. Декоддоо көндүмү окуй билүү жөндөмүнүн негизи болуп саналат жана балдардын шар окуу көндүмүн өнүктүрүүгө жана сөз байлыгын кеңейтүүгө негиз түзөт.

Өзүнүн эне тили болбогон тилдеги тексттерди декоддоодо же окууда кыйынчылыктарга дуушар болгон окуучуларга жардам көрсөтүү максатында декоддоо үчүн китептерди

орус, өзбек, тажик тилдүү мектептерде кыргыз тилине үйрөтүү жана кыргыз, өзбек, тажик тилдүү мектептерде орус тилин окутууда, ошондой эле күнүмдүк турмушта өз үйүндө сүйлөшүүдө колдонулган тили мектептеги окутуу тилинен айырмаланган балдар менен иштөөдө колдонсо болот.

1-класстын окуучуларына декоддоо үчүн китептерди колдонууга карата түзүлгөн сценарийде “Жаңырык окуу” стратегиясы жана «Негизги тамганы тап» оюну сунушталган.

«Жаңырык» ыкмасын колдонуу менен мугалим тексттин улам бир сүйлөмүн окуйт, ал эми окуучулар ошол эле сүйлөмдү мугалим окуган темпти сактоо менен кайталап окушат же айтышат. Мугалим окуучуларга байкоо жүргүзүп, окуучуларга окуганга жардам берет. Эгерде айрым окуучулардын жетишпей жаткандыгын байкаса, окуучулар текст менен бара-бара таанышып, өз күчүнө ишенүүлөрү үчүн окуу темпин акырындатып, көнүгүүнү бир нече ирет кайталоосу зарыл. Бул көнүгүүнү бир нече ирет кайталоо менен ийгиликке жетүүгө болот. Андан соң, тексттин мазмунуна ылайык жана балдардын окуп/угуп түшүнүүсүн бекемдөө максатында суроо-жооптор жүргүзүлөт. Ал эми «Негизги тамганы тап» оюну аркылуу берилген сөздөрдүн ичинен өтүлүп жаткан тамганы табуу, ал сөздөрдү эстеп калуу жана аларды так, туура айтууга машыктырууга болот. Бул оюнду башка тамгаларды үйрөтүүдө да колдонуу сунушталат.

## Мисалы: Декоддоо үчүн китептер менен иштөөгө карата сценарийлердин үлгүлөрү

| | |
|---|---|
| **Чыгарманын аталышы** | **«Ц» тамгасы**<br>Автору: Батма Абдухамидова<br>Сүрөтчүсү: Аликбек Темиралиев<br>Классы: 1-класс, деңгээли: 1.2 |
| **Предмети** | Кыргыз тили жана адабий окуу |
| **Күтүлүүчү натыйжалар** | Окуучулар:<br>- ырдагы «ц» тамгасы катышкан сөздөрдү туура окушат;<br>- «ц» тамгасы катышкан жаңы сөздөрдү табышат;<br>- чыгарма боюнча берилген суроолорго жооп беришет. |
| **Колдонулуучу стратегиялар\ ыкмалар** | «Жаңырык окуу» ыкмасы, «Негизги тамганы тап» оюну |
| **Керектелүүчү каражаттар** | электрондук https://bloomlibrary.org/kyrgyzstan-OkuuKeremet жана басмадан жарык көргөн китептер, ватман, фломастерлер |
| **Окутууну уюштуруунун формасы** | Жекече, жалпы класс менен иштөө |
| **Иштөө кадамдары** | |
| **1-кадам Текст менен таанышканга чейин** | Мугалим суроо берет:<br>**• Цирк тууралуу эмнелерди билесиңер?**<br>Окуучулар өз ойлорун айтышат. |

| | |
|---|---|
| **2-кадам. Текстти окуу учурунда** | **«Жаңырык»** ыкмасын колдонуп, мугалим тексттин улам бир бөлүгүн окуйт, окуучулар мугалимдин артынан кайталап окушат (1-тиркеме). Доскада же экранда көрсөтүлгөн текст баарына даана көрүнө тургандай кылып окуучуларды отургузат.<br>• Мугалим окуйт, окуучулар мугалим окуган темпти сактоо менен анын артынан кайталап окушат. Мугалим окуучуларга байкоо жүргүзүп, окуучуларга окуганга жардам берет.<br>• Эгерде мугалим айрым окуучулардын жетишпей жаткандыгын байкаса, окуучулар текст менен бара-бара таанышып, өз күчүнө ишенүүлөрү үчүн окуу темпин акырындатып, көнүгүүнү бир нече ирет кайталоосу зарыл. |
| **3-кадам. Текст менен таанышкандан кийин** | Текстти окуп/угуп түшүнүүсүн бекемдөө максатында суроолор берилет:<br>1. Циркте эмнелерди көрүүгө болот экен?<br>2. Аюу аренага эмнени айдап чыкты?<br>3. Ала таяк кармаган маймыл ким болуп алыптыр?<br>4. Цирк оюндары бүткөн соң балдар дагы эмнени көрүштү?<br>5. Силерге да циркке баруу жагабы? Эмне үчүн? |
| **4-кадам.** | «Негизги тамганы тап» оюну (2-тиркеме) сөздөрдү шар окууга машыктыруу максатында колдонулат. *Бул оюнда ватманга жазылган сөздөрдүн топтому берилет. «Негизги тамганы тап» оюну берилген сөздөрдүн ичинен өтүлүп жаткан тамганы табуу, ал сөздөрдү эстеп калуу жана аларды так, туура айтууга машыктырат.*<br>*Бул оюнду башка тамгаларды үйрөтүүдө да колдонсо болот.*<br>• Сөздөр ар бир окуучу аларды көрө ала тургандай жайгаштырылат. Алар бири-биринен жеңил айырмалоо үчүн түрдүү түстөрдө, чоң тамгалар менен жазылат.<br>• Мугалим менен окуучулар чогуу иштешет: алар берилген сөздөрдөн “**ц**” тамгасын таап, аны тегеректеп коюшат.<br>• Сөздөрдү муундарга алакан чабуу менен бөлүп айтышса да болот *(**ц**ирк, мо-то-**ц**икл, ми-ли-**ц**ия, кон-**ц**ерт, **ц**у-на-ми, **ц**е-мент, **ц**и-фра)*. |
| **Жогорудагы стратегияларды колдонуу менен окууга сунушталуучу китептер** | Тамгалар тууралуу жазылган бардык тексттер өтүүдө колдонсо болот (https://bloomlibrary.org/kyrgyzstan-OkuuKeremet) |

***1-тиркеме***

***Автору: Батма Абдухамидова***

**«Ц» тамгасы**

**Циркке** барсак кечинде,
Эл көп болду жайнаган.
Таң калтырды аюулар,
**Мотоцикл** айдаган.

Маймыл жүрөт шамдагай,
Ала таяк колунда.
**Милиция** болуп алыптыр,
Тескеп аюу жолунда.

Шаңдуу ыр-бий жаңырып
**Концерт** көрдүк соңунда,
Мына ушинтип баарылап,
Көңүл ачуу сонун да!

*2-тиркеме*

**«Негизги тамганы тап» оюну**

| | |
|---|---|
| ЦИРК | МОТОЦИКЛ |
| КОНЦЕРТ | МИЛИЦИЯ |
| ЦУНАМИ | ЦЕМЕНТ |
| ЦИРКУЛЬ | ЦИФРА |



**Балдар китептери жасалгасы/басылышы боюнча:** кагаз-басылма китеп; электрондук медиадагы китеп (аудиокитеп, видеокитеп, онлайн китеп, мобилдик тиркемедеги китеп); ылайыкташтырылган (адаптацияланган) китептер; кинестетикалык (сезимтал) китептер болот. Бөлөк форматтар менен бирге, долбоор бир катар аудиокитептерди даярдады.

**Аудиокитептер** – кесипкөй окурман же актёр тарабынан окулган чыгармалар. Чыгарманы окуу өзгөчө эффекттер (жамгырдын үнү, деңиздин үнү, курт-кумурскалардын ызылдаганы ж.б.) же музыкалык коштоолор менен коштолушу мүмкүн.

Аудиокитепти аудиоспектакль түрүндө берүүгө болот, анда диалогдо ар кандай үндөр пайдаланылат жана ар кандай үндөр менен иш-аракеттер коштолот. Мындай китептерди баланын фонемалык кабыл алуусун өнүктүрүү менен тыбыштарды жана сөздөрдү туура айтуусун, эсте сактоосун, сабакты өздөштүрүүсүн жакшыртуу үчүн пайдаланса болот.

Аудиокитептер окуучулардын чыгармаларды көркөм окууга үйрөнүүсүнө мүмкүндүк берет. Окуучулар үчүн кесипкөйлүк окуу – үлгүлүү же моделдүү окуу көрсөтүлүшү мүмкүн. Аудиокитептер тырышчаактыкты, көңүл буруунун жана көңүл топтоону өнүктүрүүгө жардам берет, себеби китепти ар бир үзүндүлөрүн калтырбастан угуу керек, анткени мында көзү менен окуганга караганда, аларга кайтып баруу татаалыраак.

Аудиокитептер көрүүсү начар же акыл-эсинин өнүгүүсүндө өзгөчөлүгү бар балдарды окутуу үчүн дагы пайдаланылат. Ошону менен катар, окугандан кыйналган же маалыматты угуп кабыл алуусу мыкты болгон окуучуларга да адабияттын жеткиликтүүлүгүн кеңейтет.

Колдонмодо 2-класстын окуучуларына аудиокитептерди колдонууга карата Ысмайыл Кадыровдун «Кимиси коркок?» чыгармасына карата түзүлгөн сценарийде алгач текстти угууга чейин, угуу учурунда жана уккандан кийинки учурга карата суроолор топтому, “Ооба-жок” таблицасы жана «Сүйлөмдөрдү толуктайбыз» көнүгүүсү сунушталган.

Текстти кабыл алууга даярдоо максатында жана текст менен таанышкандан кийин берилген суроолор окуучулардын ой жүгүртүүсүнө, мазмунун түшүнүүгө, каармандарды талдоого багыт берери белгилүү. Ал эми «Ооба же жок» таблицасында чыгармадагы негизги иш-аракеттерди таблицага катар ирети менен так жазып коюу тапшырмасы берилет. Бул тапшырманы жазуу же оозеки жүзүндө жекече/жуптарда иштесе болот. Окуучу алардын ар бирин окуп же угуп, “ооба” же “жок” деген графага “+” же “-” белгилерин коюп чыгат. Эмне үчүн бул белгини койгондугун мугалим окуучудан сурап, тактап койсо болот. Бул тапшырма аркылуу окуучулардын окуп\угуп түшүнүүсүн, эстеп калуусун, ой жүгүртүүсүн жакшыртууга мүмкүнчүлүк түзүлөт. Ал эми «Сүйлөмдөрдү толуктайбыз» көнүгүүсүнүн максаты окуучулардын жомоктун мазмунун билүүсүн текшерүү жана эсте тутуусун бекемдөө болуп саналат. Мында мугалим жомоктогу окуяларды бир нече бөлүккө бөлүп, ар бир бөлүктү өз алдынча баракка жазып коёт. Барактарды ар бир топко таркатып, тапшырманын шартын түшүндүрөт жана аларга багыт берет. Ар бир топтун мүчөлөрү чыгарманын фрагменттеринде калтырылып кеткен сөздөрдү көп чекиттин ордуна туура коюп жазып чыгышат. Тапшырманы аткарып бүткөндөн кийин, аны аудиокитептеги текст менен салыштырышат. Чыгармандын тексттин кезек менен окуп же айтып беришет ж.б. *(Топтордун аткарган жумуштарын дубалга илип койсо болот. Тыныгуу учурунда балдар бири-биринин жазгандарын окуганга мүмкүнчүлүк алышат).*

## Аудиокитептер менен иштөөгө карата сценарийдин үлгүсү

| | |
|---|---|
| **Чыгарманын аталышы** | **«Кимиси коркок?»**<br>Автору: Ысмайыл Кадыров<br>Иллюстратору: Жыргал Касмамытова<br>Классы: 2-класс, деңгээли: 2.2 |
| **Предмети** | Адабий окуу, класстан тышкары окуу |
| **Күтүлүүчү натыйжалар** | Окуучулар:<br>- чыгарманы угуп, суроолорго жооп беришет;<br>- уккан тексттин түшүнгөнүн түрдүү жолдор менен демонстрациялашат. |
| **Колдонулуучу стратегиялар\ ыкмалар** | «Ооба, жок» таблицасы, «Сүйлөмдөрдү толуктайбыз» көнүгүүсү |
| **Керектелүүчү каражаттар** | электрондук https://bloomlibrary.org/kyrgyzstan-OkuuKeremet жана басмадан жарык көргөн китептер, аудиокитептер, тиркемелер |
| **Окутууну уюштуруунун формасы** | кичи топтордо, жалпы класс менен иштөө |
| **Иштөө кадамдары** | |
| **1-кадам. Текстти укканга чейин** | Чыгарманы укканга чейин мугалим окуучуларга китептин мукабасын көрсөтүп, суроолор менен кайрылат:<br>• Чыгарма кандай аталат экен?<br>• Кандай ойлойсуңар, чыгарма эмне тууралуу болот? |
| **2-кадам. Текстти угуу** | Аудиокитепти чогуу угушат. |
| **3-кадам. Текстти уккандан кийин** | Окуучулардын тексттин мазмуну боюнча алган түшүнүктөрүн бекемдөө үчүн бир нече тапшырмалар берилет.<br>**1-тапшырма:** Текстти уккандан кийин төмөнкү суроолор берилет:<br>• Окуя качан, кайсы жерде болуптур?<br>• Башкы каармандар кимдер экен?<br>• Ким кимден коркту?<br>• Бул жаныбарлардын кимиси эң коркок деп ойлойсуңар? Эмне үчүн?<br>**2-тапшырма: "Ооба же жок"** таблицасына жазуу жүзүндө же оозеки жооп беришет (жекече, жуптарда иштесе болот) (2-тиркеме).<br>**Эскертүү:** *Мында чыгармадагы негизги иш-аракеттерди таблицага катар ирети менен так жазып коюу зарыл. Окуучу алардын ар бирин окуп же угуп, “ооба” же “жок” деген графага “+” же “-” белгилерин коюп чыгат. Эмне үчүн бул белгини койгондугу аркылуу мугалим окуучунун жообун тактап койсо болот.*<br>Бул тапшырма аркылуу окуучулардын окуп\угуп түшүнүүсүн, эстеп калуусун, ой жүгүртүүсүн  жакшыртууга мүмкүнчүлүк түзүлөт. |

| | |
|---|---|
| | **3-тапшырма. «Сүйлөмдөрдү толуктайбыз»** көнүгүүсүнө ылайык окуучулар жуптарда же кичи топтордо иштешет (3-тиркеме).<br>**Бул ыкманын максаты:** окуучулардын жомоктун мазмунун билүүсүн текшерүү менен бирге, эсте тутуусун бекемдейт. |
| **1-кадам.** | Мугалим жомоктогу окуяларды 5 бөлүккө бөлүп, ар бир бөлүктү өз алдынча баракка жазып коет. |
| **2-кадам:** | Барактарды ар бир топко таркатып, тапшырманын шартын түшүндүрөт жана аларга багыт берет.<br>***Эскертүү***: Мугалим сөзсүз убакытты чектеши керек. |
| **1-кадам. Топтун иш-аракети:** | Ар бир топтун мүчөлөрү чыгарманын фрагменттеринде калтырылып кеткен сөздөрдү көп чекиттин ордуна туура коюп жазып чыгышат. |
| **2-кадам:** | Тапшырманы аткарып бүткөндөн кийин, аны аудиокитептеги текст менен салыштырышат. |
| **3-кадам:** | Чыгарманын текстин кезек менен окуп же айтып беришет.<br>**Эскертүү:** *Топтордун аткарган жумуштарын дубалга илип койсо болот. Тыныгуу учурунда балдар бири-биринин жазгандарын окуганга мүмкүнчүлүк алышат.* |
| **Жогорудагы стратегияларды колдонуу менен окууга сунушталуучу китептер:** | - «Айлакер эчкилер» (автору: Анушка Равишанкар, которгон: Нурия Умерова), Д.: 3.1<br>- «Находчивые козы» (автор: Анушка Равишанкар, перевод: Нурия Умерова), Д.: 3.1<br>https://bloomlibrary.org/kyrgyzstan-OkuuKeremet |

**1-тиркеме**
**Автору: Ысмайыл Кадыров**

## КИМИСИ КОРКОК?

Карга жаңгак таап алды. Чагып жейин деп, ары тоголотту, бери тоголотту. Чокулап көрдү. Акыры чага албасына көзү жетти. Аны чагып жештин жолун ойлоду.

Анан тумшугу менен тиштеп алып көкөлөп учту да, жердеги чоң ташты мээлеп туруп таштап жиберди. Жаңгак ташка “чак” деп тийип, жарылып кетти.

Таштын түбүндө уктап жаткан коён чочуп, ыргып турду.

Болду-болбоду, мергенчи мээлеп туруп атты деп болжоду. Сереңдеп тоону карай качып жөнөдү. Тоо капталында оттоп жүргөн кой өзүн карай атырылып келаткан коёнду карышкыр деп ойлоду. Коркконунан үркkөн боюнча бадалды көздөй жүгүрдү.

Бадалдын түбүндө уктап жаткан карышкыр дабыштан чочуп ойгонду. Түптүз эле өзүн көздөй атырылып келаткан койду көрдү. Уйкулуу көзү менен мени жолборс качырып келаткан экен деп ойлоду. Ыргып туруп тоону капталдай качты.

Тоонун капталында ийин казып жаткан чычкан мышык кол салды деп ойлоду. Корккону-нан төмөн карай кулап кетти. Ал түптүз эле жаңгак жеп жаткан каргага барып бир тийди. Карга чочуп, уча качты.

Анан карга учуп баратып, жердеги чычканга жем болбой калганына сүйүндү.

Ал эми чычкан болсо өзүнө кол салган “мышыктан” аман калганын ойлоду.

Карышкыр өзүн качырган “жолборстон” качып кутулганына кубанды.

Кой болсо “карышкырдан” аман калдым деп ойлоду.

Ал эми коён болсо мергенчинин огунан аман калдым деп, ырдаган бойдон сереңдеп чуркап баратты.

Эми тапкылачы, балдар, ким эмнеден коркту? Деги булардын кимиси коркок?

**2-тиркеме**

### «ООБА, ЖОК» формасы

| | Суроолор | | ооба | жок |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Карга алма таап алды. | | | |
| 2. | Карга жаңгакты тумшугу менен тиштеп алып, көкөлөп учту. Анан жердеги чоң ташты мээлеп туруп, таштап жиберди. | | | |
| 3. | Жаңгак ташка “чак” деп тийгенде, таш түбүндө уктап жаткан карышкыр чочуп ойгонуп, тоону көздөй качып жөнөдү. | | | |
| 4. | Өзүн көздөй атырылып келе жаткан коёнду карышкыр экен деп корккон кой бадалды аралай качты. | | | |
| 5. | Бадал түбүндө жолборс уктап жаткан. | | | |
| 6. | Тоону капталында ийин казып жаткан чычкан мышык кол салды деп ойлоду. | | | |
| 7. | Чычкан ылдый тоголонуп барып, жаңгак жеп жаткан каргага бир тийди. | | | |
| 8. | Карга ага көңүл бурбастан, жаңгакты жей берди. | | | |
| 9. | Бул жандыктардын кимиси коркок? | баары коркок | | |
| | | коён | | |

**3-тиркеме**

## “СҮЙЛӨМДӨРДҮ ТОЛУКТАЙБЫЗ” көнүгүүсү

**Бул ыкманын максаты:** окуучулардын жомоктун мазмунун билүүсүн текшерүү менен бирге, эсте тутуусун бекемдейт.

**1-кадам:**

Мугалим жомоктогу окуяларды 5 бөлүккө бөлүп, ар бир бөлүктү өз алдынча баракка жазып коет.

**2-кадам:**

Барактарды ар бир топко таркатып, тапшырманын шартын түшүндүрөт жана аларга багыт берет.

***Эскертүү:*** *Мугалим сөзсүз убакытты чектеши керек.*

**Топтун иш-аракети:**

**1-кадам:**

Ар бир топтун мүчөлөрү чыгарманын фрагменттеринде калтырылып кеткен сөздөрдү көп чекиттин ордуна туура коюп жазып чыгышат.

**2-кадам:**

Тапшырманы аткарып бүткөндөн кийин, аны аудиокитептеги текст менен салыштырышат.

**3-кадам:**

Чыгарманын текстин кезек менен окуп же айтып беришет.

**Эскертүү:** *Топтордун аткарган жумуштарын дубалга илип койсо болот. Тыныгуу учурунда балдар бири-биринин жазгандарын окуганга мүмкүнчүлүк алышат.*

### 1-бөлүк

Карга _____ таап алды. Чагып жейин деп, ары тоголотту, бери тоголотту. Чокулап көрдү. Акыры чага албасына көзү жетти. Аны чагып жештин жолун ойлоду.

Анан ________ менен тиштеп алып көкөлөп учту да, жердеги чоң ________ мээлеп туруп таштап жиберди. Жаңгак ташка “чак” деп тийип, ____________ кетти.

(**Колдонулуучу сөздөр:** жаңгак, тумшугу, ташты, жарылып)

### 2-бөлүк

Таштын түбүндө уктап жаткан ______ чочуп, ыргып турду.

Болду-болбоду, _________ мээлеп туруп атты деп болжоду. Серендеп тоону карай качып жөнөдү. Тоо капталында оттоп жүргөн _______ өзүн карай атырылып келаткан коёнду __________ деп ойлоду. Коркконунан үрккөн боюнча _______ көздөй жүгүрдү.

(**Колдонулуучу сөздөр:** коён, мергенчи, кой, карышкыр, бадалды)

### 3-бөлүк

Бадалдын түбүндө уктап жаткан _________ дабыштан чочуп ойгонду. Түптүз эле өзүн көздөй атырылып келаткан _______ көрдү. Уйкулуу көзү менен мени ________ качырып келаткан экен деп ойлоду. Ыргып туруп ________ капталдай качты.

(**Колдонулуучу сөздөр:** карышкыр, койду, жолборс, тоону)

**4-бөлүк**

Тоонун капталында _______ казып жаткан чычкан _______ кол салды деп ойлоду. Корккконунан төмөн карай кулап кетти. Ал түптүз эле жаңгак жеп жаткан ________ барып бир тийди. Карга чочуп, ______ качты.

(**Колдонулуучу сөздөр:** ийин, мышык, каргага, уча)

**5-бөлүк**

Анан карга учуп баратып, жердеги __________ жем болбой калганына сүйүндү.

Ал эми чычкан болсо өзүнө кол салган “_____________” аман калганын ойлоду.

Карышкыр өзүн качырган “________________” качып кутулганына кубанды.

Кой болсо “_________________” аман калдым деп ойлоду.

Ал эми коён болсо ___________ огунан аман калдым деп, ырдаган бойдон серендеп чуркап баратты.

Эми тапкылачы, балдар, ким эмнеден коркту? Деги булардын кимиси коркок?

(**Колдонулуучу сөздөр:** чычканга, мышыктан, жолборстон, карышкырдан, мергенчинин)



**Негизги окуу көндүмдөрүн өнүктүрүү боюнча:** фонемалык кабыл алууну өнүктүрүү максатында балдарга үн чыгарып окуу үчүн; алфавитти өздөштүрүү үчүн (азбукалар, алиппелер); окуп баштагандар үчүн; балдардын өз алдынча окуусу үчүн даярдалган китептерди белгилөөгө болот.

**Стили боюнча:** көркөм жана илимий таанып-билүүчүлүк же маалыматтык китептер деп бөлүүгө болот.

Көркөм китептерге жомок, ыр, аңгеме, повесть, тамсил, детектив, фантастика, фэнтези, уламыш, миф, поэма, ал эми маалыматтык китептерге таанып-билүүгө багытталган тарыхый, илимий тексттер, сөздүктөр, энциклопедиялар, атластар ж.б. кирет.

**Көркөм китептер (көркөм адабият)** – искусствонун түрү, анда көркөм дүйнө, көркөм образдар тилдик каражаттар тарабынан жаратылат. Кээде окуянын убактысы жана орду, сюжети жана каармандар чыныгы окуяларга же адамдарга негизделет, бирок көбүнчө алар (чыныгы окуялар) ойдон чыгарылган окуяларды жазууга шыктандыруучу булак болуп саналат.

Көркөм чыгармалардагы негизги окуялардын ырааттуулугу окуянын башталышы, сюжети, кульминация, көйгөйдүн чечилиши жана окуянын аягынан курулат. Окуялардын тутумун, образдуу түрдө, тоонун чокусуна чыгуу жана түшүү катары элестетүүгө болот.

Көркөм текстти колдонууга карата бир сабактын сценарийин карап чыгалы. Текст менен таанышканга чейин мугалим китептин мукабасы, аталышы, автору менен тааныштырат. Андан соң, чыгарманы мугалим же окуучулар кезек менен көркөм окушат. Текст менен таанышкандан кийин окуучулардын тексттин мазмуну боюнча алган түшүнүктөрүн бекемдөө үчүн бир нече тапшырмалар берилет. Мисалы:

1-тапшырма. «Сөздүн уңгусу» таблицасына ылайык окуучулар жекече жазуу ишин аткарышат. Окуучулардын сөз байлыгын өстүрүү боюнча иштин бул форматы текстте кездешүүчү сөздөрдүн маанисин аныктоону жана сөздөрдү талдоону билдирет. Биринчи катарда – сөздүн уңгусу, экинчи катарда – уңгулаш сөздөр, үчүнчү катарда – бул сөздөрдүн маанилери берилет. Мугалим бул таблицаны окуучуларга берүүдө 3-катарды бош калты-

рат. Тактап айтканда, уңгулаш сөздөрдүн маанилерин окуучулар өзүлөрү чечмелеп жазууга тийиш.

2-тапшырма. **Текст боюнча** ачык жана жабык суроолорго жазуу жүзүндө же оозеки жооп беришсе да болот (жекече же жуптарда ). Ачык жана жабык суроолорду берүү менен окуучулардын окуп\угуп түшүнүүсүн, ой жүгүртүү, аргументтештирүү, талдоо, баалоо көндүмдөрүн жакшыртууга мүмкүнчүлүк түзүлөт. Бул суроолорду даярдоодо татаал жана так эмес түзүлгөн суроолордон качуу керек: окуучу өзүнүн ой жүгүртүү мүмкүнчүлүгүнүн көпчүлүк бөлүгүн суроонун маанисин түшүнүү үчүн сарптабашы керек.

3-тапшырма. «Мен ойлойм...» көнүгүүсүн окуучулар жуптарда жазуу жүзүндө аткарышат. Бул көнүгүү окуган чыгармага жооп кайтаруунун жазуу жүзүндөгү дагы бир формасы болуп саналат. Мында текстте баяндалган түрдүү кырдаалдарга карата окуучу өз ойлорун кыскача баяндоо аркылуу жазуу көндүмү калыптанат. Ар бир жупка ачык суроо берилет. Окуучулар жупта берилген суроолорго жоопторун жазышат жана жалпы класс алдында жарыя окуп беришет.

## Көркөм китептер менен иштөөгө карата сценарийдин үлгүсү

| | |
|---|---|
| **Чыгарманын аталышы** | **“Банкадагы печенье”**<br>Автору: Назизе Хереро<br>Иллюстратору: Сия Масуку<br>Которгон: Талгат Деркембаев<br>Классы: 3-класс, деңгээли: 3.1 |
| **Предметы:** | адабий окуу, класстан тышкары окуу, мекен таануу, ТТКН |
| **Күтүлүүчү натыйжалар** | Окуучулар:<br>- окуганын түшүнүү көндүмдөрү өнүгөт;<br>- өз алдынча ой жүгүртүшөт;<br>- чыгарманын окуясына, каармандардын иш-аракетине карата жеке пикирлерин билдирүү менен текст куруу көндүмдөрүн өнүктүрүшөт;<br>- сөз байлыгы өсөт. |
| **Колдонулуучу стратегиялар \ ыкмалар** | «Сөздөрдүн уңгусу» таблицасы, «Ачык жана жабык суроолор» формасы, «Мен ойлойм...» стратегиясы |
| **Керектелүүчү каражаттар** | электрондук https://bloomlibrary.org/kyrgyzstan-OkuuKeremet<br>жана басмадан жарык көргөн китептер, тиркемелер |
| **Окутууну уюштуруунун формасы** | жекече, жуптарда, жалпы класс менен иштөө |
| **Иштөө кадамдары** | |
| **1-кадам Текст менен таанышканга чейин** | Мугалим китептин мукабасы, аталышы, автору менен тааныштырат. |
| **2-кадам. Текстти окуу учурунда** | Чыгарманы мугалим же окуучулар кезек менен көркөм окушат (1-тиркеме). |
| **3-кадам. Текст менен таанышкандан кийин** | Окуучулардын тексттин мазмуну боюнча алган түшүнүктөрүн бекемдөө үчүн бир нече тапшырмалар берилет.<br>**1-тапшырма: «Сөздүн уңгусу»** таблицасына ылайык окуучулар жекече жазуу ишин аткарышат (2-тиркеме).<br>Окуучулардын сөз байлыгын өстүрүү боюнча иштин бул форматы сөздөрдүн маанисин аныктоону жана сөздөрдү талдоону билдирет. Биринчи катарда – сөздүн уңгусу, экинчи катарда – уңгулаш сөздөр, үчүнчү катарда – бул сөздөрдүн маанилери берилет.<br><br>**Эскертүү:** *Мугалим бул таблицаны окуучуларга берүүдө 3-катарды бош калтырат. Тактап айтканда, уңгулаш сөздөрдүн маанилерин окуучулар өзүлөрү чечмелеп жазууга тийиш.* |

| | |
|---|---|
| | **2-тапшырма: "Ачык жана жабык суроолор"** таблицасына жазуу жүзүндө же оозеки жооп беришсе да болот (жекече, жуптарда иштесе болот) (3-тиркеме).<br><br>**Эскертүү:** *Бул суроолорду даярдоодо татаал жана так эмес түзүлгөн суроолордон качуу керек: окуучу өзүнүн ой жүгүртүү мүмкүнчүлүгүнүн көпчүлүк бөлүгүн суроонун маанисин түшүнүү үчүн сарптабашы керек.*<br><br>Ачык жана жабык суроолорду берүү менен окуучулардын окуп\угуп түшүнүүсүн, ой жүгүртүү, аргументтештирүү, талдоо, баалоо көндүмдөрүн жакшыртууга мүмкүнчүлүк түзүлөт.<br><br>**3-тапшырма. «Мен ойлойм...» көнүгүүсүнө** ылайык окуучулар жуптарда жазуу жүзүндө иштешет (4-тиркеме).<br><br>**Эскертүү:** *Тиркемеде окуучулардын болжолдуу жооптору берилген. Мугалим бул жоопторду окуучуларга бербөөгө тийиш.*<br><br>Бул көнүгүү окуган чыгармасына жооп кайтаруунун жазуу жүзүндөгү дагы бир формасы болуп саналат. Мында текстте баяндалган түрдүү кырдаалдарга карата өз оюн кыскача баяндоо аркылуу окуучунун жазуу көндүмү калыптанат.<br><br>Ар бир жупка экиден кырдаалдык суроо берилет. Түгөйлөр берилген суроолорго жоопторун жазышат жана жалпы класс алдында жарыя окуп беришет.<br><br>**Эскертүү:** *Эгер сабак учурунда бардык окуучулар аткарган жумуштарын окуп бергенге жетишпей калышса, анда мугалим “Ойлордун жарманкесин” уюштуруп койсо болот. Мында ар бир жуптун аткарган жумуштары дубалга илинет. Тыныгуу учурунда балдар бири-биринин жазгандарын окуганга мүмкүнчүлүк алышат.* |
| **Рекомендуемые книги с использованием этой стратегии:** | - «Жаңы бала» (Элеонора Прояева, которгон: Т.Деркембаев), Д.: 3.1<br>- «Новенький» (Элеонора Прояева), Д.: 2.2<br>- «Кичинекей боёкчулар» (Черил Рао, которгон Т.Деркембаев), Д.:1.3<br>- «Маленькие художники» (Черил Рао), Д.:1.3<br>https://bloomlibrary.org/kyrgyzstan-OkuuKeremet |

**1-тиркеме**
**Автору: Назизе Хереро**

## БАНКАДАГЫ ПЕЧЕНЬЕ

Мики жана анын достору Лоло менен Унати өздөрүнүн сүйүктүү китептерин окуп отурушту.

– Силер Микиге бөлмөсүн жыйнашууга көмөктөшсөңөр, мен силерге печенье берем, – деди Пруденс.

– Ооба. Сөзсүз! Жардам беребиз! – деп сөз беришти балдар. Бирок алар дагы эле китеп окуп жатышты.

Бир аз убакыттан кийин алар Микинин бөлмөсүн жыйнаганы жөнөштү.

– Менин бөлмөм таптаза болуп калды. Жүргүлө, эми печенье алып жейли, – деди Мики.

Пруденс бир жакка кетип калыптыр.

Мики, Лоло жана Унати үстүңкү текчени карап көрүштү.

Банкадагы печеньени кантип алыш керек?

Алар отургуч алып келип, кезек менен үстүнө чыгып көрүштү. Бирок эч кимиси печенье салынган банкага жете алган жок.

– Апам бизди жыгылып, бир жериңерди оорутуп аласыңар деп айтмак, – деди Лоло.

Ал Унатинин ийнине чыгып көрдү. Бирок колу дагы деле идишке жеткен жок.

– Атам да бизди жыгылып, бир жериңерди оорутуп аласыңар деп айтмак, – деди Унати.

Андан кийин алар идишке сыйыртмак кылып салып, ылдый тартып алабыз деп жип табышты. Бирок мунусу да окшошпой койду.

– Апам идишти үстүңөргө түшүрүп ийбегиле деп урушмак, – деди Мики.

Ошол учурда бөлмөгө алардын дагы эки досу кирип келди.

– Силер эмне кылып жатасыңар? – деп сурады Жонатан менен Сакхи.

– Биз идиштеги печеньени ала албай жатабыз, – деди Мики.

– Биз силерге жардам беребиз, – дешти алар.

– Келгиле, отургучту текчеге жакын жылдырып, анын үстүнө чыгып көрөлү, – деди Жонатан.

Бирок печенье салынган идишке колдору дагы деле жетпей койду.

– Идишти топ менен уруп, ылдый түшүрүп көрбөйлүбү? – деди Сакхи.

– Макул, топту ыргытып көрөлү! – деди Лоло менен Жонатан.

– Жок! Антпейбиз, кооптуу да! Айнек сынып, биз жараат алышыбыз мүмкүн, – деп каршы чыгышты Унати менен Мики.

– Балдар, менде сонун идея бар! Пруденсти чакырып келели. Ал бизге өзү печеньени алып берет. Анан баарыбыз чогуу даамдуу печенье менен чай ичебиз, – деди Мики.

**2-тиркеме**

## «СӨЗДӨРДҮН УҢГУСУ» таблицасы

| Сөздүн уңгусу | Уңгулаш сөздөр | Сөздөрдүн маанилери *(окуучулардын болжолдуу жооптору)* |
|---|---|---|
| ДОС | Достор | жакын мамиледеги эки же андан көп бала\кыз |
| | Достук | эки же андан көп адамдын жакын мамилеси |
| | Достошуу | бирөө менен жакын, жылуу мамиледе болуу |
| КӨМӨК | Көмөкчү | Жардамчы |
| | Көмөктөшүү | жардам берүү, кол кабыш кылуу |
| БАЛА | Балдар | эки же андан көп бала |
| | Балалык | адамдын жаш курагы |
| | Балакай | кичинекей бала |

**3-тиркеме**

## «АЧЫК ЖАНА ЖАБЫК СУРООЛОР» формасы

| ЖАБЫК СУРООЛОР | |
|---|---|
| 1. Суроолордун жообу: “ооба” – “жок” | Балдар Микинин бөлмөсүн жыйноого жардам бериштиби?<br>**ооба** жок |
| 2. Сунушталган бир нече варианттын ичинен бир туура жоопту тандоону талап кылган суроолор | “Микинин бөлмөсүн жыйнашууга көмөктөшсөңөр, мен силерге печенье берем” деп ким убада берди?<br>а) Унати<br>б) Жонатан<br>**в) Пруденс**<br>г) Мики өзү |
| 3. Сунушталган жооптордун ичинен бир нече туура жоопту тандоону талап кылган суроолор | Банкадагы печеньени алуу үчүн достор кандай аракеттерди кылмак болушту?<br>**а) отургуч алып келип, кезек менен үстүнө чыгып көрүштү**<br>б) шатыга чыгып алмакчы болушту<br>**в) идишке сыйыртмак салып, ылдый тартмай болушту**<br>**г) топ менен уруп түшүрмөй болушту** |
| **АЧЫК СУРООЛОР** | |
| 1. Кошумча айтып берүү | - Эмне үчүн достор печеньени алуу үчүн айтылган бардык сунуштарга макул болушкан жок?<br>- |

| | |
|---|---|
| 2. Кыскача жоопту талап кылган суроолор | - Пруденс атайын сыртка чыгып кеткен жокпу? Кандай ойлойсуң?<br>-<br>- Балдардын мүнөздөрүн сүрөттөгөн үч сөздү жаз.<br>- |
| 3. Толук жоопту талап кылган суроолор | - Сен кандай ойлойсуң, эмне үчүн чогуу ичкен чай даамдуу болот?<br>- |

**4-тиркеме**

## «МЕН ОЙЛОЙМ...» СТРАТЕГИЯСЫ

Классы ___________________
Окуучунун аты-жөнү ____________________________________________________

| № | Окуядагы кырдаалдар | **Мен ойлойм...**<br>*(окуучулардын болжолдуу жооптору)* |
|---|---|---|
| 1 | Достору Микиге бөлмөсүн жыйноого көмөктөшүшөт. | *Мен ойлойм, бул достор абдан ынтымактуу. Бирин-бирин жакшы көрүшөт. Ошондуктан алар Микиге жардам беришти.* |
| 2 | Алар отургуч алып келип, кезек менен үстүнө чыгып көрүштү. | *Мен ойлойм, бийик жерде турган нерсеге жетүү үчүн отургучтун үстүнө чыгуу кооптуу деле эмес. Бирөөсү чыгып, калгандары отургучту бекем кармап турушса жыгылып кетпейт.* |
| 3 | Ал Унатинин ийинине чыгып көрдү. | *Мен ойлойм, бул учурда да жыгылып кетип, бир жерин оорутуп же кокустатып алышы толук мүмкүн.* |
| 4 | Балдар идишке сыйыртмак кылып салып, ылдый тартып алабыз деп жип табышты. | *Мен ойлойм, минткенде банка жерге түшүп, сынып калышы мүмкүн. Андан да анын сыныктары биринин бир жерин кесип кетүү коркунучу бар.* |
| 5 | Идишти топ менен уруп, ылдый түшүрмөкчү болушту. | *Мен ойлойм, бул абдан кооптуу. Банканы топ менен урганда банка гана эмес, башка идиштерди да сындырып алышыбыз мүмкүн.* |
| 6 | - Балдар, менде сонун идея бар! Пруденсти чакырып келели. | *Мен ойлойм, Пруденсти чакырып келгени туура. Анткени анын жашы да калган балдардан улуу, бою и да узун. Ошондуктан ал бийик текчедеги банканы ала алат. Анын үстүнө ал башында эле балдарга таттуу печенье берем деп убада кылган.* |
| 7 | Сен бул балдардын ордунда болсоң, печеньени алуу үчүн эмне кылат элең? | |
| 8 | Коопсуздук, этият болуу тууралуу дагы эмнелерди айта аласың? | |



**Илимий таанып билүүчүлүк (маалыматтык) китептер** – бул атайын илимий билимди балага жеткиликтүү формада сунуштап, аны кандайдыр бир кызыктуу, өзгөчө жана түшүндүрүү үчүн татаал нерселерди билүүгө шыктандырган адабият; чыгармачыл изденүүнүн ырахатын тартуулап, түрдүү суроолорго жооптор менен тааныштырат. Мындай китептер тарыхый чыгармалар, өмүр баяндар, автобиографиялар, мемуарлар, сөздүктөр, энциклопедиялар, атластар, жол көрсөтүүчүлөр, саякат күндөлүктөрү ж.б. болушу мүмкүн. Мында авторлор окурмандарга тексттин мазмунун түшүнүүгө жардам берүү үчүн иллюстрацияларды, коштомо жазууларды, фотосүрөттөрдү, графиктерди, таблицаларды, карталарды, схемаларды ж.б. пайдаланышат.

Илимий таанып-билүү адабияттарынын негизги милдети – баяндоо, маалымат берүү, түшүндүрүү, ишендирүү жана реалдуу дүйнөдөгү кубулуштар боюнча окурмандарга нускама берүү. Айрым чыгармалар маалыматты кызыктуу формада берип, жаңы идеялардын жана чыгармачыл жазуунун эшигин ачуу менен окурмандык кызыгуусун жаратат.

Илимий таанып билүү адабияттар окуучуларга айлана-чөйрөдөгү дүйнөнү ачууга жана жаңы түшүнүктөрдү өз жашоосу менен байланыштырууга жардам берет. Бул окуп-үйрөнүү процессинде окуучулардын ар кандай кызыкчылыктарын эске алууга жана аларды окууга тартууга мүмкүндүк берет.

Тигил же бул программалык материалды окутуп-үйрөтүүдө маалыматтык тексттерди колдонуу менен окуучулардын алган билимдерин тереңдетет, изилдөө жүргүзүүгө багыт берет, чыгармачылык менен иштөөгө шыктандырат. Мисалы, илимий таанып-билүү текст менен ишти "Станциялар боюнча ротациялоо" стратегиясын колдонуу менен уюштурса болот. Класста чакан топтордо иштөө үчүн 3 орун уюштурса болот, окуучулар бир жерден экинчи жерге көчүп тапшырманы аткарышат. Бул жерлер станциялар, ал эми станциядан станцияга өтүү ротация деп аталат. Мугалим окуучуларга так көрсөтмө берет, т.а. ар бир топтун өзүнүн саякат маршруту болот. Бардык топтор сабак учурунда үч станцияда иштеши керек: 1-станция (мугалим менен иштөө зонасы), 2-станция (топтордо иштөө зонасы) жана 3-станция (өз алдынча иштөө зонасы). Топтор көрсөтмөлөрдү кунт коюп угуп, ар бир станцияда мугалим берилген тема жана текст боюнча алдын ала даярдаган тапшырмаларды аткарышы керек. Ар бир станцияда иштөө убактысы чектелет; убакыт бүткөндөн кийин мугалим белги берет (коңгуроо, кол чабуу), мында ар бир топ бир станциядагы тапшырманы аткарып, кийинки станцияга (ротация) өтүүгө тийиш. Бардык 3 топ үч станцияда иштеп, тапшырмалар аркылуу берилген теманы толугу менен изилдегенден кийин, мугалим суроолорду берүү аркылуу бүт класс менен рефлексия жүргүзөт жана окуучулар теманы канчалык деңгээлде түшүнгөнүн/өздөштүргөнүн аныктайт.

## Маалыматтык тексттер менен иштөөгө карата сценарийдин үлгүсү

| | |
|---|---|
| **Чыгарманын аталышы** | **«Кыргыздын улуттук тамак-аштары»**<br>Автору: «Кыргыздар» китебинен алынды<br>Классы: 4-класс, Адабий окуу |
| **Предмети** | адабий окуу, класстан тышкары окуу, мекен таануу |
| **Күтүлүүчү натыйжалар** | Окуучулар:<br>- кыргыздын улуттук тамак-аштарын, суусундуктарын атай алышат;<br>- алардын жасалышы тууралуу маалыматка ээ болушат;<br>- конок тосуу, дасторкондо отуруу эрежелерин, адебин түзүшөт, үйрөнүшөт;<br>- окуганын түшүнүү көндүмү өнүгөт;<br>- өз алдынча ой жүгүртүшөт. |
| **Колдонулуучу стратегиялар\ ыкмалар** | Станциялар боюнча ротациялоо |
| **Керектелүүчү каражаттар** | Адабий окуу, 4-класстар үчүн окуу китеби, электрондук https://bloomlibrary.org/kyrgyzstan-OkuuKeremet<br>жана басмадан жарык көргөн китептер, тиркемелер |
| **Окутууну уюштуруунун формасы** | кичи топтордо, жалпы класс менен иштөө |
| **Иштөө кадамдары** | |
| **1-кадам.** | *Мугалим тарабынан окуучуларга суроо берилет:*<br>- Улуттук тамак-аштардын кандай түрлөрүн билесиңер?<br>*Окуучулардын болжолдуу жооптору:*<br>- Беш бармак, куурдак, быжы, жарма, каттама, курут, кымыз, чучук, олобо ж.б. деп айтышат (алар доскага жазылат).<br>Андан соң, мугалим "Кыргыздын улуттук тамак-аштары" деген аталыштагы жаңы өтүлүүчү теманы жарыялайт; окуучулар кыргыздын улуттук тамак-аштарын изилдеп, конок күтүү, дасторкондо отуруу эрежелерин иштеп чыгуу иш-аракеттерин аткарышарын билдирет.<br><br>Мугалим окуучуларга теманы изилдөө адаттан тыш жол менен, т.а., "станциялар боюнча ротациялоо" стратегиясын колдонуу аркылуу өтөрүн айтат (класс 3 топко бөлүнөт жана ар бир топтун өз маршруту болот).<br><br>Чакан топтордо иштөө үчүн 3 орун уюштурулат, окуучулар бир жерден экинчи жерге көчүп тапшырманы аткарышат. Бул жерлер станциялар, ал эми станциядан станцияга өтүү ротация деп аталат. |

| | |
|---|---|
| **2-кадам.** | Мугалим окуучуларды 3 топко бөлөт (1-топ, 2-топ, 3-топ). |
| **3-кадам.** | Мугалим окуучуларга так көрсөтмө берет:<br>- Ар бир топтун өзүнүн саякат маршруту болот.<br>- Бардык топтор сабак учурунда үч станцияда иштеши керек: 1-станция (мугалим менен иштөө зонасы), 2-станция (топтордо иштөө зонасы) жана 3-станция (өз алдынча иштөө зонасы).<br>- Топтор көрсөтмөлөрдү кунт коюп угуп, ар бир станциянын тапшырмаларын аткарышы керек.<br>- Ар бир станцияда иштөө убактысы чектелет (8 мүнөт); убакыт бүткөндөн кийин мугалим белги берет (коңгуроо), мында ар бир топ бир станциядагы тапшырманы аткарып, кийинки станцияга (ротация) өтүүгө тийиш.<br><br>**Станциялар боюнча топтордун жүрүү жолдору:**<br>**1-топ** (педагогдун жардамына абдан муктаж болгондор) 1-станция (мугалим менен иштөө аймагы); 2-станция (топтордо иштөө аймагы); 3-станция (өз алдынча иштөө аймагы).<br>**2-топ.** 2-станция (топтордо иштөө аймагы); 3-станция (өз алдынча иштөө аймагы); 1-станция (мугалим менен иштөө аймагы).<br>**3-топ.** 3-станция (өз алдынча иштөө аймагы); 1-станция (мугалим менен иштөө аймагы); 2-станция (топтордо иштөө аймагы). |
| **4-кадам.** | Мугалим окуучуларды ар бир топ үчүн маршруттук баракчалардын мазмуну менен тааныштырат. Ал колдоого муктаж окуучуларга биринчи станциядан баштоону сунуштайт (1-топ).<br><br>**1-топ. Маршруттук баракча**<br>**1-станция (мугалим менен иштөө аймагы)**<br>**1-тапшырма.** Мугалим окуучуларды ачкыч сөздөр менен тааныштырат: тамак-аш өнөрү, кыргыз салты, устукан, сыйлуу тамак, улуттук суусундуктар ж.б.<br>**2-тапшырма.** Мугалим окуучулар менен бирге "Кыргыздын улуттук тамак-аштары" деген текстти (1-тиркеме) окуп чыгышат жана берилген суроолорго жооп беришет.<br>1. Элибиздин кандай улуттук тамак-аштары бар экенин билдиңер?<br>2. Кайсы тамакты сый тамак дейт экенбиз? Эмне үчүн?<br>3. Үйгө келген мейманды кантип тосуп алуу эрежелерин билдиңер?<br><br>**2-станция (топтордо иштөө аймагы)**<br>**1-тапшырма. Кластер түзүү**<br>- Кыргыздын улуттук тамак-аштары кайсылар?<br>- Кыргыздын улуттук суусундуктары кайсылар?<br><br>**3-станция (өз алдынча иштөө аймагы).**<br>**1-тапшырма.** Үйгө келген конокту тосуп алуунун эрежелерин жазгыла жана түшүндүрүп бергиле.<br>**2-тапшырма.** Дасторкондо отуруунун адебин, эрежелерин жазгыла жана түшүндүрүп бергиле. |

| | |
|---|---|
| | **2-топ. Маршруттук баракча**<br>**2-станция (топтордо иштөө аймагы)**<br>**1-тапшырма.** "Кыргыздын улуттук тамак-аштары" деген текстти (1-тиркеме) окуп чыккыла.<br>**1-тапшырма.** Кластер түзгүлө.<br>- Кыргыздын улуттук тамак-аштары кайсылар?<br>- Кыргыздын улуттук суусундуктары кайсылар?<br><br>**3-станция (өз алдынча иштөө аймагы)**<br>**1-тапшырма.** Үйгө келген конокту тосуп алуунун эрежелерин жазгыла жана түшүндүрүп бергиле.<br>**2-тапшырма.** Дасторкондо отуруунун адебин, эрежелерин жазгыла жана түшүндүрүп бергиле.<br><br>**1-станция (мугалим менен иштөө аймагы).**<br>**1-тапшырма.** Мугалим окуучулар менен бирге "Кыргыздын улуттук тамак-аштары" деген текстти (1-тиркеме) окуп чыгышат жана берилген суроолорго жооп беришет.<br>1. Элибиздин кандай улуттук тамак-аштары бар экенин билдиңер?<br>2. Кайсы тамакты сый тамак дейт экенбиз? Эмне үчүн?<br>3. Үйгө келген мейманды кантип тосуп алуу эрежелерин билдиңер?<br>2-тапшырма. «Туура же туура эмес» көнүгүүсүн аткарышат (2-тиркеме).<br><br>**3-топ. Маршруттук баракча**<br>**3-станция (өз алдынча иштөө аймагы)**<br>**1-тапшырма.** Үйгө келген конокту тосуп алуунун эрежелерин жазгыла жана түшүндүрүп бергиле.<br>**2-тапшырма.** Дасторкондо отуруунун адебин, эрежелерин жазгыла жана түшүндүрүп бергиле.<br>**1-станция (мугалим менен иштөө аймагы)**<br>**1-тапшырма.** Мугалим окуучулар менен бирге "Кыргыздын улуттук тамак-аштары" деген текстти (1-тиркеме) окуп чыгышат жана берилген суроолорго жооп беришет.<br>1. Элибиздин кандай улуттук тамак-аштары бар экенин билдиңер?<br>2. Кайсы тамакты сый тамак дейт экенбиз? Эмне үчүн?<br>3. Үйгө келген мейманды кантип тосуп алуу эрежелерин билдиңер?<br><br>**2-тапшырма.** «Туура же туура эмес» көнүгүүсүн аткарышат (3-тиркеме).<br>**2-станция (топтордо иштөө аймагы)**<br>**1-тапшырма. Кластер түзүү**<br>- Кыргыздын улуттук тамак-аштары кайсылар?<br>- Кыргыздын улуттук суусундуктары кайсылар? |

| | |
|---|---|
| **5-кадам. Рефлексия** | Бардык 3 топ үч станцияда: 1-станцияда (мугалим менен иштөө аймагы), 2-станцияда (топтордо иштөө аймагы) жана 3-станцияда (өз алдынча иштөө аймагы) иштегенден кийин мугалим бүт класс менен рефлексия жүргүзөт. Мугалим окуучуларга суроолорду берет:<br><br>- Улуттук тамак-аштардын кандай түрлөрүн билдиңер?<br>- Улуттук суусундуктар кайсылар?<br>- Конокту тосуп алуунун кандай эрежелери бар экен? |
| **Жогорудагы стратегияларды колдонуу менен окууга сунушта-луучу китептер:** | - «Комуз жана кобуз» (Шүкүрбай кызы Үмүтай), Д.: 3.2<br>- «Төрт чарчы толкундар» (Кубанычбек Аркабаев), Д.: 3.2<br>- «Чөбөгө» (Кадича Шамбеталиева, Тахмина Тыныбек кызы), Д.: 4.1<br>https://bloomlibrary.org/kyrgyzstan-OkuuKeremet |

**1-тиркеме**

## КЫРГЫЗДЫН УЛУТТУК ТАМАК-АШТАРЫ

Башка элдер сыяктуу эле кыргыз элинин да муундан-муунга өтүп сакталып калган элдик оозеки чыгармалары күүлөрү, кол өнөрчүлөрүнүн эмгектери бар. Ошолордун эле катарына кыргыз элинин улуттук тамак-аштарын кошсок болот. Алар: бешбармак, казы-карта, чучук, куурдак, быжы, жөргөм, олобо, кымыз, курут, эжигей, чалап боорсок ж.б.

Кыргыз эли өзүнүн меймандостугу менен белгилүү. Келген меймандарды кучагын жая тосуп алып, төрүнө отургузуп, мал союп, дасторконун кенен жайып сыйлашат. Дасторкондун үстүнө токоч, боорсок, каттама, май, каймак, өрүк мейиздери коюлат. Анан куурдак, жөргөм, манту, эң аягында бешбармак берилет.

Кыргыздардын тамак берүү салты боюнча меймандарга бышырылган эт устукандалып берилет. Этти устукандоо адамдардын жашына, урматына жараша жүргүзүлөт.

Тарыхта кыргыздар көчмөн калк болгону белгилүү. Көчмөндүк турмушта элибиз кой, уй жылкы багышкан. Ошондуктан тамак-аштарды көбүнчө эттен жана сүт азыктарынан жасалган. Азыркы учурда деле кыргыздар тамак-аштарды көбүнчө эттен, сүт азыктарынан жана камырдан жасашат. Ар түрдүү жашылча-жемиштер, канаттуулардын эти, жумурткасы жана балык пайдаланылат. Жылкынын, койдун, уйдун жана үй канаттууларынын этинен көптөгөн тамактын түрлөрү бышырылат. Аш, той салтанаттарда көбүнчө сый тамак катары бешбармак жасалат.

Кыргыздар тойго келген конокторду күлүп-жайнап жакшы маанай менен тосуп алышат. Үйгө киргизип, төргө отургузат, дасторкон жайылат. Адатта, дасторконго ысык нан, боорсок, каттама, каймак, май, өрүк, мейиз, жаңгак коюлат. Атайын мейманга арналып кой союлат. Койдун эти бышкандан кийин кийин, адегенде, сорпосу берилет. Андан кийин эти тартип менен жиликтерге бөлүнүп, алар коноктордун жашына, аял-эркек экендигине жараша тартылат. Ошондой эле жылкынын этинен чучук, казы-карта даярдалат. Мындан сырткары көптөгөн түрдүү тамактар бышырылып, салаттар жасалат. Салаттарды жасоодо пияз, сабиз, помидор, бадыраң, сарымсак, капуста, кызылча, калемпир сыяктуу жашылчалар кеңири колдонулат.

Кыргыз тамактарынын ичинде камырдан жасалган тамак-аштар кеңири орунду ээлейт. Алардын ичинен эң көп жасалганы – боорсок. Ошондой эле каттама, тандыр нан, самса жана башкалар даярдалат. Мындай тамактар көбүнчө чай менен желет. Күн ысык убактарда көк чай ичилиши мүмкүн. Түштүк тарапта көбүнчө чайга эч нерсе кошулбай ичилсе, түндүк аймактарда чайга сүт, каймак кошуп ичишет. Чай ичүүгө дасторконго тандыр нан, боорсоктон сырткары сары май, каймак, бал, жаңгак, кургатылган өрүк, мейиз жана түрдүү таттуулар коюлат.

Кыргыздарда улуттук эң барктуу суусундук бул – кымыз. Кымыздын дарылык касиети да бар. Кургак учук оорусун ушул кымыз менен да дарылап келишкен. Ошондой эле бозо, жарма, максым сыяктуу суусундуктар да жасалат.

**2-тиркеме**

| к\ № | **Ырастоолор** | **ооба** | **жок** |
|---|---|---|---|
| 1 | Кыргыз элинин улуттук тамак-аштары: бешбармак, казы-карта, чучук, куурдак, быжы, жөргөм, олобо, кымыз, курут, эжигей, чалап боорсок ж.б. | | |
| 2 | Этти устукандоо адамдардын жашына, урматына жараша жүргүзүлбөйт. | | |
| 3 | Кыргыз эли өзүнүн меймандостугу менен белгилүү. | | |
| 4 | Кыргыз тамактарынын ичинде камырдан эң көп жасалганы – самса. | | |
| 5 | Кыргыздарда улуттук эң барктуу суусундук бул – шоро. | | |

**3-тиркеме**

| к\ № | **Ырастоолор** | **ооба** | **жок** |
|---|---|---|---|
| 1 | Башка элдер сыяктуу эле кыргыз элинин да муундан-муунга өтүп сакталып калган элдик оозеки чыгармалары күүлөрү, кол өнөрчүлөрүнүн эмгектери бар. | | |
| 2 | Кыргыздардын тамак берүү салты боюнча меймандарга бышырылган эт устукандалып берилбейт. | | |
| 3 | Көчмөндүк турмушта кой, уй жылкы багышкан, ошентсе да тамак-аштарды эттен жана сүт азыктарынан жасашпайт. | | |
| 4 | Кыргыздар тойго келген конокторду күлүп-жайнап жакшы маанай менен тосуп алышат. | | |
| 5 | Кымыздын эч кандай дарылык касиети жок. | | |

**Жалпылап айтканда, кошумча окуу материалдары окуучулардын өз алдынча окуусу үчүн пайдалуу болгонунан тышкары, бардык предметтерди окутууда кошумча маалымат, үй-бүлөөдө биргелешип окууну уюштуруунун куралы, жана ошондой эле функционалдык окурмандык сабаттуулукту өнүктүрүү үчүн кызыктуу жана маалыматка бай каражат экенин баса белгилеп кетүү керек. Башталгыч мектептин окуу программасындагы ар бир предметти окутууда педагогдор окуу жана түшүнүү көндүмдөрүн өнүктүрүү стратегияларын жана усулдарын колдонушу кошумча окуу материалдардын өнүгүү үчүн ресурс болуусуна көмөктөшөт.**

# 2.ЭЛЕКТРОНДУК БАЛДАР КИТЕПТЕРИНИН КАТАЛОГУ ЖАНА АНЫ МЕНЕН ИШТӨӨ ЖОЛДОРУ

## Электрондук балдар китептеринин каталогу деген эмне?

Электрондук балдар китептеринин каталогу “Окуу керемет!” долбоору тарабынан балдар китептерин пайдаланууга карата атайын кыска колдонмо катары түзүлдү. Каталогдо долбоор тарабынан иштелип чыккан ар бир китеп боюнча кыскача маалымат берилген: китептин аталышы, автору, тили (кыргыз, орус), тексттин тиби (көркөм, маалыматтык, көркөм-маалыматтык), классы жана деңгээли (1-класс- 1.1., 1.2., 1.3.; 2-класс - 2.1., 2.2.; 3-класс - 3.1., 3.2.; 4-класс - 4.1., 4.2.), кайсы окуу предметинин программасына дал келиши (тил, адабий окуу, математика, табият таануу, мен жана дүйнө ж.б.), тематикасы (мекен, жаратылыш, достук, инклюзия, туура тамактануу ж.б.), алардын кайсы базалык көндүмдөрдү өнүктүрүүгө (тыбыштарды кабыл алуу, алфавитти билүү, шар окуу, сөз байлыгы, окуганын түшүнүү) багытталгандыгы, кыскача аннотациясы жана китепке шилтеме берилген.

Бул QR код аркылуу Долбоордун алкагында иштелип чыккан балдар китептеринин электрондук каталогунун толук версиясы жеткиликтүү.

Таблица: Электрондук балдар китептеринин каталогунан фрагмент

| № | Аталышы | | Автору | Тили | Стили | Деңгээли | Предмет | Тема | Окуу көндүмү | Аннотация | шилтеме |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Супер каармандар | 7 | Айжылдыз Тойчиева | кыргыз | көркөм-маалыматтык | 4.1. | адабий окуу | кесип, жаныбарлар, туура тамактануу | СБ, ШО, ОТ | Чыгармада үй жаныбарларын дарылап, аларга алдын ала кам көргөн ветеринарлардын эмгеги, алардын кеп-кеңешине таасирленген бала тууралуу окуя баяндалат. | https://bloomlibrary.org/book/4vMUtDe5EA |
| 2 | Супер металл | 7 | Үмүт Айтбаева | кыргыз | көркөм-маалыматтык | 3.2. | адабий окуу, мен жана дүйно | туура тамактануу | СБ, ШО, ОТ | Чыгармада аллюминий фольгасынын жашоо-тиричиликтеги кызматы балдардын өз алдынча байкоо жүргүзүүсү аркылуу аныкталат. | https://bloomlibrary.org/book/Ihoh6mWxaP |
| 3 | Суу каймагы | 7 | Бакытбек Джунусалиев | кыргыз | көркөм-маалыматтык | 4.2. | адабий окуу, мен жана дүйно | табият менен мамилелешүү | СБ, ШО, ОТ | Чыгарманын окуясы кызыктуу ачылыштар тууралуу берүүлөрдү жактырып, интернеттен көргөндөрүн тажрыйба жүзүндө өз колу менен жасап көргүсү келген бала жана анын достору тууралуу болот. | https://bloomlibrary.org/book/ZiRABinLYS |

| | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 4 | Сый-кыр-дуу сан | 7 | Сулайман Рысбаев | кыр-гыз | көркөм-маалымат-тык | 2.2. | адабий окуу, мате-матика | эсепти билуу | СБ, ШО, ОТ | Чыгармада балдар математикалык баш катырмаларды табы-шат жана өзүлөрү да ушул сыяктуу баш катырмаларды ойлоп табуу үчүн издени-шет. | https://bloomlibrary.org/book/S8XXgbXtCO |
| 5 | Сынык отур-гуч | 7 | Роза Султан-газиева | кыр-гыз | көркөм-маалымат-тык | 4.2. | адабий окуу | оз ара мамилеле-шуу | | "Сынык отургуч" эмнеси менен кызык деп ойлойсунарбы? Анда чыгарманы окуп көргүлө | |
| 6 | Сый-кыр-дуу магнит | 7 | Бакытбек Джунуса-лиев | кыр-гыз | көркөм-маа-лыматтык | 4.2. | адабий окуу, көр-көм өнөр | фантазия, эмоция | СБ, ШО, ОТ | Чыгармада магнит, магнит талаасы туу-ралуу маалыматтар-ды үйрөнүп, андан түрдүү нерселерди жасаган чыгармачыл балдар тууралуу окуя баяндалат. | https://bloomlibrary.org/book/o88fDKfadp |

## Электрондук балдар китептеринин каталогу кимдер үчүн арналып түзүлгөн?

Каталог китепканачыларга, мугалимдерге, мектептин усулдук бирикмелеринин башчыларына балдар китептерин башталгыч класстарда түрдүү предметтерди окутууда тексттердин тематикасына, жанрына, деңгээлине жараша кошумча материал катары тандап алууга, жана, максаттуу жана натыйжалуу иш алып барууга көмөктөшүү максатында түзүлгөн.

## Электрондук балдар китептеринин каталогу менен кантип иштөөгө болот?

Кайсы предмет жана ал предметте кандай тема өтүлүп жатканына ылайык мугалим каталог аркылуу тиешелүү китепти тандай алат. Балдар адабият китептери окуу китебине кошумча пайдалуу маалымат булагы боло алат жана окуучулардын маалыматты талдоо, түрлүү маалымат бутактарынан маалымат алуу жана салыштыруу сыяктуу көндүмдөрүн өрчүтүү үчүн колдонулушу мүмкүн. Анткени балдар китептери предмет аралык темаларды жана түшүнүктөрдү камтууга, мугалимдерге ийкемдүүлүктү көрсөтүү менен сабак убактысын максаттуу пайдаланууга жана окуу программасынын мазмунун натыйжалуу аткарууга мүмкүндүк берет.

Балдар китептеринин таблицасы менен иштөөдө:

**1-ден,** кайсы класска, кайсы деңгээлде жана кайсы предметти окутуу үчүн кошумча адабият тандап жатканы мугалимдин көңүл борборунда болууга тийиш. Демек, каталогдон өзү окутуп жаткан класстын деңгээлинде белгилүү бир предметке тиешелүү китептерди табуу керек. Мисалы: 1-классты окутууда балдар китептерин колдонуу үчүн дал ушул класстык деңгээлге тиешелүү болгон китептерге көз чаптырып, керектүүсүн тандап алуу зарыл.

**2-ден,** китеп кайсы тилде жазылганына көңүл буруу зарыл (кыргыз же орус тилинде). Анткени сабакта окутуу тили кайсы тил экендигин эске алуу маанилүү.

**3-дөн,** мугалим тигил же бул предметти окутууда өтүлүүчү программалык материалдын темасына жараша таблицадагы тематикаларды жана ага ылайык китептин аталышын кароого тийиш. Бул болсо сабакта өтүлүп жаткан теманын мазмунун баланын тереңдетип өздөштүрүүсүнө, кызыктуу жана бай маалыматтарга ээ болуусуна шарт түзүүчү китептерди табууга жардам берет. Аны менен катар, тандап алган китебинин кыскача аннотациясы менен таанышуу да китепти туура тандоого багыт берерин эске алуу керек.

**4-дөн**, китептин жанрына көңүл бөлүү маанилүү. Бул окутулуп жаткан предметтин мазмунуна ылайык тандалууга тийиш. Мисалы, адабий окуу, класстан тышкаркы окуу сабактарында көркөм тексттерди, математика предмети үчүн көркөм-маалыматтык, табият таануу, мен жана дүйнө предметтери үчүн маалыматтык же көркөм маалыматтык тексттерди тандап алуу максатка ылайык келет.

**5-ден,** окуучунун кайсы базалык көндүмдөрүн, тактап айтканда, тыбыштарды кабыл алуу, алфавитти билүү, шар окуу, сөз байлыгын өстүрүү, окуганын түшүнүү көндүмдөрүн калыптандыруу максатын көздөп жатканына жараша таблицадагы графа аркылуу мугалим тиешелүү китептерди туура тандап алуусу зарыл. Мисалы, окуучунун декодирлөө көндүмүн калыптандырууга карата декоддоо үчүн даярдалган китептерди тандап алышат. Бул китептер аркылуу тамгаларды окуу, муундарды окуу, андан сөздөрдү, сүйлөмдөрдү, чакан

текcттерди окуганга машыктырууга мыкты шарттар жаралат.

**6-дан,** албетте, тигил же бул предметти окутууда кошумча материал катары тандалып алынган текстти пайдалануу үчүн таблицадан китептин шилтемесин таап, ал аркылуу ошол китептин толук мазмуну менен таанышууга мүмкүнчүлүк алат.

## КОРУТУНДУ

Долбоор сунуштаган балдар китептери  жаш окурмандын окуй алуусу, кабыл алуусу, түшүнүүсү үчүн жеткиликтүү тексттер түрүндө берилет. Бул китептер:

• максаттуу класстын деңгээлине туура келген лексиканы камтыйт, жөнөкөй тил менен жазылган;

• чоң ариптер менен басылган;

• башталгыч класстардын окуучулары үчүн кызыктуу жана түшүнүктүү сюжетти камтыйт;

• мазмунга  ылайык иллюстрациялар менен коштолгон;

• окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүнө жана окурмандык компетенттүүлүк деңгээлине дал келет, ошондуктан баланы китеп окууга кызыктырат жана анын окуу жана окуганын түшүнүү көндүмдөрүн жакшыртууга өбөлгө түзөт.

Демек, башталгыч класстардын окуучуларынын окурмандык сабаттуулугун жогорулатуу жана алардын андан ары ийгиликтүү билим алуусу үчүн сабакта жана сабактан тышкары түрдүү тематикадагы, түрдүү жанрдагы, түрдүү форматтагы балдар китептерин пайдалануу чоң мааниге ээ.

# ТИРКЕМЕЛЕР

## Кыргыз тилиндеги балдар китептерин колдонуунун болжолдуу сценарийлери

### Сценарий 1

| | |
|---|---|
| **Чыгарманын аталышы** | **«Жип»**<br>Автору: Ишеналиева Гүлжан<br>Классы: 1-класс, деңгээли: 1.1 |
| **Предмети** | адабий окуу, класстан тышкаркы окуу, мекен таануу |
| **Күтүлүүчү натыйжалар** | Окуучу<br>- буга чейинки билимдерин жана тажрыйбаларын активдештирет;<br>- суроолорго жооп берет жана өз оюн билдирет;<br>- “ж” тамгасы катышкан сөздөрдү табат, туура окуйт. |
| **Колдонулуучу стратегиялар\ ыкмалар** | “Ой жүгүртүү” көнүгүүсү, «Кластер» ыкмасы |
| **Керектелүүчү каражаттар** | электрондук https://bloomlibrary.org/kyrgyzstan-OkuuKeremet жана басмадан жарык көргөн китептер |
| **Окутууну уюштуруунун формасы** | жалпы класс менен иштөө |
| **Иштөө кадамдары** | |
| **1-кадам. Текст менен таанышканга чейин** | **“Ой жүгүртүү” көнүгүүсү**<br>*Мугалим окуучуларга суроо берет:*<br>*-Жип эмнеден жасаларын билесиңерби? Айтып көргүлөчү.*<br>*Окуучулар өз ойлорун айтышат. Андан соң, чыгарма менен тааныштырат.* |
| **2-кадам. Текстти окуу учурунда** | Чыгарманы мугалим көркөм окуп берет (1-тиркеме). |
| **3-кадам. Текст менен таанышкандан кийин** | Текстти окуп\угуп түшүнүүсүн бекемдөө максатында окуучуларга суроолор берилет:<br>1. -Жип эмнеден жасалат экен?<br>2. -Жиптен эмнелерди жасоого болот?<br>3. “Ж” тамгасы катышкан дагы кандай сөздөрдү байкадыңар? Атагыла. |
| **4-кадам.** | **«Кластер» ыкмасы.** Мугалим окуучуларга бир нече предметтик сүрөттөрдүн ичинен “Ж” тамгасы менен башталган заттарды таап, алардын аттарын аташын өтүнөт.<br>***(Жүзүм, жип, жүрөк, жаа, желек, жаңгак, жамгыр, жалбырак, жөргөмүш ж.б.*** *сүрөттөрү тартылган карточкаларды окуучулар алып, кластер тартылган ватманга чапташат).* |

| | |
|---|---|
| **Жогорудагы стратегияларды колдонуу менен окууга сунушта-луучу китептер:** | Тамгалар тууралуу жазылган бардык тексттерди өтүүдө колдонсо болот (https://bloomlibrary.org/kyrgyzstan-OkuuKeremet) |

**1-тиркеме**
**Ишеналиева Гүлжан**

**ЖИП**

**Ж**үндөн **ж**ип болот. **Ж**үн ийикке ийрилет. **Ж**ипке койдун, төөнүн **ж**үнү жарайт.
**Ж**иптен килем токулат. Кийимдер да түйүлөт.
**Ж**анар апа түрдүү **ж**иптерди ийирет.
**Ж**амал э**ж**е килем токуп, кийимдерди түйөт.

**2-тиркеме**

**«КЛАСТЕР»**



## Сценарий 2

| | |
|---|---|
| **Чыгарманын аталышы** | **«Достор»**<br>Авторлору: Хленгвие Зонди, Зимбили Дламини<br>Которгон: Арзыгүл Шеримбекова<br>Сүрөтчүсү: Кэтрин Греневальд<br>Классы: 1-класс, деңгээли: 1.2 |
| **Предмети** | адабий окуу, класстан тышкаркы окуу, мекен таануу |
| **Күтүлүүчү натыйжалар** | Окуучу<br>- китептин аталышына же иллюстрацияга карата мазмунун божомолдойт;<br>- буга чейинки билимдерин жана тажрыйбаларын активдештирет;<br>- суроолорго жооп берет жана  өз оюн билдирет. |
| **Колдонулуучу стратегиялар\ ыкмалар** | "Китеп дүйнөсүнө кош келипсиз" көнүгүүсү, «Коопсуз топ» оюну |
| **Керектелүүчү каражаттар** | электрондук https://bloomlibrary.org/kyrgyzstan-OkuuKeremet<br>жана басмадан жарык көргөн китептер |
| **Окутууну уюштуруунун формасы** | Жекече, жалпы класс менен иштөө. |
| **Иштөө кадамдары** | |
| **1-кадам. Текст менен таанышканга чейин** | **"Китеп дүйнөсүнө кош келипсиз" көнүгүүсү**<br>Мугалим окуучуларга китепти көрсөтөт. Автору менен тааныштырат. Окуучулар китепти барактап, иллюстрацияларын карап чыгууга мүмкүнчүлүк алышат. Андан соң окуучуларга суроо берет:<br>- Балдар, бул китеп эмне тууралуу болот деп ойлойсуңар?<br>Окуучулар өз божомолдорун айтышат. Андан соң, чыгарманын текстти менен тааныштырат. |
| **2-кадам. Текстти окуу учурунда** | Текстти мугалим көркөм окуп берет (1-тиркеме) |
| **3-кадам. Текст менен таанышкандан кийин** | Текстти окуп\угуп түшүнүүсүн бекемдөө максатында окуучуларга суроолор берилет:<br>1. Чыгарма эмне тууралуу экен? Силердин божомолуңарга туура келдиби?<br>2. Чыгармада Азамат канча досум бар деп айтты? Алар кимдер экен?<br>3. Алар эмнелерге кызыгышат экен?<br>4. Азаматтын достору менен мамилеси кандай экен?<br>5. Досуңдун кандай болуусун каалайт элең? Эмне үчүн? |

| | |
|---|---|
| **4-кадам. «Коопсуз топ» оюну** | **«Коопсуз топ» оюну.** Окуучулар газетадан тоголоктолуп жасалган топту пайдаланып, берилген суроого карата кезек менен өз ойлорун айтышат.<br>• Мугалим окуучуларга суроо берет да, коопсуз топту бир окуучуга ыргытат:<br>- Айжан, сен эмнеге кызыгасың?<br>• Топту кармаган окуучу өз кызыгуусун айтып, топту экинчи окуучуга ыргытат:<br>- Мен бийлегенге кызыгам. Бектур, сен эмнеге кызыгасың?<br>- Мен шахмат ойногонго кызыгам. Асел, а сен эмнеге кызыгасың?<br>Бектур кийинки окуучуга топту ыргытып, ушул эле суроону узатат. Оюн ушинтип акыркы окуучунун жообун укканга чейин улана берет. |
| **Жогорудагы стратегияларды колдонуу менен окууга сунушталуучу китептер:** | - «Бул ким?» (Кейт Сидли, которгон Т.Деркембаев) Д.: 1.2<br>- «Что это?» (Кейт Сидли), Д.: 1.2<br>- «Мени карачы!» (Панкай Чатурведи, которгон Т.Деркембаев), Д.:1.2<br>- «Посмотри на меня!» (Панкай Чатурведи), Д.:1.2<br>https://bloomlibrary.org/kyrgyzstan-OkuuKeremet |

**1-тиркеме**
**Авторлору: Хленгвие Зонди, Зимбили Дламини**

## Достор

Азамат өзүнүн достору жөнүндө айтып берет.
Силердин досторуңар барбы?
Менин атым Азамат. Менин төрт досум бар. Алар – Жапар, Лейла, Канат жана Аяна.
Жапар футболду жакшы көрөт.
Лейла сууда сүзгөндү жактырат.
Канат менен жашынмак ойнойбуз.
Аяна китеп окуганды жакшы көрөт.
Мага досторум жактыргандын баары кызыктуу.
Жапар менен менен футбол ойнойм.
Лейла менен көлмөгө түшөм.
Канат жашынат, мен издейм.
Досум, сага эмне жагат?
Кааласаң, биз менен футбол ойно.
Суудан коркпойсуңбу, анда көлмөгө чогуу түшөлү.
Же бакчада чогуу жашынмак ойнойлу.
Достор менен чогуу кызыктуу китептерди окуйлу.

## Сценарий 3

| | |
|---|---|
| **Чыгарманын аталышы** | **«Кимдин тиши кандай?»**<br>Автору: Жанель Бутелези, Тембани Дладпа, Клэр Бербик<br>Сүрөтчүсү: Роб Оуэн<br>Которгон: Талант Деркембаев<br>Классы: 1-класс, деңгээли: 1.1 |
| **Предмети** | Мекен таануу |
| **Күтүлүүчү натыйжалар** | Окуучулар:<br>- тыныш белгилерине көңүл коюп, текстти туура окушат;<br>- тексттен жаңы сөздөрдү табышат;<br>- жаңы сөздөрдү кебинде колдонушат. |
| **Колдонулуучу стратегиялар\ ыкмалар** | «Жаңырык окуу», «Сөздөрдүн дубалы» |
| **Керектелүүчү каражаттар** | Электрондук https://bloomlibrary.org/kyrgyzstan-OkuuKeremet жана басмадан жарык көргөн китептер, түстүү жана ак кагаздар, фломастерлер |
| **Окутууну уюштуруунун формасы** | Жекече, жалпы класс менен иштөө. |
| **Иштөө кадамдары** | |
| **1-кадам. Текст менен таанышканга чейин** | .Ой жүгүртүү үчүн суроо берилет.<br>• Тиш кандай кызмат аткарат?<br>Бул суроого карата окуучулар өз ойлорун айтышат (ар бир ой баалуу экендигин мугалим эскертет). |
| **2-кадам. Текстти окуу учурунда** | **«Жаңырык»** ыкмасын колдонуп, мугалим тексттин улам бир бөлүгүн окуйт, окуучулар мугалимдин артынан кайталап окушат. ***(Жаңырык*** *– бул үңкүрдө, токойдо, бош имаратта ж.б. жерлерде жаңырып кайталанган үн, добуш экендигин мугалим окуучуларга түшүндүрөт).*<br>• Текстти таркатып берет же доскада көрсөтүлгөн текст баарына жакшы, даана көрүнө тургандай кылып окуучуларды отургузат.<br>• Мугалим окуй баштайт, окуучулар мугалим окуган темпти сактоо менен анын артынан кайталап окушат. Мугалим окуучуларга байкоо жүргүзүп, окуучуларга окуганга жардам берет. Мугалим текстти фрагменттеп аягына чейин окуйт.<br>• Эгерде мугалим айрым окуучулардын жетишпей жаткандыгын байкаса, окуучулар текст менен бара-бара таанышып, өз күчүнө ишенүүлөрү үчүн окуу темпин акырындатып, көнүгүүнү бир нече ирет кайталоосу зарыл. |

| | |
|---|---|
| **3-кадам. Текст менен таанышкандан кийин** | Сөз байлыгын өстүрүү жана текстти окуп\угуп түшүнүүсүн бекемдөө максатында суроолор берилет:<br>1. Тиштер кандай болот экен? *(жооптор: курч, бекем, узун ж.б.)*<br>2. Кайсы жаныбарлардын тиштери курч болот экен? *(жооптор: крокодил, арстан, акула ж.б.)*<br>3. Канаттууларда тиштери болбосо, алар кантип азык жейт деп ойлойсуңар?<br>4. Досуңардын кашка тиштери эмне үчүн түшүп калган деп ойлосуңар? |
| **4-кадам. «Коопсуз топ» оюну** | **«Сөздөрдүн дубалы»** ыкмасы сөздөрдү шар окууга машыктыруу максатында колдонулат. («Сөздөрдүн дубалы» *ыкмасы доскага, дубалга же класстагы башка көрүнүктүү жерге жазылган сөздөрдүн топтомун илинет. «Сөздөрдүн дубалы» окуучулардын сөздөрдү эстеп калуусу үчүн көп колдонулуучу сөздөрдү дайыма көз алдында кармап туруу максатында түзүлөт.*<br>*Бул ыкманы бардык предметтерди окутууда колдонсо болот).*<br>• Дубалдагы сөздөр ар бир окуучу аларды көрө ала тургандай жайгаштырылат. Алар бири-биринен жеңил айырмалоо үчүн түрдүү түстөрдө, чоң тамгалар менен жазылат *(Боёктор, калемдер, фломастерлер, пластилин, түстүү кагаздар, кездемелер колдонулат. Желим менен чаптап, алардан апликация жасалат).*<br>• Мугалим менен окуучулар сөздөрдү дубалын түзүүнүн үстүндө чогуу иштешет: алар “дубалга” кайсы сөздөр жазуу керектигин аныкташат *(Балдар окууда жана жазууда көп колдонгон сөздөрдү, сабактын мазмунуна жана максатына ылайык сөздөрдү кошуп туруу маанилүү).*<br>• Сөздөрдү ырдоо же окууну алакан чабуу менен коштошсо болот *(“Дубалдагы сөздөрдү” көчүрүп жазуу, сүрөт тартуу сыяктуу көнүгүүлөрдү колдонуу да натыйжалуу болот).*<br>Акырындык менен жумасына болжол менен 4-5 сөздөн кошулушу\жаңыланышы зарыл. |
| **Жогорудагы стратегияларды колдонуу менен окууга сунушталуучу китептер:** | - «Разные девочки – милые девочки» (Камла Бхасин, Д.: 3.1)<br>- «Түркүн кыздар – сүйкүм кыздар» (Камла Бхасин, Д.: 3.1).<br>https://bloomlibrary.org/kyrgyzstan-OkuuKeremet |

**1-тиркеме**
***Жанель Бутелези,***
***Тембани Дладпа,***
***Клэр Censored***

## КИМДИН ТИШИ КАНДАЙ?

Крокодилдин тиштери курч. Ал – жырткыч.
Арстандын тиштери да курч. Ал да жырткыч.
Акуланын тиштери өтө курч. Ал да жырткыч.
Уйдун азуулары бекем. Ал чөптү майдалап жейт.
Канаттуунун тиши жок болот. Ал азыгын кантип жейт?
Келемиштин алдыңкы тиштери узун болот.
Менин да кашка тиштерим бар болчу. Бирок ал тиштерим түшүп калды.

**2-тиркеме**

**«Сөздөрдүн дубалы» ыкмасы**

| | |
|---|---|
| **крокодил** | **тиштер** |
| **жырткыч** | **курч** |
| **арстан** | **акула** |
| **азуу тиштер** | **канаттуу** |
| **келемиш** | **кашка тиштер** |

## Сценарий 4

| | |
|---|---|
| **Чыгарманын аталышы** | **«Айзирек жана Көбүк»**<br>Автору: Сорит Гупто<br>Сүрөтчүсү: Сорит Гупто<br>Которгон: Нурия Умерова<br>**Классы: 1-класс, деңгээли: 1.3** |
| **Предмети** | Адабий окуу, класстан тышкаркы окуу, Мен жана дүйнө. |
| **Күтүлүүчү натыйжалар** | Окуучулар:<br>- сүрөттү жөнөкөй сүйлөмдөрдүн жардамы менен баяндап беришет;<br>- түйүндүү сөздөрдү аташат, алардын маанилерин чечмелешет;<br>- текстти туура, шар, кыраатты менен окушат;<br>- суроолорго жооп беришет;<br>- чыгарма боюнча чакан жазуу жумушун аткарышат. |
| **Колдонулуучу стратегиялар\ ыкмалар** | «Сүрөттү баянда», «Чынжыр түрүндө окуу» стратегиялары, «Кол» (беш манжа) формасы. |
| **Керектелүүчү каражаттар** | электрондук https://bloomlibrary.org/kyrgyzstan-OkuuKeremet жана басмадан жарык көргөн китептер, «Кол» формасы, чыгарманын бир окуясын чагылдырган кырдаалдык сүрөт |
| **Окутууну уюштуруунун формасы** | Түгөйлөр менен иштөө, жалпы класс менен иштөө. |
| **Иштөө кадамдары** | |
| **1-кадам. Текст менен таанышканга чейин** | **«Сүрөттү баянда» ыкмасы.**<br>• Мугалим сабакта талкуулоо үчүн түйүндүү сөздү же китеп иллюстрациясын сунуштайт. Мугалим окуучулардан түйүндүү сөздү же сүрөттү жөнөкөй сүйлөмдөрдүн жардамы менен баяндап берүүсүн өтүнөт.<br>• Окуучулар өз ойлорун айтышат. |
| **2-кадам. Текстти окуу учурунда** | **«Чынжыр түрүндө окуу»** ыкмасын колдонуп, окуучулар тексттеги сүйлөмдөрдү бирден окушат.<br>• Текстти таркатып берет же доскадан текст баарына даана көрүнө тургандай кылып окуучуларды отургузат.<br>• Ар бир окуучу бирден сүйлөмдү туура, шар, кыраатты менен окушат.<br>• Мугалим окуучуларга байкоо жүргүзүп, алардын туура окуусуна жардам берет. |
| **3-кадам. Текст менен таанышкандан кийин** | Текстти окуп\угуп түшүнүүсүн бекемдөө максатында суроолор берилет:<br>1. Айзирек эмнелерге кызыгат экен?<br>2. Эмне үчүн Айзирекке апасы колун самындап жуусун өтүндү?<br>3. Эмне үчүн Айзирек курган сепилди вирустар курчап алды?<br>4. Вирустарды эмнелер жок кыла алат экен?<br>5. Силер колуңарды качан самындап жууйсуңар? |

| | |
|---|---|
| **4-кадам. «Коопсуз топ» оюну** | Тексттен алган маалыматтарын бекемдөө максатында **«Кол» (беш манжа)** формасын толтурушат:<br>1. Ар бир жупка бирден «Кол» формасы таркатылып берилет.<br>2. Түгөйлөр берилген форманы толтурушат:<br>• **алаканга** чыгарманын аталышын, авторун жазышат *(«Айзирек менен Көбүк», Сорит Гупто);*<br>• **манжаларга:**<br>- чыгармадагы каармандар *(Айзирек, көбүк, апасы, самын);*<br>- окуя болгон жер *(үйдө, суу жээгинде);*<br>- чыгармада келип чыккан көйгөй *(Айзирек колун самындап жуугусу келбейт);*<br>- көйгөйдүн чечилиши *(вирустардан кутулууга самындын көбүктөрү жардам берет);*<br>- окуядан алынган сабак *(самын менен дос болуп, таза жүрүү керек).* |
| **Жогорудагы стратегияларды колдонуу менен окууга сунушталуучу китептер:** | - «Бактылуу балык Плэк-Плок» (Нгуон Сакал, которгон Т.Деркембаев) Д.: 3.1<br>- «Счастливая рыбка Плэк-Плок» (Нгуон Сакал), Д.: 3.1<br>- «Акылдуу кыз – Зама» (Нина, котрогон Т.Деркембаев), Д.:1.3<br>- «Зама умница» (Нина), Д.:1.3<br>https://bloomlibrary.org/kyrgyzstan-OkuuKeremet |

**1-тиркеме**
**Сорит Гупто**

## АЙЗИРЕК МЕНЕН КӨБҮК

Айзирек көпөлөктөр менен ойногонду жакшы көрөт. Ал куштар менен кубалашып ойнойт. Кагаз кайык жасап ойногонду да жактырат. Ал кумдан сепил жасайт. Айзирек үйгө келгенде апасы “жуун, тазалан” деп суранат. Бирок ал такыр жуунгусу келбейт.

– Мен самынды жек көрөм, – деп кыйкырат ал.

Бир түнү ал түш көрөт. Түшүндө микробдор анын кум сепилин курчап алып, кол салууга камынышат. Микробдор анын артынан кубалашат.

– Жардамга, жардамга! – деп Айзирек кыйкырат.

Күтүүсүздөн самындар падышасы Көбүк пайда болуп:

– Айзирек, коркпо! – дейт.

– Микробдорду жоготкула! – деп Көбүк жоокерлерине буйрук берет.

Анын көбүк жоокерлери микробдорду алыска кууп салышат.

Азыр Айзирек самын менен достошуп алды. Күнүгө жуунат, тазаланат. Ал тургай тишин да тазалайт.

**2-тиркеме**
**«Сүрөттү баянда» ыкмасы**

**Чыгармадагы негизги ойду камтыган сүрөт коюлат.**

**3-тиркеме**

**“КОЛ” (БЕШ МАНЖА) формасы**



**«Кол» (беш манжа)** формасын төмөндөгүдөй толтурулат:

1. Ар бир жупка бирден «Кол» формасы таркатылып берилет.

2. Түгөйлөр берилген форманы толтурушат:

• **алаканга** чыгарманын аталышын, авторун жазышат *(«Айзирек менен Көбүк», Сорит Гупто);*

• **манжаларга:**

- чыгармадагы каармандар *(Айзирек, көбүк, апасы, самын);*
- окуя болгон жер *(үйдө, суу жээгинде);*
- чыгармада келип чыккан көйгөй *(Айзирек колун самындап жуугусу келбейт);*
- көйгөйдүн чечилиши *(вирустардан кутулууга самындын көбүктөрү жардам берет);*
- окуядан алынган сабак *(самын менен дос болуп, таза жүрүү керек).*

## Сценарий 5

| | |
|---|---|
| **Чыгарманын аталышы** | **«Айбек абдан күлкүчү?»**<br>Автору: Айнагүл Базарбаева<br>Иллюстратору: Светлана Насынбатова<br>Классы: 2-класс, деңгээли: 2.2 |
| **Предмети** | адабий окуу, класстан тышкары окуу |
| **Күтүлүүчү натыйжалар** | Окуучулар:<br>- чыгарманы шар, көрктүү окууга машыгышат;<br>- уккан тексттин түшүнгөнүн демонстрациялашат. |
| **Колдонулуучу стратегиялар\ ыкмалар** | «Сөздөрдү ажырат», «Сөздөрдү толуктайбыз» көнүгүүлөрү |
| **Керектелүүчү каражаттар** | электрондук https://bloomlibrary.org/kyrgyzstan-OkuuKeremet жана басмадан жарык көргөн китептер, аудиокитептер, тиркемелер |
| **Окутууну уюштуруунун формасы** | кичи топтордо, жалпы класс менен иштөө |
| **Иштөө кадамдары** | |
| **1-кадам. Текстти укканга чейин** | Чыгарманы укканга чейин мугалим окуучуларга китептин мукабасын көрсөтүп, суроолор менен кайрылат:<br>• Чыгарма кандай аталат экен?<br>• Чыгарма эмне тууралуу болот деп ойлойсуңар? |
| **2-кадам. Текстти угуу** | Чыгарманы мугалим, окуучулар кезектешип окушат (1-тиркеме). |
| **3-кадам. Текстти уккандан кийин** | Окуучулардын тексттин мазмуну боюнча алган түшүнүктөрүн бекемдөө үчүн бир нече тапшырмалар берилет.<br>Текстти уккандан кийин бир нече көнүгүүлөрдү аткарышат.<br><br>**1-тапшырма: «Сөздөрдү ажырат»** көнүгүүсүн аткарышат (жекече, жуптарда иштесе болот) (2-тиркеме).<br>**Эскертүү:** *Мында мугалим тексттин көчүрмөлөрүн таратып бергенден кийин, окуучулардан андагы сөздөрдү ажыратып, текстти туура, так окуп берүүсүн өтүнөт.*<br><br>**Максаты:** тапшырма аркылуу окуучулардын тексттеги сөздөрдү ажыратып, туура, так, көркөм окуу көндүмдөрүн жакшыртууга мүмкүнчүлүк түзүлөт. |
| **1-кадам. Топтун иш-аракети:** | Ар бир окуучу ырда бири-бирине жабышып калган сөздөрдүн чегин туура ажыратышат. |

| | |
|---|---|
| **2-кадам:** | Тапшырманы аткарып бүткөндөн кийин, аны экрандан көрсөтүлгөн текст менен салыштырышат.<br><br>**2-тапшырма. «Сөздөрдү толукта»** көнүгүүсүнө ылайык окуучулар жекече, жуптарда же кичи топтордо иштешет (3-тиркеме).<br><br>**Максаты:** окуучулардын чыгарманын мазмунун билүүсүн текшерүү менен бирге, эсте тутуусун бекемдейт.<br>Мугалим ыр жазылган баракты окуучуларга таркатып берет же экрандан көрсөтөт жана тапшырманын шартын түшүндүрөт .<br>***Эскертүү:*** Мугалим сөзсүз убакытты чектеши керек. |
| **1-кадам: Топтун иш-аракети:** | Ар бир топтун мүчөлөрү ырда калтырылып кеткен сөздөрдү көп чекиттин ордуна туура коюп жазып чыгышат же оозеки айтып беришет. |
| **2-кадам:** | Тапшырманы аткарып бүткөндөн кийин, аны экрандан көрсөтүлгөн текст менен салыштырышат. |
| **3-кадам:** | Чыгарманын текстин кезек менен окуп беришет. |
| **Жогорудагы стратегияларды колдонуу менен окууга сунушталуучу китептер:** | - «Бул кай мезгил?» (Кыш) (автору: Б.Абдухамидова), Д.: 1.3<br>- «Бул кай мезгил?» (Жаз) (автору: Б.Абдухамидова), Д.: 1.3<br>- «Бул кай мезгил?» (Жай) (автору: Б.Абдухамидова), Д.: 1.3<br>- «Бул кай мезгил?» (Күз) (автору: Б.Абдухамидова), Д.: 1.3<br>https://bloomlibrary.org/kyrgyzstan-OkuuKeremet |

**1-тиркеме**
**Автору: Айнагүл Базарбаева**

## АЙБЕК АБДАН КҮЛКҮЧҮ

Айбек абдан күлкүчү,
Шайыр жүрөт күндүзү.
Уктаса да кээде ал,
Кыт-кыт чыгат күлкүсү.
Ха-ха-ха! Хи-хи-хи!

Бүгүн Айбек күчүгүн,
Күлдүрүүнү ойлоду.
Ары-бери тынч албай,
Кечке чуркап ойноду.

– Ав, ав, – деп аны тууpaса,
– Ав-вав, – этип тап берди.
– Азыр сенден жашынам,
Издеп мени тап, – деди.
Ха-ха-ха! Хи-хи-хи!

Күлдүрүүнү ойлоду,
Эми Айбек торпогун.
– Өө-өө! – десе шоктонуп,
– Мөө-мөө! – деди торпогу.

Торпок тишин көрсөтүп,
Жылмайгандай карады.
Кечке күлүп Айбектин,
Ойноп чери тарады.
Ха-ха-ха! Хи-хи-хи!

Айбек күлдү каткырып,
Көрүп калып мышыгын.
Бетин жууп жатыптыр,
Самыны жок жышынып.

– Эх-э-эй, таргыл мышыгым,
Жуунуп кайда барасың?
Келтирбечи күлкүмдү,
Бүгүн тойдон каласың!
Ха-ха-ха! Хи-хи-хи!

Жайып кырга койлорун,
Анда көрдү көп кызык.
Карай калса асманды,
Келе жатат төө жылып.

Төө деп турса, чөө экен,
Күлүп Айбек: – Өө! –деди.
Мына кызык, асманда,
Ак торпогу: – Мөө! –деди.
Ха-ха-ха! Хи-хи-хи!

Футбол ойноп коңуздар,
– Ыз-ыз-ыз-ыз! – жүгүрөт.
Топтой кылып тезекти,
Тоголотуп жүрүшөт.
Ха-ха-ха! Хи-хи-хи!

Чөп аралап жай жылып,
Бара жатат ташбака.
Аны менен жарышып,

Айбек ашты заматта.
Ха-ха-ха! Хи-хи-хи!

Досторун да күлдүрүп,
Ынак жүрөт ар күнү.
Таң калам мен Айбекке,
Кайдан табат күлкүнү?
Ха-ха-ха! Хи-хи-хи!

**2-тиркеме**

**«СӨЗДӨРДҮ АЖЫРАТ»**
**көнүгүүсү**

Айбекабданкүлкүчү,
Шайыржүрөткүндүзү.
Уктасадакээдеал,
Кыт-кытчыгаткүлкүсү.
Ха-ха-ха! Хи-хи-хи!

БүгүнАйбеккүчүгүн,
Күлдүрүүнүойлоду.
Ары-беритынчалбай,
Кечкечуркапойноду.

– Авав, – депаныттуураса,
– Аввав, – этиптапберди.
– Азырсенденжашынам,
Издепменитап, – деди.
Ха-ха-ха! Хи-хи-хи!

Күлдүрүүнүойлоду,
ЭмиАйбекторпогун.
– Өө-өө! – десешоктонуп,
– Мөө-мөө! – дедиторпогу.

Торпоктишинкөрсөтүп,
Жылмайгандайкарады.
КечкекүлүпАйбектин,
Ойнопчеритарады.
Ха-ха-ха! Хи-хи-хи!

Айбеккүлдүкаткырып,
Көрүпкалыпмышыгын.
Бетинжуупжатыптыр,
Самынымжок жышынып.

– Эх-э-эй, таргылмышыгым,
Жуунупкайдабарасың?
Келтирбечикүлкүмдү,
Бүгүнтойдонкаласың!
Ха-ха-ха! Хи-хи-хи!

Жайыпкыргакойлорун,
Андакөрдүкөпкызык.
Карайкалсаасманды,
Кележататтөөжылып.

Төөдептурсачөөэкен,
КүлүпАйбек: – Өө! –деди.
Мынакызыкасманда,
Акторпогу: – Мөө! –деди.
Ха-ха-ха! Хи-хи-хи!

Футболойнопкоңуздар,
– Ыз-ыз-ыз-ыз! – жүгүрөт.
Топтойкылыптезекти,
Тоголотупжүрүшөт.
Ха-ха-ха! Хи-хи-хи!

Чөпаралапжайжылып,
Баражататташбака.
Анымененжарышып,
Айбекаштызаматта.
Ха-ха-ха! Хи-хи-хи!

Досторундакүлдүрүп,
Ынакжүрөтаркүнү.
ТаңкаламменАйбекке,
Кайдантабаткүлкүнү?
Ха-ха-ха! Хи-хи-хи!

**3-тиркеме**

## “СӨЗДӨРДҮ ТОЛУКТАЙБЫЗ”
**көнүгүүсү**

**1-бөлүк**

Айбек абдан күлкүчү,
............. жүрөт күндүзү.
Уктаса да кээде ал,
Кыт-кыт чыгат ...........
Ха-ха-ха! Хи-хи-хи!

Бүгүн Айбек ..........,
Күлдүрүүнү ойлоду.
Ары-бери тынч албай,
Кечке чуркап ойноду.

– Ав, ав, – деп аны тууpаса,
– Ав-вав, – этип тап берди.
– Азыр сенден жашынам,
Издеп мени.., – деди.
Ха-ха-ха! Хи-хи-хи!

Күлдүрүүнү ойлоду,
Эми Айбек торпогун.
– Өө-өө! – десе шоктонуп,
– Мөө-мөө! – деди ……….

Торпок тишин көрсөтүп,
Жылмайгандай ………..
Кечке күлүп Айбектин,
Ойноп …….. тарады.
Ха-ха-ха! Хи-хи-хи!

(**Колдонулуучу сөздөр:** шайыр, күлкүсү, күчүгүн, тап, торпогу, карады, чери)

**2-бөлүк**

Айбек күлдү каткырып,
Көрүп калып ………...
Бетин жууп жатыптыр,
Самыны жок жышынып.

– Эх-э-эй, ……. мышыгым,
Жуунуп кайда барасың?
Келтирбечи күлкүмдү,
Бүгүн тойдон каласың!
Ха-ха-ха! Хи-хи-хи!

Жайып кырга ………….,
Анда көрдү көп кызык.
Карай калса ………….,
Келе жатат төө жылып.

….. деп турса, ….. экен,
Күлүп Айбек: – Өө! –деди.
Мына кызык, асманда,
Ак торпогу: – Мөө! –деди.
Ха-ха-ха! Хи-хи-хи!

(**Колдонулуучу сөздөр:** мышыгын, таргыл, койлорун, асманды, төө, чөө)

**3-бөлүк**

Футбол ойноп коңуздар,
– Ыз-ыз-ыз-ыз! – жүгүрөт.
Топтой кылып ............,
Тоголотуп жүрүшөт.
Ха-ха-ха! Хи-хи-хи!

Чөп аралап жай жылып,
Бара жатат таш бака.
Аны менен жарышып,
Айбек ашты ………..
Ха-ха-ха! Хи-хи-хи!

Досторун да күлдүрүп,
…….. жүрөт ар күнү.
Таң калам мен Айбекке,
Кайдан табат күлкүнү?
Ха-ха-ха! Хи-хи-хи!

(**Колдонулуучу сөздөр:** тезекти, таш бака, заматта, ынак)

## Сценарий 6

| | |
|---|---|
| **Чыгарманын аталышы** | **«Бал»**<br>Автору: Миргүл Нaралиева<br>Иллюстратору: Айжамал Бейшембек кызы<br>Классы: 2-класс, деңгээли: 2.1 |
| **Предмети** | Адабий окуу, Мен жана дүйнө, класстан тышкаркы окуу |
| **Күтүлүүчү натыйжалар** | Окуучулар:<br>- чыгарманы мазмунуна карата берилген ойлорду ырасташат же жокко чыгарышат;<br>- тексттен маалыматтарды алышат;<br>- өзүнүн тажырыйбасын, аарылар тууралуу билгендерин салыштырышат. |
| **Стратегиялар\ ыкмалар** | «Билем, билгим келет, билдим», «Ар кандай денгээлдеги тапшырмалар» стратегиялары |
| **Керектелүүчү каражаттар** | Электрондук https://bloomlibrary.org/kyrgyzstan-OkuuKeremet жана басмадан жарык көргөн китептер, суроолор, тапшырмалар жазылган (ватмандар) |
| **Окутууну уюштуруунун формасы** | Жуптарда, кичи топтордо, жалпы класс менен иштөө |
| **Иштөө кадамдары** | |
| **1-кадам. Текст менен таанышканга чейин** | «Мээ чабуулу» ыкмасы колдонулат.<br>• **Аарылар жөнүндө эмнелерди билесиңер?**<br>Мугалим окуучулардын оюн ББКБ таблицасына жазып турат |
| **2-кадам.** | Мугалим окуучулардын аарылар жөнүндө билгиси келген (кызыктырган) суроолорун жазып алат. |
| **3-кадам.** | Окуучулар текст менен таанышышат (1-тиркеме). Текстти мугалим окуйт, андан кийин окуучулар чынжырча түрүндө окушат. |
| **4-кадам. Текст менен таанышкандан кийин** | Окуучулардын тексттин мазмуну боюнча алган түшүнүктөрүн бекемдөө үчүн төмөнкү ар түрдүү деңгээлдеги тапшырмаларды аткаруу сунушталат. Мугалим окуучуларды топторго бөлүп алып, берилген суроолорго жооп берүүсүн суранат.<br>1. Аарынын түрлөрү<br>2. Балдын пайдасы жана зыяны<br>3. Аарыны сактап калуу үчүн эмне кылуу керек?<br>4. Аарынын уюгунун макетин жасашат, эмне үчүн аарынын үйү 6 бурчтуу? (Аарынын уюгун кагаздан, картондон жасашат, керектүү маалыматты интернеттен издешет).<br>**Топтор жумуштарын презентациялашат.**<br>4. ББКБ таблица боюнча балдар кандай маалыматты билишти жана эмнени билгиси келери салыштырылат.<br>**Эскертүү: Таблицадагы 4-бөлүк үй тапшырма катары берилет** (2-тиркеме). |

| **Жогорудагы стратегияларды колдонуу менен окууга сунушта-луучу китептер:** | - «Медоносные пчёлы», перевод и адаптация: Мира Кокоева (уровень 2.2) https://bloomlibrary.org/kyrgyzstan-OkuuKeremet |
|---|---|

**1-тиркеме**

## БАЛ

Бал кайдан келерин билесиңерби? Балды жумушчу аарылар чогултат. Кантип дейсиңерби? Аарылар түрлүү гүлдөргө конушат. Алыс жактарга учушат. Гүлдүү талааларга учуп барышат. Гүлдүн ширесин соруп, жемсөөсүнө чогултуп, аны уюктарга куят.

Уюк – аарынын үйү. Момдон бардык көзөнөктөрүн бирдей кылып аарылар өздөрү жасашат. Уюк алты бурчтуу болот. Аарылар – табигый инженерлер.

Бал челектеги көп аарынын арасында эне аары жашайт. Ар бир жумушчу аарынын жумушу өзүнө бөлүнгөн. Бал чогулткан аарылар, уюктун ичин тазалаган жана күзөтчү аарылар бар. Баары тартиптүү болушат.

Бал абдан пайдалуу. Иммунитетти бекемдейт. Көп оорудан айыктырат. Күчтүү болууга жардам берет.

Достор, бал жеген кандай сонун!

Бал өтө эле таттуу. Ал тиштин эмалын бузушу мүмкүн. Ошондуктан ашыкча жегенге да болбойт. Бал – күчтүү азык. 6 жаштан өйдө балдар күнүнө 3-4 кашык бал жесе болот. Балды ысык сууга салбаш керек – ысыкта сапатын жоготот. 18 кашык кум шекердеги кубаттуулук 1 кашык балда бар.

Аары бир ай гана жашайт. Өмүрүндө бармактай эле бал чогултат.

Достор, пайдалуу бал бергени үчүн эмгекчил аарыларга алкыш айталы!

**2-тиркеме**

### «Билем, билгим келет, билдим» стратегиясы

| Билем | Билгим келет | Билдим | Дагы билишим керек |
|---|---|---|---|
| 1. Аары бал чогултат.<br><br>2.<br>3. | 1. Аарылар гүлдүн ширелерин кантип балга айлантат?<br>2.<br>3. | 1. Балдын пайдалуу жана зыяндуу жактары бар экен.<br>2.<br>3. | 1. Аарылардын жашоосу тууралуу<br><br>2.<br>3. |

## Сценарий 7

| | |
|---|---|
| **Чыгарманын аталышы** | **«Жансыз жана жандуу»**<br>Автору: Асылгүл Токторбаева<br>Иллюстратору: Нурланбек Токтали уулу<br>**Классы: 2-класс, деңгээли: 2.1 -2.2** |
| **Предмети** | адабий окуу, мекен таануу, класстан тышкаркы окуу, ОЭЛ |
| **Күтүлүүчү натыйжалар** | Окуучулар:<br>- жандуу жана жансыз заттарды айырмалай алышат;<br>- жандуу жана жансыз заттардын белгилерин айта алышат. |
| **Стратегиялар\ ыкмалар** | «Божомолдоо», «Тыным менен окуу», «Ооба же жок» |
| **Керектелүүчү каражаттар** | Электрондук https://bloomlibrary.org/kyrgyzstan-OkuuKeremet жана басмадан жарык көргөн китептер, суроолор, тапшырмалар жазылган карточкалар (ватмандар) |
| **Окутууну уюштуруунун формасы** | жуптарда, кичи топтордо, жалпы класс менен иштөө |
| **Иштөө кадамдары** | |
| **1-кадам. Текст менен таанышканга чейин** | «Божомолдоо» ыкмасы колдонулат.<br>**• Сүрөттөн эмнени көрүп турасынар? Окуя эмне жөнүндө болот деп ойлойсуңар?** |
| **2-кадам. Текстти окуу учурунда** | : Мугалим тыным менен текстти окуйт.<br>Кичинекей таш бака сабакка бара жатты. Жолдо жаткан чоң ташты байкаган жок. Ага урунуп алды. Чекеси томпоюп чыкты. Бул го эч нерсе эмес. Эми ташты кантип айланып өтөт? Өтө эле чоң таш экен. Мурда жок эле. Тиги тоодон кулап түшкөн окшойт.<br>– Таш байке, качып коюңузчу. Сабакка кечигип жатам, – деди чыйылдап.<br><br>***1-тыным***<br>***Суроо: Балдар таш жылды деп ойлойсуңарбы?***<br><br>Таштан жооп жок. Түртүп көрдү. Козголбойт. Эми эмне кылат? Ушундай да таш боор болобу? Түшүнүп койсо боло! Ыйлап жиберди. Бакта конуп отурган Үкү баарын көрдү. Акыры үн катты:<br>– Ал баары бир сени укпайт. Убара болбо. Айланып өт. Бирок абайла, сайга түшүп кетпе.<br>Чын эле, ичке жолду таш ээлеп жаткан. Жолдун бир тарабы тоо, бир тарабы сай.<br>– Эмнеге  укпайт? Кичине эле жылып жол берип койсо болмок да. Уйкусу да катуу окшойт.<br>Анын ордунда болсом мен дароо эле жол бошотмокмун.<br>– Туура, сен ошентмексиң.<br>– А эмнеге таш байке антпейт? |

| | |
|---|---|
| | ***2-тыным***<br>***Суроо: Эмне үчүн Таш байке жылбайт деп ойлойсуңар?***<br><br>– Таш байкең жансыз да. Ал эми сен жандуусуң.<br>– Түшүнгөн жокмун. Мен кичинекей болуп алып жандуу болсом, таш байке чоң болуп туруп жансыз болуп калабы?<br>– Кеп чоң же кичине болууда эмес да.<br>– Анан эмнеде?<br><br>***3-тыным***<br>***Суроо: Силер кандай ойлойсунар? Ташбака кичинекей болуп алып жандуу, ал эми таш байке чоң болуп туруп жансыз?***<br><br>– Заттардын бардыгы жандуу жана жансыз болуп экиге бөлүнөт. Эстеп кал, жандуу зат жана жансыз зат.<br>– Эстеп калдым. Бирок кайсы жандуу, кайсы жансыз экенин кантип билем?<br>– Эң туура суроо! Жандуу заттар дем алат, тамактанат, сезет. Алар көбөйөт, өсөт, чоңоёт, кыймылдайт. Ал тургай кубанат, кайгырат. Жансыз заттар тамак жебейт. Эч нерсе сезбейт, чоңойбойт, кыймылдай албайт. Кубанбайт, күлбөйт, кайгырбайт. Эч кандай сезимдери болбойт. Түшүндүңбү?<br>– А-ай, эмне эле таш байке мени укпайт же жылып койбойт, үн катпай жатат десе! Ал жансыз зат тура. А мен болсо, басам, сүйлөйм, чоңоём, анан ыйлайм. Демек, мен жандуу затмын!<br>– Азаматсың!<br>– Ур-ра-аа! Үйрөндүм! Эми, мен жансыз жана жандуу зат тууралуу билем. Досторума да үйрөтөм!<br>Силерчи, балдар? Жандуу зат менен жансыз затты айырмалай аласыңарбы? Келгиле, аракет кылып көрөбүз.<br>Дем алабы? Кыймылдайбы? Сезимдери барбы? Тамактанабы? Өсүп-чоңоёбу?<br>Эгер ушул суроолорго “ооба” деп жооп берсек, анда ал зат жандуу. Эгерде “жок” деп жооп берсек, анда ал зат жансыз.<br>Кеттик анда! |
| **3-кадам. Текст менен таанышкандан кийин** | **Окуучулардын тексттин мазмуну боюнча алган түшүнүктөрүн бекемдөө үчүн төмөнкү тапшырмаларды аткаруу сунушталат:**<br>**1-тапшырма.** Тексттен жана сүрөттөн жандуу жана жансыз заттардын тизмелегиле.<br>**2-тапшырма.** Бөлмөнүн ичиндеги жандуу жана жансыз заттардын тизмелеп толукташат.<br>**3-тапшырма.** Жандуу жана жансыз заттардын белгилерин түшүндүрүп бергиле.<br>**Эскертүү:** Окуучулардын санына жараша топторго бөлүп алса болот. Кичи топтордо тапшырманы аткарышат жана жалпы класс алдында презентациялашат. |

| **Жогорудагы стратегияларды колдонуу менен окууга сунушталуучу китептер:** | - «Кит» (Элизабет Ким, кыргызча которгон Талгат Деркембаев) Д.: 2.1,<br>- «Жандуу жаратылыш» (Ысмайыл Кадыров) Д.: 2.1,<br>https://bloomlibrary.org/kyrgyzstan-OkuuKeremet |
|---|---|

**1-тиркеме**
**Автору: Асылгүл Токторбаева**

**Жансыз жана жандуу**

Кичинекей таш бака сабакка бара жатты. Жолдо жаткан чоң ташты байкаган жок. Ага урунуп алды. Чекеси томпоюп чыкты.

Бул го эч нерсе эмес. Эми ташты кантип айланып өтөт? Өтө эле чоң таш экен. Мурда жок эле. Тиги тоодон кулап түшкөн окшойт.

– Таш байке, качып коюңузчу. Сабакка кечигип жатам, – деди чыйылдап.

Таш жооп берген жок. Түртүп көрдү. Козголбойт. Эми эмне кылат? Ушундай да таш боор болобу? Түшүнүп койсо боло! Ыйлагысы келди.

Бакта конуп отурган Үкү баарын көрдү. Акыры үн катты:

– Ал баары бир сени укпайт. Убара болбо. Айланып өт. Бирок абайла, сайга түшүп кетпе.

Чын эле, тар жолду таш ээлеп жатат. Жолдун бир тарабы тоо, бир тарабы сай.

– Эмнеге укпайт? Кичине эле жылып, жол берип койсо болмок да. Уйкусу да катуу окшойт. Анын ордунда болсом, мен дароо эле жол бошотмокмун.

– Туура, сен ошентмексиң. – А эмнеге таш байке антпейт?

– Таш байкең жансыз да. Ал эми сен жандуусуң.

– Түшүнгөн жокмун. Мен кичинекеймин го, таш байке чоң эле болуп туруп жансызбы?

– Кеп чоң же кичине болууда эмес да.

– Анан эмнеде?

– Заттардын бардыгы жандуу жана жансыз болуп экиге бөлүнөт. Эстеп кал: жандуу зат жана жансыз зат.

– Эстеп калдым. Бирок кайсы жандуу, кайсы жансыз экенин кантип билем?

– Эң туура суроо! Жандуу заттар дем алат, тамактанат, сезет. Алар көбөйөт, өсөт, чоңоёт, кыймылдайт. Ал тургай кубанат, кайгырат.

Жансыз заттар тамак жебейт. Эч нерсе сезбейт, чоңойбойт, кыймылдай албайт. Кубанбайт, күлбөйт, кайгырбайт. Эч кандай сезимдери болбойт. Түшүндүңбү?

– А-а, эмне эле таш байке мени укпайт же жылып койбойт, үн катпай жатат десе! Ал жансыз зат тура. А мен басам, сүйлөйм, чоңоём, анан ыйлайм, күлөм. Демек, мен жандуу затмын!

– Азаматсың!

– Ура-а! Үйрөндүм! Эми, мен жансыз жана жандуу заттарды билем. Досторума да үйрөтөм!

Силерчи, балдар? Жандуу зат менен жансыз затты айырмалай аласыңарбы? Келгиле, аракет кылып көрөбүз.

Дем алабы? Кыймылдайбы? Сезимдери барбы? Тамактанабы? Өсүп-чоңоёбу?

Эгер ушул суроолорго “ооба” деп жооп берсек, анда ал зат жандуу. Эгерде “жок” деп жооп берсек, анда ал зат жансыз. Кеттик анда!

**2-тиркеме**

## «Ооба же жок» ыкмасы

| 1. Жандуу заттар | Ооба | Жок |
|---|---|---|
| Кыймылдайбы? | | |
| Дем алабы? | | |
| Сезимдери барбы? | | |
| Тамактанабы? | | |
| Өсүп чоңоёбу? | | |

| 2. Жансы заттар | Ооба | Жок |
|---|---|---|
| Кыймылдайбы? | | |
| Дем алабы? | | |
| Сезимдери барбы? | | |
| Тамактанабы? | | |
| Өсүп чоңоёбу? | | |

## Сценарий 8

| | |
|---|---|
| **Чыгарманын аталышы** | **«Ким кыйын?»**<br>Автору: Матлюба Жаникулова<br>Иллюстратору: Светлана Насынбатова<br>Классы: 2-класс, деңгээли: 2.2 |
| **Предмети** | адабий окуу, класстан тышкары окуу |
| **Күтүлүүчү натыйжалар** | Окуучулар:<br>- чыгарманы окуп, суроолорго жооп беришет;<br>- каармандарга мүнөздөмө беришет;<br>- уккан тексттин түшүнгөнүн демонстрациялашат. |
| **Стратегиялар\ ыкмалар** | «ВЕННдин диаграммасы», «Ролдук оюн» көнүгүүсү |
| **Керектелүүчү каражаттар** | электрондук https://bloomlibrary.org/kyrgyzstan-OkuuKeremet жана басмадан жарык көргөн китептер, аудиокитептер, тиркемелер |
| **Окутууну уюштуруунун формасы** | кичи топтордо, жалпы класс менен иштөө |
| **Иштөө кадамдары** | |
| **1-кадам. Текстти укканга чейин** | Чыгарманы укканга чейин мугалим окуучуларга китептин мукабасын көрсөтүп, суроо менен кайрылат:<br>• Чыгарма эмне тууралуу болот?<br>Окуучулар өз ойлорун айтышат. |
| **2-кадам. Текстти угуу учурунда** | Чыгарманы мугалим жана окуучулар кезектешип көркөм окушат. |
| **3-кадам. Текстти уккандан кийин** | Окуучулардын тексттин мазмуну боюнча алган түшүнүктөрүн бекемдөө үчүн бир нече тапшырмалар берилет.<br>**1-тапшырма:** Текстти уккандан кийин төмөнкү суроолор берилет:<br>• Планшет эмне үчүн мактанды?<br>• Китеп эмне үчүн капаланды?<br>• Айпери эмне үчүн Китепти көпкө чейин колдонгон жок?<br>• Китеп маанилүүбү же планшетпи? Эмне үчүн?<br><br>**2-тапшырма: «Венндин диаграммасын»** толтурушат (жекече, жуптарда иштесе болот) (2-тиркеме).<br>**Эскертүү:** *Мында чыгармадагы башкы каармандар КИТЕП жана ПЛАНШЕТтин окшош жактарын жана айырмачылыктарын жазышат.*<br>Бул тапшырма окуучулардын окуп\угуп түшүнүүсүн, сынчыл ой жүгүртүүсүн өнүктүрөт.<br><br>**3-тапшырма. «Ролдук оюн»** көнүгүүсү<br>**Бул ыкманын максаты** – окуучулардын жомоктун мазмунун терең түшүнүүсүн, эсте тутуусун бекемдейт, каармандардын образдарына кирип аткаруу менен алардын абалын талдайт. |

| | |
|---|---|
| **1-кадам.** | Мугалим каармандарды бөлүштүрөт: автор, Айпери, китеп, планшет. |
| **2-кадам.** | Ар бир каарман өз сөздөрүн чыгармадан тактап алышат. |
| **3-кадам.** | Каармандын образына кирип, ролдук оюн аткарышат. |
| **4-кадам.** | Аткарган ролуна жараша окуучуга суроо беришет, же тескерисинче, ал окуучуларга суроо берсе болот. Мисалы:<br>*- Китептин ролун аткарып жатып өзүңдү кандай сездиң?*<br>*- Планшет ар дайым пайдалуу бекен? Эмне үчүн?ж.б.*<br>***Эскертүү:*** Мугалим сөзсүз убакытты чектеши керек. |
| **Жогорудагы стратегияларды колдонуу менен окууга сунушталуучу китептер:** | - «Ким күлүк?» (автору: Бакыт Мырзатаева), Д.: 3.1<br>- «Хан-бий» (автору: Сулайман Рысбаев), Д.: 3.2<br>https://bloomlibrary.org/kyrgyzstan-OkuuKeremet |

**1-тиркеме**
**Жаникулова Матлюба**

## КИМ КЫЙЫН?

Үй жымжырт. Текчеде Планшет жана Китеп турат.

– Хелло, Китеп! Оой, Китеп, сен мени угуп жатасыңбы?

Китеп үргүлөп кеткен эле, анткени ал уктабай, күн сайын өз ээсин күтүп жүргөн.

– О-ой, Китеп, турбайсыңбы. Чарчадыңбы?

Катуу кыйкырыктан Китеп ойгонуп кетип караса, жанында Планшет туруптур.

– Аа, кечиресиз, уктап кетиптирмин. Эмне болуп кетти?

– Сен уктап жатканда мен адамдар менен көп иштедим. Сен мени билесиңби? Менин атым – Планшет. Менде балдар үчүн кызыктуу программалар бар. А сени ким карайт дейсиң? Окулбай эле текчеде чаң басып жата бересиң го. Экөөбүздүн кимибизди кыйын деп ойлойсуң?

– Менде көп маанилүү окуялар жазылган. Ал окуяларды да окуп көрсөңүз жакшы болмок, – деп жооп берди Китеп.

– Эмнеге окушум керек? Өзүмдө даяр аудио китептер толтура.

Китеп жылмайып, унчукпай тим болду.

– Ха-ха-хаа! Хи-хи-хи-и-ии! Азыр Айпери мектептен келет. Ал сени карабайт деле, мен үчүн эле шашып келет, – деди Планшет күлүп жатып.

Аңгыча Айпери кирип келди. Планшет кубанып, китепти мыйыгынан күлө карап жатты. Ал адатынча планшетти ачып, мультфильм көрүп отурду. Анан үй тапшырмасы эсине түштү да, аны аткарууга киришти.

Үй тапшырманы аткаруу үчүн Планшеттен жардам сурады. Интернеттин бардык тармагына кирип издеди. Жооп таба албай койду. Планшет ойлоно баштады. «Эми кантем? Айпериге жардам бере албай койдум го».

Бир кезде Айпери текчеде турган китепти эстей койду. Аны алып, суроосуна жооп издей баштады.

– Ох-х! – деп Айпери сүйүнүп кетти. – Таптым! – деп китебин бооруна кысты.

Китеп аябай назик эле. «Сенин кимге керегиң тиет, көп убакыттан бери окулбай, чаң басып жатасың», – деген Планшеттин сөздөрүн эстеди. Айпериге пайдасы тийип, аны кучактаганына толкунданып да, эркелеп да кетти.

Планшет Китепке туура эмес мамиле жасаганын, катуу сөз айтып алганын эстеп, ыңгайсыз боло түштү. Айпери Китепти Планшеттин жанына койду да, Акжол досу менен ойногону жөнөдү.

Китеп өзүнүн эң керектүү буюм болгонуна бир чети сыймыктанса, бир чети кубанып калды.

– Кел эми, элдешели. Мени кечирип койчу, – деп Планшет Китепке жакын келип, чыпалагын сунду.

– Биз Айперинин досу болобуз да. Экөөбүз тең ага жардам берип турабыз. Бирок сен туура эле айттың. Мен көптөн бери окулбай жатканым анык, – деди Китеп

– Көрөсүң го, Айпери эми сага да көңүл бурат. Кабатыр болбо, досум, – деп экөө кол алышты.

Китеп Планшеттин колун бекем кысты:

– Экөөбүз ажырагыс дос болобуз!

**2-тиркеме**

**ВЕННдин диаграммасы**

**айырмачылыктары** **окшоштуктары** **айырмачылыктары**



**Китеп** **Планшет**

## Сценарий 9

| | |
|---|---|
| **Чыгарманын аталышы** | **«Көпөлөк канча жашайт?» Проект TTR**<br>Автору: Лела Кистаури<br>Классы: 2-класс, денгээли 2.2 |
| **Предмети** | адабий окуу |
| **Күтүлүүчү натыйжалар** | Окуучулар:<br>-чыгарманын мазмунуна карата берилген ойлорду ырасташып же жокко чыгарышат;<br>-текстен алынган үзүндүдөгү калтырылган сөздөрдү толукташат;<br>-башкы каарманга карата кластер түзүшөт;<br>-окуялардын картасын түзүшөт. |
| **Стратегиялар\ ыкмалар** | «Сөздөрдүн дубалы», «Ооба же жок», «Сүйлөмдөрдү толуктоо», «Окуянын картасы» стратегиялары |
| **Керектелүүчү каражаттар** | электрондук https://bloomlibrary.org/kyrgyzstan-OkuuKeremet жана басмадан жарык көргөн китептер<br>Видеофильм «Көпөлөктүн жашоосу» |
| **Окутууну уюштуруунун формасы** | Жуптарда, кичи топтордо, жалпы класс менен иштөө |
| **Иштөө кадамдары** | |
| **1-кадам. Текст менен таанышканга чейин** | «Мээ чабуулу» муз жаргычы колдонулат. Мугалим окуучуларга төмөнкү суроолор менен кайрылат:<br>• Көпөлөктөр тууралуу эмнелерди билесинер?<br>• Китептин мукабасын көрүп, кандай ойго келдинер?<br>• Автору ким экен?<br>Окуучулардын өз ойлорун айтышат. |
| **2-кадам. Текстти угуу учурунда** | Окуучулар текст менен таанышышат. Текстти мугалим же окуучулар кезек менен көркөм окушат.<br>Текст менен таанышкандан кийин<br>Жаңы сөздөрдү окуучулардын туура, так айтуусу жана эстеп калуусу үчүн **«Сөздөрдүн дубалы»** (1-тиркеме) колдонулат. Мында мугалим атаган сөздү доскага чыккан окуучу тез, жаңылбай туура табышы керек жана ал сөздү туура кайталап айтууга тийиш.<br>Андан кийин «Көпөлөктүн жашоосу» илимий таанып билүүчү видео-фильм көрсөтөтүлөт.<br><br>**• Окуучулардын тексттин мазмуну боюнча алган түшүнүктөрүн бекемдөө үчүн төмөнкү тапшырмаларды аткарышат.** |

<table>
<tr><td></td><td>

**1-тапшырма. «Ооба же жок»** ыкмасы (2-тиркеме) (окуучулар жекече аткарышат, андан соң жалпы класста талкуулашат).
Бул ыкманын шартына ылайык чыгарманын негизги мазмунуна, башкы каарманга байланыштуу сүйлөмдөр берилет. Окуучулар «ооба» же «жок» деген жооптордун бирин белгилөө менен өз ойлорун ырасташат.

**2-тапшырма. «Сүйлөмдөрдү толуктоо»** ыкмасы (3-тиркеме). Мында окуучулар берилген сүйлөмдөрдө калтырылып кеткен сөздөрдү толуктап жазышат жана көркөм окуп беришет (жуптарда же кичи топтордо иштешет).

**3-тапшырма:** Окуучуларды 3 кичи топко бөлүштүрүп, ар бир топко **«Окуянын картасын»** (4-тиркеме) түзүү тапшырмасы берилет. Кичи топтор тапшырманы аткарып бүтүшкөн соң, жалпы класс алдында презентациялашат. Мысалы:

<table>
<tr><td>Башкы каарман<br>Көпөлөк</td><td>Окуя болгон мезгил<br>Жай мезгили</td></tr>
<tr><td>Окуянын башталышы<br>Көпөлөктүн көп түрдүүлүгү</td><td>Окуянын ортосу<br>4 баскычты басып өтүшү</td></tr>
<tr><td>Чыгарманын аягы<br>Көпөлөктүн канча жашаары</td><td>Окуядан эмне түшүндүм?<br>Көпөлөк жана көпөлөктүн жашоосун</td></tr>
</table>

</td></tr>
<tr><td>Жогорудагы стратегияларды колдонуу менен окууга сунушталуучу китептер:</td><td>«Асмандагы кит»<br>Автору: Сиддхарт Чакраварти<br>Иллюстратору: Кавери Гопалакришнан<br>Электрондук https: // bloomlibrary.org/kyrgzstan-OkyyKeremet сайтынан окууну сунуштайм.</td></tr>
</table>

**1-тиркеме**

**«Сөздөрдүн дубалы»**

| | | |
|---|---|---|
| Көпөлөк | монарх | лимонница |
| кардинал | баскыч | личинка |
| гусеница | куурчакча | курт |
| 30-45 күн | метаморфоза | |

**2-тиркеме**

**«Ооба же жок» ыкмасы**

| Ырастоолор | Ооба | Жок |
|---|---|---|
| Чыгарманын башкы каарманы – курт. | | |
| Көпөлөктөр көп жыл жашайт. | | |
| Көпөлөктөрдү канаттуулар десек болобу? | | |
| Көпөлөктөрдүн түрлөрү көппү? | | |
| Көпөлөктөр 4 баскычты басып өтөт. | | |

**3-тиркеме**

**«Сүйлөмдөрдү толуктоо» ыкмасы**

- Көпөлөк абдан …...! Ал өзүнүн …… менен көздү суктандырат. Көпөлөктүн жыт билүү …… күчтүү.

*Пайдаланылуучу сөздөр: кооз, көркү, сезими*

**4-тиркеме**

**«Окуянын картасы»**

| | |
|---|---|
| Башкы каарман<br>____________________<br>____________________ | Окуя болгон мезгил<br>____________________ |
| Окуянын башталышы<br>____________________<br>____________________ | Окуянын ортосу<br>____________________<br>____________________ |
| Чыгарманын аягы<br>____________________ | Окуядан эмне түшүндүм?<br>____________________ |

# Сценарий 10

| | |
|---|---|
| **Чыгарманын аталышы** | **«Асмандагы кит»**<br>Автору: Сиддхарт Чакраварти<br>Иллюстратору: Кавери Гопалакришнан<br>**Классы: 3-класс, деңгээли: 3.1** |
| **Предмети** | Адабий окуу, Мекен таануу |
| **Күтүлүүчү натыйжалар** | Окуучулар<br>- чыгарманы мазмунуна карата берилген ойлорду ырасташат же жокко чыгарышат;<br>- тексттен алынган үзүндүдөгү калтырылган сөздөрдү толукташат;<br>- башкы каарманга карата кластер, синквейн түзүшөт;<br>- окуялардын картасын түзүшөт;<br>- окуянын айлампасын түзүшөт. |
| **Стратегиялар\ ыкмалар** | «Ооба же жок», «Сүйлөмдөрдү толуктоо», «Окуянын картасы», «Ай-лампа» |
| **Керектелүүчү каражаттар** | Электрондук https://bloomlibrary.org/kyrgyzstan-OkuuKeremet жана басмадан жарык көргөн китептер, суроолор, тапшырмалар жазылган карточкалар (ватмандар) |
| **Окутууну уюштуруунун формасы** | жуптарда, кичи топтордо, жалпы класс менен иштөө |
| **Иштөө кадамдары** | |
| **1-кадам. Текст менен таанышканга чейин** | Мээ чабуулу» ыкмасы колдонулат.<br>• **Кит тууралуу эмнелерди билесиңер?** |
| **2-кадам. Текстти окуу учурунда** | Окуучулар текст менен таанышышат. Текстти мугалим же окуучулар көркөм окушат. |
| **3-кадам. Текст менен таанышкандан кийин** | **Окуучулардын тексттин мазмуну боюнча алган түшүнүктөрүн бе-кемдөө үчүн төмөнкү тапшырмаларды аткаруу сунушталат.**<br>**1-тапшырма.** «Ооба же жок» ыкмасы (окуучулар жекече аткарышат, андан соң жалпы класста талкуулашат).<br>Чыгарманын негизги мазмунуна, башкы каарманга байланыштуу сүй-лөмдөр берилет. Окуучулар «ооба» же «жок» деп өз ойлорун ырасташат.<br>**2-тапшырма.** Окуучулар берилген сүйлөмдөрдө калтырылып кеткен сөздөрдү толуктап жазышат жана көркөм окуп беришет (жуптарда же кичи топтордо иштешет).<br>Андан соң окуучуларды 2 кичи топко бөлүштүрөт жана тапшырмалар берилет. Кичи топтор тапшырманы аткарышат жана жалпы класс ал-дында презентациялашат.<br>**1-3-топко «Окуянын картасы»**<br>**2-4-топко «Айлампа»** |

| | |
|---|---|
| **Жогорудагы стратегияларды колдонуу менен окууга сунушта-луучу китептер:** | - «Эмне үчүн коендун куйругу кыска?» (Лидия Кимарио, кыргызча которгон Талант Деркембаев) Д.: 3.2,<br>- «Почему у зайца хвост короткий?» (Лидия Кимарио) Д.: 3.2<br>https://bloomlibrary.org/kyrgyzstan-OkuuKeremet |

**1-тиркеме**
**Сиддхарт Чакраварти**

## АСМАНДАГЫ КИТ

Асман Ысык-Көлдө жашайт. Апасы бошогондо, алар көл жээкке сейилдегени келишет. Мурун бул жерге атасы менен келер эле. Бирок ал азыр чет өлкөгө иштегени кеткен.

Асман апасы экөө булуттарды карап отурганды жакшы көрүшөт.

– Булуттар алыс-алыс учушат, ээ. Атам буларды көрөт болду бекен?

– Көрөт. Сен асманды карап отурганды жактырасың. Бекеринен сенин атыңды Асман деп койбогон чыгарбыз. Асман – көк дегенди билдирет.

Асмандагы булуттар ар кандай. Алардын бири оюнчукка окшош болсо, кээ бирлери сакал, мурутка, жаныбарларга окшоп кетет.

– Апа, караңызчы, бул иттин мурунy аябай чоң экен! – деп Асман итке окшош булутту көрсөтүп.

– Тээтиги булут кайсы жаныбарга окшош? – деп сурады апасы.

– Кайсы? – деп Асман түшүнгүсү келет.

– Бул океанда жашаган кит турбайбы!

– Ооба. Кит! Эми даана көрдүм. Эх, биздин көлдө эмне үчүң кит жок? Апа, кит тууралуу айтып бериңизчи, – деди Асман.

– Киттердин көптөгөн түрлөрү бар. Бул булут өтө чоң болгондуктан, оюма дароо көк кит келди. Көк кит Жер жүзүндө жашаган эң чоң жаныбар. Ал динозаврдан да, пилден да бир канча эсе чоң.

– О-о-о-о-о-ооооооооо! – деп Асман таңдайын такылдатты.

– Ал ушунчалык чоң. Сен анын оозуна отурган абалыңда батып кетмексиң, – деди апасы. Асмандын апасы мугалим болуп иштейт.

Ошол маалда итке окшош булуттун тумшугу бөлүнүп, кит булутту көздөй сызып жөнөдү.

– Балким, мурунга ит эмес, кит көбүрөөк жагат, – деп Асман кыткылыктап күлөт.

– Кит мурунду эмне кылат? Балыкка мурун эмес, дем алуу үчүн бакалоор керек.

– Бакалоор балыкка керек. Бирок көк кит балык эмес. Ал биз сыяктуу аба менен дем алат. Ошон үчүн ага мурун керек, – деди апасы.

– Оо, бул анда дүйнөдөгү эң чоң мурун болсо керек, ээ? Суу алдында мурун менен кантип дем алмак эле?

– Киттер өзгөчө жаныбарлар, – деп түшүндүрдү апасы.

– Алар океандын үстүнөн дем алышат.

– Ал үчүн алар чалкасынан сүзүшөбү?

– Сенин фантазияң укмуш, – деп апасы жылмайды.

– Чын эле, киттин дем алганын алыстан укса болот. Кит тереңден өйдөгө чыгып, дем алып кайра суунун алдына кирет. Ошентип абага чыгып дем алып, кайра сууга чумкуп, жашоосун өткөрөт, – деп сөзүн улады апасы.

Ал: "У-Ф-Ф-Ф-Ф-Ф-Ф-ФФФФФФФФФФФ!!!" – деп дем алат.

– Ар бир жолу дем алып, дем чыгарганда, киттин мурдунан фонтан атат. Суу абага орун бошотуш үчүн чыгат.

Асман дагы деле кит сыяктуу булутту карап отурат.

– Кит, кит, менин атама барып, салам айтып койчу!

Бала кумга чалкасынан жатып, колун балыктын канатындай кылып жаят. Колдорун кыймылдатып:

– У-ффффф. Мен дагы китмин! – деп кыйкырды.

### Киттер жөнүндө кызыктуу маалыматтар

Киттер ар кандай формада болушат. Алар планетабыздагы бардык океандарда бар.

Алар ар кандай формадагы фонтандарды абага бүркүшөт.

Киттерди изилдеген окумуштуулар алардын дем алуусуна байкоо жүргүзүп турушат.

Көк киттердин тиштери болбойт. Алар чайнай албагандыктан, деңиз жаныбарлары-планктондорду суу менен кошо жутуп азыктанышат. Алар суудан планктондорду оозунун ичиндеги атайын муруттардан турган тосмо аркылуу ажыратып алышат. Планктонду жеп, ал эми сууну океанга кайра кайтарып беришет.

Киттер – сүт эмүүчүлөр. Демек, алар да адамдар сыяктуу балдарын туушат. Балдарын музоо деп аташат. Музоолор өздөрүнүн энелеринин жанында жылдап чогуу сүзүп жүрүшөт. Энелери аларга океанда бактылуу жашап кетүү үчүн билимдерин беришет.

Жайкысын кит эне жана анын музоосу Жердин уюлдарын көздөй муздак сууларга сүзүп жөнөйт. Анткени ал жерде азык көп болот. Ал эми кышында уюлдук деңиздер тоңуп, киттер кайра ысык тропиктерди көздөй сүзүп келишет. Бирок планетанын түндүк жарым шарында жашаган киттер эч качан түштүк жарым шарга сүзүп келишпейт. Тескерисинче, алыскы түштүктө жашаган киттер түндүктү көздөй сүзүп барышпайт.

Киттер эч качан адамдар шарттуу түрдө ойлоп тапкан түндүк жана түштүк жарым шарын бөлүп турган экватор сызыгын кесип өтүшпөйт. Эмнеге мындай экенин бир киттерден башка эч ким билбейт.

**2-тиркеме**

### «Ооба же жок» ыкмасы

| Ырастоолор | Ооба | Жок |
|---|---|---|
| Чыгарманын башкы каарманынын ысмы – Асман. | | |
| Кит Ысык-Көлдө жашайт. | | |
| Киттер сүт эмүүчүлөр сыяктуу аба менен дем алышат. | | |
| Киттин бир гана түрү бар. | | |
| Киттин баласын музоо деп аташат. | | |

**3-тиркеме**

## “Сүйлөмдөрдү толуктоо” ыкмасы

– Киттер __________ жаныбарлар, – деп түшүндүрдү апасы.
– Алар океандын ___________ дем алышат.
– Ал үчүн алар чалкасынан сүзүшөбү?
– Сенин фантазияң укмуш, – деп апасы жылмайды.
– Чын эле, киттин дем алганын __________ укса болот. Кит тереңден өйдөгө чыгып, дем алып кайра __________ алдына кирет. Ошентип абага чыгып дем алып, кайра сууга чумкуп, жашоосун өткөрөт, – деп сөзүн улады апасы.
Ал "У-ф-ф-ф-ф-ф-ф-ф-ф-ф-ф-ф-ф-ффффффф!!!" деп дем алат.
Ар бир жолу дем алып, дем чыгарганда, киттин мурдунан _________ атат.
Суу абага _________ бошотуш үчүн чыгат.

***Пайдалануучу сөздөр:*** *өзгөчө, үстүнөн, алыстан, суунун, фонтан, орун*

**4-тиркеме**

## «Окуянын картасы»

| | |
|---|---|
| Башкы каарман<br>__________________________<br>__________________________ | Окуя болгон мезгил<br>__________________________ |
| Окуянын башталышы<br>__________________________<br>__________________________ | Окуянын ортосу<br>__________________________<br>__________________________ |
| Чыгарманын аягы<br>__________________________ | Окуядан эмне түшүндүм?<br>__________________________ |

**5-тиркеме**

## «Айлампа»



## Сценарий 11

| | |
|---|---|
| **Чыгарманын аталышы** | **«Чоң атамдын тереги»**<br>Автору: Сокурова Жыргал<br>Иллюстратору: Жыргал Касмамытова<br>Классы: 3-класс, деңгээли: 3.2 |
| **Предмети** | адабий окуу, класстан тышкары окуу, мекен таануу, ТТКН |
| **Күтүлүүчү натыйжалар** | Окуучулар:<br>- чыгарманы угушат;<br>- укканга чейин жана уккандан кийин берилген суроолорго жооп беришет;<br>- «Ачык жана жабык суроолор» формасын толтурушат;<br>- уккан тексттин түшүнгөнүн демонстрациялашат. |
| **Колдонулуучу стратегиялар\ ыкмалар:** | «Ачык жана жабык суроолор», «Чаташкан логикалык чынжырлар» |
| **Керектелүүчү каражаттар** | электрондук https://bloomlibrary.org/kyrgyzstan-OkuuKeremet<br>жана басмадан жарык көргөн китептер, аудиокитептер, тиркемелер |
| **Окутууну уюштуруунун формасы** | жуптарда, кичи топтордо, жалпы класс менен иштөө |
| **Иштөө кадамдары** | |
| **1-кадам. Текстти укканга чейин** | Мугалим окуучуларга чыгарманы укканга чейин суроолор менен кайрылат:<br>• Чыгарма кандай аталат экен?<br>• Китептин мукабасында эмненин сүрөтү тартылган?<br>• Кандай ойлойсуңар, чыгарма эмне тууралуу болот? |
| **2-кадам. Текстти угуу** | Аудиокитепти чогуу угушат (1-тиркеме). |
| **3-кадам. Текстти уккандан кийин** | Окуучулардын тексттин мазмуну боюнча алган түшүнүктөрүн бекемдөө үчүн бир нече тапшырмалар берилет.<br>1-тапшырма: Текстти уккандан кийин төмөнкү суроолор берилет:<br>• Окуя качан, кайсы жерде болуптур?<br>• Башка каармандар кимдер экен?<br>• Канат байке эмне максатта Адилеттин үйүнө келиптир?<br>• Адилет анын сунушуна макул болдубу? Эмне үчүн?<br>• Адилет карындашы экөө кандай амал ойлоп табышты?<br>• Атасы болгон окуяны уккан соң эмне деп жооп берди?<br>• Бул окуя силерге жактыбы? Эмне үчүн?<br>• Силер бул каармандардын ордунда болсоңор эмне кылат элеңер? Эмне үчүн? |

| | |
|---|---|
| | **2-тапшырма: «Ачык жана жабык суроолор»** таблицасына жазуу жүзүндө же оозеки жооп беришсе да болот (жекече, жуптарда иштесе болот) (2-тиркеме).<br>**Эскертүү:** *Бул суроолорду даярдоодо татаал жана так эмес түзүлгөн суроолордон качуу керек: окуучу өзүнүн ой жүгүртүү мүмкүнчүлүгүнүн көпчүлүк бөлүгүн суроонун маанисин түшүнүү үчүн сарптабашы керек.*<br>Ачык жана жабык суроолорду берүү менен окуучулардын окуп\угуп түшүнүүсүн, ой жүгүртүү, аргументтештирүү, талдоо, баалоо көндүмдөрүн жакшыртууга мүмкүнчүлүк түзүлөт.<br><br>**3-тапшырма. «Чаташкан логикалык чынжырлар»** көнүгүүсүнө ылайык окуучулар жуптарда же кичи топтордо иштешет (3-тиркеме).<br><br>**Бул ыкманын максаты:** окуучулардын жомоктун мазмунун ырааттуу эстеп калганын текшерүү менен бирге, аны эсте тутуп калуусун бекемдейт. |
| **1-кадам. Мугалимдин иш-аракети:** | Мугалим жомоктогу окуяларды 5-6 бөлүктөргө бөлүп, ар бир бөлүктү өз алдынча баракка жазып коет. |
| **2-кадам.** | Топ барактарды ар бир топко таркатат. Мугалим балдардын иштеп жатканына көңүл бөлүп, аларга багыт берет.<br>***Эскертүү:*** Мугалим сөзсүз убакытты чектеши керек. |
| **1-кадам. Кичи топтордун же жуптардын иш-аракети:** | Ар бир топтун мүчөлөрү өз ара кеңешип, талкуулап чыгарманын бөлүктөргө ажыратылган окуяларын ирети менен коюп чыгышат. |
| **2-кадам.** | Топтордо чыгарманын окуясын ырааттуулук менен иретке келтиришкен соң, аны аудиокитептеги текст менен салыштырышат. |
| **3-кадам.** | Окуянын ырааттуулугун сактап кезек менен окуп же айтып беришет.<br>**Эскертүү:** *Сабак учурунда бардык окуучулар аткарган жумуштарын окуп бергенге жетишпей калышса, анда мугалим "Окуянын жармаңкесин" уюштуруп койсо болот. Мында ар бир жуптун аткарган жумуштары дубалга илинет. Тыныгуу учурунда балдар бири-биринин жазгандарын окуганга мүмкүнчүлүк алышат.* |
| **Жогорудагы стратегияларды колдонуу менен окууга сунушталуучу китептер:** | - «Мен дарактарды жакшы көрөм» (Ворлд Эдукейшн, которгон: Т.Деркембаев), Д.: 3.1<br>- «Я люблю деревья» (Ворлд Эдукейшн, которгон: Т.Деркембаев), Д.: 3.1<br>https://bloomlibrary.org/kyrgyzstan-OkuuKeremet |

**1-тиркеме**
**Автору: Жыргал Сокурова**

## ЧОҢ АТАМДЫН ТЕРЕГИ

Корообуздун четинде чоң чынар терек бар. Ал айылыбыздагы эң бийик терек. Жоондугуна үч-төрт кишинин кулачы жетпейт. Айылга келе жатканда да, тоого чыгып караганда да көзгө дароо урунат.

Теректин алдына барып отурсаң, көлөкөсү кенен, эс алууга ыңгайлуу. Бутагында чымчыктар дайыма сайрап турат. Шамал болгондо, теректин бутак-жалбырактары шуулдайт.

Күн ысыганда ушул теректин көлөкөсүнө келип эс алабыз. Ага жакын жерде шылдырап аккан булак бар. Туптунук, муздак, даамы да бир башка. Апам булактын суусунан алып самоорго чай кайнатат. Атам көлөкөлөп эс алганча кетмен, күрөктөрдү саптап, чалгысын чыңайт.

Карындашым Гүлай экөөбүз шахмат ойнойбуз же китеп окуйбуз.

Бир күнү Канат байке келип калды. Атам менен апам үйдө жок эле. Машинасы менен чаң ызгытып катуу айдап келип токтоду да, сигнал басты. Короого кирип эле теректи көздөй жөнөдү.

– Кандай, Адилет? Каникулуң жакшы өтүп жатабы? Кандай эс алып жатасыңар? Машинасынын ачкычын сөөмөйүнө тегеретип ары-бери басып турду да, теректи карыштап өлчөп кирди. – Атаң келгенде айт. Терегин мага сатсын. Акчасынан кам санабасын, каалаган баасын төлөп берем. Тактай тилген цех ачпадымбы. Өз айылыбыздагы теректерден баштайын деп жатам.

– Жок, байке, терек сатылбайт. Аны чоң атам тиккен да. Атам деле макул болбойт болуш керек.

– Акчасын төлөсөм, эмнеге макул болбойт? Бир жакшы велосипед саттырып аласың. Башка дагы керегиңерге жарайт. Бул терегиңер карып деле бүттү. Бир күнү кулап калат. Андан көрө эртерээк кыйып салгыла.

Теректин кыйылып, тактайларга айланып жатканын элестеткенде, коркуп кеттим. Анткени бул теректи чоң атам да жакшы көрө турган. Ушул теректин түбүндө далай жолу жомок айтып берген эле.

– Байке, бул жерге биз дайыма отуруп эс алабыз. Ойнойбуз, досторум да көп келет. Теректи кыйдырбайм!

Кантип үнүмдү катуу чыгара сүйлөп жибергенимди байкабай калдым.

– Эмне такылдайсың? Эс алып, ойногонго башка терегиңер деле турбайбы. Атаңа айтып кой!

Ачкычын сөөмөйүнө тегеретken бойдон Канат байке машинасына түштү да, дагы бир жолу ачуу сигнал басып, зуулдаткан бойдон айдап кетти.

Канат байке келип кеткенден кийин ойлоно баштадым. «Атама эч нерсе айтпай койсомбу? Улуу кишиге эмне каяша айтасың дебейби? Теректи сатып жиберишсечи? Жок, сатпайт болуш керек. Бул теректи чоң атам атама арнап отургузган турбайбы, өзүнүн терегин да кыйдырмак беле?»

Ойлонуп отуруп, Гүлайды чакырдым да, ага болгон окуяны айттым.

– Байке, келиңиз, атамдар келгиче бир нерсе ойлоп табалы, – деди ал.

– Кагаз, калем сап алып келчи. Гүлай чуркап барып бат эле көт  өрүп келди.

«Терек сатылбайт!!! Терек сатылбайт!!! Терек сатылбайт!!!» деп жаздык да, короонун кире беришинен баштап, терекке чейин чаптап чыктык. Бул жазууну теректин айланасына да чаптап койдук.

Атамдардын келип калганын да байкабай калыптырбыз.

– Ой, балам, эмне эле кылып жатасыңар? Теректи ким сатканы жатыптыр?

– Ата-а, теректи сатпаңыз!

Атамды кучактай калдым. Болгон окуяны Гүлай экөөбүз алмак-салмак жарышып айтып жаттык.

– Теректи сатпай калайын. Бул чоң атаңардан калган эстелик да. Мага арнап тигилген терек эмеспи. Өз терегимди өзүм кыймак белем? Бул терек дагы далай жылды карытат, – деп карындашым экөөбүздү кучагына кысты.

– Ураа, чоң атамдын терeги сатылбайт!

**2-тиркеме**

**«АЧЫК ЖАНА ЖАБЫК СУРООЛОР» формасы**

| ЖАБЫК СУРООЛОР | |
|---|---|
| 1. Суроолордун жообу: “ооба” – “жок” | Балдар чоң атасы тиккен теректи сатууга макул болуштубу?<br>ооба жок |
| 2. Сунушталган бир нече варианттын ичинен бир туура жоопту тандоону талап кылган суроолор | Адилетке: “Атаң келгенде айт. Терегин мага сатсын. Акчасынан кам санабасын, каалаган баасын төлөп берем. Тактай тилген цех ачпадымбы. Өз айылыбыздагы теректерден баштайын деп жатам” деп ким айтты?<br>а) бейтааныш адам<br>б) кошунасы<br>в) Канат байке<br>г) Самат таякеси |
| 3. Сунушталган жооптордун ичинен бир нече туура жоопту тандоону талап кылган суроолор | Канат байкенин айткан сөзүнө Адилет кандай жооп берди?<br>а) Жок, байке, терек сатылбайт.<br>б) Макул, бизге да акча керек болуп жаткан.<br>в) Аны чоң атам тиккен да.<br>г) Атам деле макул болбойт болуш керек. |
| АЧЫК СУРООЛОР | |
| 1. Кошумча айтып берүү | - Эмне үчүн Адилет Канат байкенин сунушуна каршы чыкты?<br>- |
| 2. Кыскача жоопту талап кылган суроолор | - Адилет менен карындашы Гүлай кандай амал ойлоп табышты?<br>-<br>- Балдардын мүнөздөрүн сүрөттөгөн үч сөздү жаз.<br>- |
| 3. Толук жоопту талап кылган суроолор | - Сен кандай ойлойсуң, эмне үчүн Адилет менен Гүлайды атасы да колдоду?<br>-<br>- Канат байке келсе алар эмне деп жооп беришет деп ойлойсуң? Окуянын аягын улантып айтып көрчү.<br>- |

**3-тиркеме**

## “ЧАТАШКАН ЛОГИКАЛЫК ЧЫНЖЫРЛАР” стратегиясы

**Бул ыкманын максаты:** окуучулардын жомоктун мазмунун ырааттуу эстеп калганын текшерүү менен бирге, аны эсте тутуп калуусун бекемдейт.

**1-кадам:**

Мугалим жомоктогу окуяларды 5-6 бөлүктөргө бөлүп, ар бир бөлүктү өз алдынча баракка жазып коет.

**2-кадам:**

Топ барактарды ар бир топко таркатат. Мугалим балдардын иштеп жатканына көңүл бөлүп, аларга багыт берет.

***Эскертүү:*** Мугалим сөзсүз убакытты чектеши керек.

**Топтун иш-аракети:**

**1-кадам:**

Ар бир топтун мүчөлөрү өз ара кеңешип, талкуулап чыгарманын бөлүктөргө ажыратылган окуяларын ирети менен коюп чыгышат.

**2-кадам:**

Топтордо чыгарманын окуясын ырааттуулук менен иретке келтиришкен соң, аны аудиокитептеги текст менен салыштырышат.

**3-кадам:**

Чыгарманын окуясын ыраaты менен жайгаштырып, “Окуялар жарманкеси” дубалына илип коюшат.

## Сценарий 12

| | |
|---|---|
| **Тема:** | **Кошумча адабияттарды пайдалануу аркылуу башталгыч класстардын окуучуларын өздөрүнүн жеке инсандык компетенцияларын калыптандырууга шыктандыруу** |
| **Чыгарманын аталышы** | **«Көрүнбөс кыз»**<br>Автору: Шахло Алавова<br>Иллюстратору: Светлана Насынбатова<br>Классы: 3-класс, деңгээли: 3.2 |
| **Предмети** | адабий окуу, класстан тышкары окуу, тарбиялык саат, ата-энелер чогулушу |
| **Максаты:** | Чыгарма аркылуу окуучуларга өздөрүнүн жеке мүнөздөрүн жана өз-ара мамилелерин туура калыптандырууга багыт берүү |
| **Күтүлүүчү натыйжалар** | Окуучулар:<br>• Чыгарманын каармандарынын мүнөздөрүндөгү өзгөчөлүктөрдү сүрөттөшөт.<br>• Негизги каармандын жүрүм-турумундагы өзгөрүүлөрдү талдашат<br>• Ролдук оюн аркылуу каармандардын сапаттарын талкуулап, жыйынтык чыгарышат |
| **Колдонулуучу стратегиялар\ ыкмалар:** | Божомолдоо, ролдук оюн |
| **Керектелүүчү каражаттар** | электрондук https://bloomlibrary.org/kyrgyzstan-OkuuKeremet жана басмадан жарык көргөн китептер, аудиокитептер, тиркемелер |
| **Окутууну уюштуруунун формасы** | кичи топтордо, жалпы класс менен иштөө |
| **Иштөө кадамдары** | |
| **1-кадам. Текстти окуганга/укканга чейин** | Чыгарманы укканга чейин мугалим окуучуларга китептин мукабасын көрсөтүп, суроолор менен кайрылат:<br>• Чыгарма кандай аталат экен?<br>• Кандай ойлойсуңар, чыгарма эмне тууралуу болот? |
| **2-кадам.** | Сөздүк ишин жүргүзүү: йети, маршмеллоу<br>Йети , маршмеллоу |
| **3-кадам. Тапшырма:** | 1. Китепти окуп жатканда сүрөттөргө жакшылап көңүл бургула<br>2. Суроолорго активдүү жооп бергиле |

| | |
|---|---|
| **4-кадам Текстти окуу/ угуу** | Чыгарманы тыным менен, божомолдоо стратегиясын колдонуп окушат/угушат. |
| **5-кадам. Текстти окугандан/уккандан кийин** | Окуучулар 3 топко бөлүнөт жана ар бир топ өзүнө тиешелүү суроолорду алат.<br>1-топ: Мээрим<br>2-топ: Ким<br>3-топ: Жибек, Айбек ж.б. классташтар<br><br>**1-Мээрим тобуна суроолор:**<br>• Өзүңдү эмнеге «көрүнбөс» сезип жүрдүң эле?<br>• Алгачкы кадамды жасоого эмне себеп болду?<br>• Эмнеге Кимди колдогуң келди?<br>• Классташтарың чын эле сен ойлогондой начар балдар бекен?<br>• Эч ким байкабаган «көрүнбөс» кыздан активдүү, шайыр кызга айлануу оңой болдубу?<br>• Азыр өзүңдү кандай сезип жатасың?<br><br>**2-Ким тобуна суроолор:**<br>• Алгач класска жаңы келгенде өзүңдү кандай сездиң?<br>• Мээримдин сага кат жазганы жагымдуу болдубу?<br>• Классташтарыңа аралашып кетишиңе ким же эмне себеп болду?<br>• Сен Мээримге жардам бере алдыңбы? Кандай жардам?<br>• Классташтарың чын эле сен ойлогондой начар балдар бекен?<br>• Азыр өзүңдү кандай сезип жатасың?<br><br>**3-Ким тобуна суроолор:**<br>• Силер Мээримди эмнеге байкачу эмес элеңер?<br>• Эмнеге Кимге начар мамиле кылдыңар? Туура кылгансыңарбы?<br>• Мээримди эмнеден улам өзүңөргө кошуп калдыңар?<br>• Ал мурда эле активдүү болуп, силер менен бирге иш-аракеттерди аткарса кандай болот эле?<br>• Классташтарды бөлүп-жарган, туура эмес мамиле кылган туурабы? |
| **6-кадам.** | Ар бир топ өз алдынча талкуулап алгандан кийин, суроолордун жоопторун жалпы класс алдына алып чыгышат. |
| **7-кадам.** | • Мээрим түнт, уялчаак, тартынчаак болгону жакшы беле? Эмне үчүн?<br>• Анын активдүү кызга айланганына кубандыңарбы? Эмне үчүн?<br>• Классташтарынын ага кылган мамилеси туура болгонбу? Эмне үчүн?<br>• Эми мындан ары ынтымактуу болушат деп ойлойсуңарбы?<br>• Силердин класста Мээримдей окуучу болуп калса, силер кандай кылат элеңер? Эмне үчүн?<br>• Силердин класска жаңы окуучу келип калса кандай мамиле кылган туура болот деп ойлойсуңар? Эмне үчүн? |
| **8-кадам: Жыйынтыктоо** | • Мээримдей болуп байкалбай жүрө берген жакшы бекен?<br>• Алгачкы кадамды түнт окуучу эмес, силер жасасаңар болобу?<br>• Демек, бирөөдөн кандай мамиле күтсөк, өзүбүз да ошондой мамиле кылганды билишибиз керек экен ээ? |

| **Жогорудагы стратегияларды колдонуу менен окууга сунушталуучу китептер:** | - «Окшошпу же башкабы?»<br>- «Тоос Хью»<br>- Түркүн кыздар, сүйкүм кыздар<br>https://bloomlibrary.org/kyrgyzstan-OkuuKeremet |
|---|---|

**1-тиркеме**
**Автору: Шахло Алавова**

### Көрүнбөс кыз

Жибек менен Айбек – класстагы эң шайыр окуучулар. Алар менен балдардын баары дос болгусу келишет. Балдар кезектешип, Йети тууралуу коркунучтуу окуяны айтып жатышат. Ал эми бул бурчта турган менмин. Менин атым – Мээрим. Мен танаписти жаман көрөм. Анткени мени менен эч ким ойнобойт. Мен деле көптөгөн кызыктуу окуяларды билем. Бирок мен аларды айткандан уялам.

– Айлананын аянтын кантип тапса болот? – деп сурады мугалим.

Мен жообун билчүмүн. Колумду чала-була көтөрдүм. Мугалим мени байкабай, Айбектен сурады.

Дене тарбия сабагында балдар футбол ойношту. Жибек дарбазага көп гол киргизди. А мен болсо кошумча оюнчулар отурган отургучта отурдум. Мен начар ойноп, команданы артка тарткым келбейт.

Жибек мектепке мала-кызыл жалтыркаптуу, маршмеллоу кошулган торт алып келди. Бүгүн анын туулган күнү болчу. Ал бардыгыбызды торт менен чай ичүүгө чакырды.

Эч ким бүгүн менин да туулган күнүм экенин эстеген жок. Мен аябай капаланып, жалгызсырай түштүм. Мен чай ичкенге барган жокмун. Ушул жерден тез эле кетип калгым келди.

Сабак бүтөрү менен, мен үйгө шашылдым. Таарынычымды апама айтып бердим.

– Кызым, кандай болгон күндө да биз сени аябай жакшы көрөбүз. Ар дайым маанайыңды көтөрүп жүр. Сен сөзсүз балдар менен достошосуң. Өзүң биринчи кадам жасасаң, классташтарың да көңүл бурат, – деди апам мени бооруна кысып.

Кечинде торттогу чырактарды үйлөп өчүрүп, курбуларым болсо экен деп тилек кылдым.

Кийинки күнү биздин класска жаңы окуучу келди. Анын аты Ким экен. Мен ага жылмайып койдум. Эски кийим кийип келгендиги үчүн балдар аны менен достошкусу келген жок.

– Карасаңар! Мунун кийген кийими кызыктай экен. Ким деген да ат болобу? Аты да кызыктай экен! Бирөө “Ким?” деп сурап жаткансып, – деп Айбек танаписте классты жаңырта катуу сүйлөдү. Менден башка балдардын баары күлүп жиберишти.

“Шылдыңга кабылган жаманбы же эч ким байкабаганы жаманбы?” деп өзүмчө ойлондум. Мен Кимди колдогум келип, ага кат жазып, китебине салып койдум.

Ким бул катты үйүнөн, рюкзагынан китептерин алып чыгып жатканда көрөт.

Мен Ким кубанып, кичине жеңилдей түшсө керек деп ойлойм. Кыйналып турганында бирөө колдоп койсо, кандай сонун!

– Рахмат! Сен абдан боорукер кыз экенсиң. Сүрөттү да аябай жакшы тартат турбайсыңбы, – деди Ким танаписте жаныма келип. Мени менен бирөө сүйлөшкөнүнө өзүм да ишенген жокмун. Апамдын айтканы туура болуп чыкканын карасаң! Алгачкы кадамды

жасагандан коркпош керек турбайбы!

Дене тарбия сабагында Ким футболду эң жакшы ойноду. Ал тамашакөй, шайыр бала экен. Бардыгы аны менен дос болууга кызыгышты. Жибек менен Айбек анын тамашаларын угуп, каткырып күлүп жатышты. А мен дагы эле кошумча оюнчулардын отургучунда отурдум.

Сүрөт сабагында мугалим биздин классты төрттөн болуп топторго бөлүнүүбүздү өтүндү. Жибек менен Айбек Ким менен бир командада болгусу келишти. Мен да Кимдин жанына чуркап бара калдым.

– Келгиле, үчөөбүз эле тарталы. Киши аз болсо, кычкылтек көбүрөөк болот, – деди Жибек. Айбек каткырып күлүп жиберди. Мен таарынып калдым.

– Мугалим төрттөн бөлүнгүлө деп айтпадыбы. Бизде Мээрим үчүн да орун бар эмеспи, – деди Ким.

Ар бир топ чөлдөгү жаныбарларды тартыш керек болчу. Эң мыкты топ белек алат. Мен сүрөт тартканды жакшы көрөм. Жаныбарларды сулуу кылып тартканга аракет кылдым.

Биздин топ жеңишке ээ болду!

Кийинки күнү ашканадан Ким, Айбек жана Мээрим мени чогуу тамактанууга чакырышты. Мен аябай кубандым. Чын эле, менин досторум барбы? Ура! Дене тарбия сабагында футбол ойноп көрөйүн деп чечтим. Оюн аябай көңүлдүү болду. Эмне үчүн коркуп жүрдүм экен?

Математика сабагында колумду ишенимдүү көтөрдүм. Мугалим мени сурап, дароо "5" койду. Танаписке чыкканда, баарыбыз чогуу кызыктуу окуяларды айтып жаттык. Мен бир жолу итибиз үй тапшырмамды жеп салганын айтууга батындым. Балдар каткырып күлүштү. Өзүмдү бактылуу сездим. Жыргап күлүп аттым. Чын эле, кыялдар ишке ашат экен.

Үйгө келгенде, атам менен апама бүгүн кандай көңүлдүү жүргөнүмдү айтып бердим. Эми менин досторум бар. Мени кызыгып угушат. Сабактарда тартынбай жооп берем. Футбол ойноймун. Түнт, көрүнбөс кыздан эми минтип класста шайыр, тартынбас кызга айландым. Эми менин досторум көп!

## Сценарий 13

| | |
|---|---|
| **Чыгарманын аталышы** | **«Чоң сабак»**<br>Автору: Сулайман Рысбаев<br>Иллюстратору: Адель Дуйшеева<br>Классы: 3-класс, деңгээли: 3.1 |
| **Предмети** | адабий окуу, класстан тышкары окуу |
| **Күтүлүүчү натыйжалар** | Окуучу:<br>- окуганын түшүнүү көндүмдөрү өнүгөт;<br>- каармандардын иш-аракетине карата жеке пикирин билдирет;<br>- өз алдынча ой жүгүртөт. |
| **Колдонулуучу стратегиялар\ ыкмалар:** | «Окуянын картасы», «Суроолор дарагы» стратегиялары |
| **Керектелүүчү каражаттар** | электрондук https://bloomlibrary.org/kyrgyzstan-OkuuKeremet<br>жана басмадан жарык көргөн китептер, тиркемелер |
| **Окутууну уюштуруунун формасы** | жекече, жуптарда, жалпы класс менен иштөө |
| **Иштөө кадамдары** | |
| **1-кадам. Текст менен таанышканга чейин** | Мугалим китептин мукабасы, аталышы, автору менен тааныштырат. |
| **2-кадам. Текстти окуу учурунда** | Чыгарманы мугалим же окуучулар кезек менен көркөм окушат (1-тиркеме). |
| **3-кадам. Текст менен таанышкандан кийин** | Окуучулардын тексттин мазмуну боюнча алган түшүнүктөрүн бекемдөө үчүн бир нече тапшырмалар берилет.<br>**1-тапшырма: «Окуянын картасы»** ыкмасына ылайык окуучулар жекече же жуптарда жазуу ишин аткарышат (2-тиркеме).<br>Эскертүү: Окуучулар бул тапшырманы жекече же жуптарда аткарышат. Андан соң презентациялашат.<br>**2-тапшырма: «Суроолор дарагы»** стратегиясы. Окуучулар чыгарма боюнча өз суроолорун жазып, “суроолор дарагына” илишет. Ар бир окуучу бирден суроону алып жооп беришет<br>**Эскертүү:** *Мугалим ватманга дарактын сүрөтүн тартып коет. Окуучулар стикерге суроолорун жазып, даракка чапташат. Бул тапшырма аркылуу окуучулар чыгарма боюнча суроолорду түзгөнгө үйрөнүшөт; суроолорго жооп берүү менен окуп\угуп түшүнүүлөрүн, ой жүгүртүү, аргументтештирүү, талдоо, баалоо көндүмдөрүн жакшыртууга мүмкүнчүлүк түзүлөт.* |
| **Жогорудагы стратегияларды колдонуу менен окууга сунушталуучу китептер:** | - «Адашкан куйруктар» (Ж.Сокурова), Д.: 3.1<br>- «Пипи эми калп айтпайт» (А.Базарбаева), Д.:2.2<br>https://bloomlibrary.org/kyrgyzstan-OkuuKeremet |

**1-тиркеме**
**Сулайман Рысбаев**

## ЧОҢ САБАК

Эрлан менен Азис мектепке бараткан жолдо жолугушту.

– Азис, билесиңби, бүгүн эжейдин туулган күнү?

– Ооба.

– Эмне белек берсек болот?

Экөө бири-бирине суроолуу карап калышты. Анан Азис мындай деди:

– Эжейге гүл белек кылбайлыбы?

– Туура айтасың.

Экөө жол боюндагы гүл саткан дүкөнгө киришти. Сатуучу эжеден бир роза гүлүнүн баасын сурашты.

Акчаларын санашса, жетпейт экен. Экөө сыртка чыгышты. Көздөрү дүкөндүн артындагы күнөсканадагы жайнаган гүлдөргө кадалды. Эки жакты караштты. Эч ким көрүнбөйт. Дүкөнчү эже деле келген кардарлар

менен алек болчу...

– Азис, – деп Арген көздөрүн күнөскана тарапка карай ымдады...

Экөө акырын кирип барып, эки сабак гүл үзүп алышты. Анан мектепти көздөй "тыз" коюшту. Эчак коңгуроо кагылып, сабак башталып калыптыр. Эрлан менен Азис уруксат сурап класска кирип барышты. Эжей окуучулардын тизмесин тактап жаткан экен.

– Туулган күнүңүз менен, эжей! – дешти Азис менен Эрлан жарыша.

Бирден роза гүлүн эжейине сунушту.

– Оо, рахма-аат, балдарым! Рахма-ат! – деп эжей гүлдөрдү колуна алып жыттады.

Мугалимине өзү сүйгөн роза гүлүн белекке бергенине экөөнүн көңүлдөрү көтөрүлдү. Дал ошол маалда класстын эшиги акырын ачылды. Кимдир бирөө класска баш бакты. Эмнегедир, Эрлан менен Азис шектене эшик тарапты карап калышты...

Ал баягы гүл саткан эже экен! Мугалимдин столундагы гүлдөрдү бир карады да, эч нерсе дебестен, эшикти акырын жаап койду. Жабылган эшиктин артынан шиш такасынын үнү алыстап кетип баратканы угулуп турду. Эрлан менен Азис гүл саткан эжени таанышты. Эмне кылар айласын таппай, ары-бери карап, көздөрүн элейтишти. Дүкөнчү кайрадан класска кирип келип, экөөнүн уятын чыгара тургансып карбаластаашты.

Ал күнү Эрлан менен Азис кечке сарсанаага батышты. Сабактан кийин башка жол менен үйлөрүнө жөнөштү.

Эртеси экөө күндөгү жерден жолугуп, гүл саткан дүкөндүн жанына келишти. Айланчыктап, кире албай көпкө турушту.

Аңгыча, эшик ачылып, гүл саткан эже өзү чыгып келди.

– Ии, келгиле, балдар! – деди экөөнү карап.

Ал балдардын келгенин видеокамерадан баятан бери эле байкап турган болчу. Ал тургай, кечээ да экөөнүн күнөсканага жашырынып кирип, гүлдөрдү кантип үзүп кеткенин көрүп койгон. Балдар аны билишкен эмес.

– Кечирип коюңуз, эже! – деди Эрлан, апасы "тамак сатып ич" деп берген акчаны сунуп. – Кечээ биз...

– Кечирип коюңуз!.. – деди Азис дагы жер карап турган бойдон.

Дүкөнчү эже экөөнү жылмая карап:

– Кечээ эжейиңердин туулган күнү беле? – деп сурады.

– Ооба... – деди башын шылкыйтып Эрлан.

– Силер эжейиңерди сыйлаганыңар жакшы. Акчаңарды албай эле коёюн. Эжейиңерге

берген гүлдөр баарыбыздын белегибиз болсун. Мугалимди мен да сыйлайм! Туура эмес иш жасаганыңарды түшүнүп, өзүңөр келгениңер туура болду.

Эрлан менен Азис үчүн бул окуя чоң сабак эле...

**2-тиркеме**

**«ОКУЯНЫН КАРТАСЫ»**
**стратегиясы**



## Сценарий 14

| | |
|---|---|
| **Чыгарманын аталышы** | **«Мээримдүү канаттуулар»**<br>Автору: Түгөлбай Сыдыкбеков<br>Классы: 3-класс, Адабий окуу |
| **Предмети** | адабий окуу |
| **Күтүлүүчү натыйжалар** | **Окуучулар:**<br>- «Сократтык тегеректе» пайдалануу үчүн окугандары боюнча суроолорду түзүшөт;<br>- балдар окуган чыгармалары боюнча өз пикирлерин түзүшөт;<br>- окулган чыгарма боюнча суроолорго жооп беришет;<br>- «сократтык» суроолорду колдонуу менен, өзүнүн кебин өнүктүрүү үчүн суроолордун ар кандай түрлөрүн пайдаланышат;<br>- өз ойлорун күндөлүк жазуу көндүмдөрүн кыскача баяндап берүү менен өркүндөтүшөт. |
| **Колдонулуучу стратегиялар\ ыкмалар:** | «Сократтын семинары» стратегиясы |
| **Керектелүүчү каражаттар** | Адабий окуу, 4-класстар үчүн окуу китеби, электрондук<br>https://bloomlibrary.org/kyrgyzstan-OkuuKeremet<br>жана басмадан жарык көргөн китептер, тиркемелер |
| **Окутууну уюштуруунун формасы** | Жекече, жалпы класс менен иштөө |
| **Иштөө кадамдары** | **Стратегияны колдонгонго чейин**<br>«Сократтын семинары» өткөрүлө турган сабактын алдында мугалим:<br>- окуучуларга чыгарманы окуп берет (1-тиркеме);<br>- текст абзацтардан тургандыгы, ар бир абзацта камтылган ой менен тааныштырат;<br>- окуучулар менен бирге башкы маалыматты таап, түшүнбөгөн жаңы сөздөрдү маанилерин чечмелешет;<br>- мугалим окуучулардан текст боюнча эки суроону жазып берүүнү өтүнөт (ачык, жабык суроолор да болушу мүмкүн) суроолор болушу керек; суроолор окуучулардын ойлонушуна түрткү берип, окуучулардын маалыматты колдонуу, кайра түзүү, кеңейтүү, баалоо жана талдоо көндүмдөрүнө багытталууга тийиш);<br>- мугалим «Сократтын семинарын» өткөргөн учурда окуучулардын көңүлүн топтоого бир катар «сократтык» суроолордун катарын тандап алат же окуучуларга ушундай суроолорду түзүүнү сунуштайт.<br>- схемада көрсөтүлгөндөй (2-тиркеме), класстык бөлмөнүн мейкиндигин алдын-ала уюштуруп, тышкы жана ички тегеректерди түзгөн отургучтарды жайгаштырат.<br>- окуучулар «сократтык тегерек» үчүн алар даярдаган бардык материалдарды өзүлөрү менен алып алышы керек: окуу китеби же көркөм адабият, суроолор менен стикерлер, сөздүктөр ж.б. |

| | |
|---|---|
| **1-кадам.** | **Стратегияны колдонуу учурунда**<br>- Мугалим окутуунун максатын жана күтүлүүчү натыйжаларын түшүндүрөт.<br>- Андан кийин 15-20 мүнөттүн ичинде окуучулар классташтарына даярдалган суроолорду беришет жана аларга «сократтык» талкуулоону уюштуруу менен, жооп беришет.<br><br>***Класста ишти уюштуруунун формасы:***<br>*- отургучтар эки катар: ички жана тышкы тегерек түрүндө жайгаштырылат: ички тегеректе талкуулоого катышкан окуучулар, ал эми сырткы тегеректе байкоочу окуучулар отурушат.*<br><br>Дискуссияга катышып жаткан окуучулардын арасынан чыккан ыктыярчы окуучу талкууну биринчи суроо же текстке комментарий берүү менен баштайт. Ал суроого жооп бере турган окуучуну аныктайт. Андан кийин, талкуулоону башкаруу башка окуучуга өтөт. Ички тегеректеги окуучулар өзүлөрүнүн суроолорун берүү менен талкуулоого өз салымын кошушат.<br>**Чыгармага карата суроолор топтому:**<br>1. Бала эмнелерге көп кызыкчу экен?<br>2. Энеси баласына эмне деп эскертти? Мисал келтир.<br>3. Чыйырчыкка эмне же ким кол салды?<br>4. Жалгыз калган чыйырчыкка ким/эмне кантип жардам беришти?<br>5. Чыйырчыкка жардам берүү үчүн бала кандай аракеттерди жасады?<br>6. Эмне үчүн жазуучу «күйүмдүүлүктү ушул чыйырчыктардан үйрөнсөкчү» деп жатат? Мунун маанисин кандай түшүндүң?<br><br>7. «Тырмактуура чыйырчык жем, азуулууга чаарчык жем» дегендин маанисин кандай түшүндүң?<br>8. Жаныбарлар, канаттуулар үчүн кандай камкордук көрсө болот деп ойлойсуң? ж.б.<br>9. Укурук деген эмне? Маанисин чечмеле. |

| | |
|---|---|
| **2-кадам.** | Дискуссиянын биринчи баскычынан кийин байкоо жүргүзүүчүлөрдөн кайтарым байланыш алуу үчүн суроолор берилет.<br>*Байкоочулардын тегереги үчүн мугалим кээ бир суроолорду даярдайт, ага жооп берүү менен, окуучулар байкоо жүргүзүү учурунда талкуулоо жөнүндө материал чогултушу керек.*<br>**Байкоо жүргүзүүчүлөр үчүн болжолдуу суроолор:**<br>1. Катышуучулардын активдүүлүгүн кандай бааласа болот?<br>2. Кимдердин чыгып сүйлөгөн сөздөрү жакты жана эмне үчүн?<br>3. Кайсы жооптор таасир берди? Эмнеси менен? ж.б. |
| **3-кадам.** | Эми окуучулар алмашышат: ички тегеректеги окуучулар сырткы тегерекке өтүшөт, демек, тышкы тегерек ички болуп калат. Анан жогорудагы кадамдар боюнча талкуулоо улантылат. |
| **4-кадам.** | Окуучуларга өз партасына отурууну жана «сократтык» талкуулоо боюнча кыска жалпылоо жазууну сунуш кылат. Бул өз алдынча аткарылат.<br>**Стратегияны колдонгондон кийин:**<br>- Семинарды жыйынтыктоо максатында суроолорду берип, окуучулардын жообун угат (Семинар жактыбы? Эмнеси менен жакты? Кандай маалыматтарды ала алдыңар? ж.б.).<br>- Окуучуларга жазуу ишин улантып жазуу үй тапшырма катары берилет (4-5 сүйлөмдөн турган чакан дил баян жазуу). |
| **Жогорудагы стратегияларды колдонуу менен окууга сунушталуучу китептер:** | - «Чаар ат жана Аппалуза» (Шүкүрбай кызы Үмүтай), Д.: 4.1<br>- «Хан-Бий» ( Сулайман Рысбаев), Д.: 4.2<br>- «Жаргылчак» (Гүлжан Ишеналиева), Д.: 3.1<br>https://bloomlibrary.org/kyrgyzstan-OkuuKeremet |

**1-тиркеме**
**Автору: Түгөлбай Сыдыкбеков**

## МЭЭРИМДҮҮ КАНАТТУУЛАР

Канаттуунун уясы касиеттүү көрүнүп, менин ага кызыкканымды билип, энем ар дайым эскертет:

– Уяга колуңду тийгизбей жүр. Энеси жумурткасын бас¬пай коёт.

Энемдин ушундай кебинен улам уя мага ого бетер касиеттүү көрүнчү. Бирок аны көрүү оңой эмес эле. Кашаттагы кара чыйырчык уялаган жарга көп барамын. Алар чочубасын деп шыбыш чыгарбай сак басамын. Алыстан туруп, жар боорундагы кол баткыдай оюктарды ичимден санаймын. Себеби ар бир оюк өзүнчө уя. Мына, уялардын бири бүтөлдүбү, же бузулдубу, же чыйырчык таштап кеттиби деген ой келет. Көрсө, мен жөн эле чочулайт экенмин. Четтен кырсык болбосо жар боорундагы уя бузулбайт тура.

Бир жолу обочодон абайлап турганымда четки уядан чыйырчык учуп чыкты. Ошол замат так төбөмдөн «шуу» эткен коркунучтуу дабыш угула калды. Кайдан-жайдан жетип келген ителги чыйырчыкты «шап» илип алып, туура жакка зыпылдай учту. Азыр эле уясынан чыккан чыйырчык тырмактуунун чеңгелинде калды.

Эми балапандары чыкпай калат деп, үйгө ыйлагыдай болуп келдим.

Аянычтуу окуяны угуп, энем мени соorotту:

– Тырмактууга чыйырчык жем, азуулууга чаарчык жем. Тагдыр ошондой, балам. Эми анын уясын басып, балапанын чыгарчусу бардыр.

Кеп кечикпей мен жарга келдим. Уя баскан чыйырчыктын төбөсү, же тумшугу көрүнчү мурда. Азыр да чет¬ки уядан ошондой тумшукту көрүп, кубанып кеттим. Энем: «Басып чыгарчусу бардыр», – дебеди беле. Чын эле, жетим уяда чыйырчык бөжүйт. Кантсе да эне чыйырчыктын түгөйү го.

Ошол замат үйгө келип, көргөнүмдү энеме айттым. Уяны бөтөн чыйырчык басып калганына энем да кубанды:

– Ал – түгөйү тура. Жалгыз калган кургур жемден куруйт эми.

Мен да чыйырчыкка кантип жем берүүнүн аргасын ойлодум. Өз колумдан келер эместей. Бир айылдын балдары кеңешип, ошол уяга жеткидей укуруктун учуна калай челекче бекиттик. Ага көпөлөк, курт, чымын салдык. Анан аны жар бооруна тикесинен жөлөп койдук.

Албетте, биз койгон жем чыйырчыкка азык болду дечи. Күндөр өткөн соң, уянын четинен сары ооз балапандар көрүнгөн кезде кызык окуя болду. Билбейм, биз койгон жем жетпей жаттыбы, айтор, уядагы чыйырчыкка башкалары жардам этишкени байкалды. Бири кетсе, бири жем тиштеп келип, уядагы сары ооздорго берет.

Бул күйүмдүүлүктү укканда, чоң кишилер да таң калышты. Анан:

– Башына оордук келгенде, биз, кишилер, ушул чыйырчыкчалык жардам этебизби? Ар кимибиз өз-өз түйшүгүбүз менен убара болуп, күйүмдүүлүк да эстен чыгат. Эмне, тигил чыйырчыктардын өз түйшүгү жок бекен!? Тырмактуулар кол салат ал бечараларга. Оор күндөрү жем табылбай калат.

А күйүмдүүлүктү ушул чыйырчыктардан үйрөнсөкчү!..

## Сценарий 15

| | |
|---|---|
| **Чыгарманын аталышы** | **«Дарактардын укмуштуу дүйнөсү»**<br>Автору: Нурия Умерова<br>Сүрөтчүсү: Эльнур Исаков<br>Которгон: Талгат Деркембаев<br>**Классы: 3-класс, деңгээли: 3.1** |
| **Предмети** | Мекен таануу |
| **Күтүлүүчү натыйжалар** | Окуучулар:<br>• окулган темага тиешелүү негизги маалыматтарды аныкташат;<br>• тексттен фактыларды келтирүү менен, өз идеяларын далилдешет;<br>• турмуштук тажрыйбасын талкуулашат;<br>• талкууланган ылайыктуу идеялар менен текстте баяндалган окуялар жана идеялардын ортосундагы байланышты аныкташат;<br>• чыгармада колдонулган түйүндүү сөздөрдүн маанисин аныктоо максатында глоссарий же сөздүктөр сыяктуу ресурстарды жана контексттик маалыматтарды пайдаланышат;<br>• изилдөө долбоору менен иш алып барууга шыктанышат;<br>• чыгармачылык, илимий иштерди аткаруу көндүмдөрү өнүгөт;<br>• өз классташтары менен биргелешип (кичи топтордо) иштешет. |
| **Колдонулуучу стратегиялар\ ыкмалар:** | «Адабий ийримдер» |
| **Керектелүүчү каражаттар** | Электрондук https://bloomlibrary.org/kyrgyzstan-OkuuKeremet түстүү жана ак кагаздар, флипчарт, фломастерлер, түстүү карандаштар, тексттин көчүрмөлөрү, сүрөттөр |
| **Окутууну уюштуруунун формасы** | Чакан топтордо иштөө |
| **Иштөө кадамдары** | |
| **1-кадам. Текст менен таанышканга чейин** | Ой жүгүртүү үчүн суроо берилет.<br>• Кандай дарактын түрлөрүн билесиңер?<br>• Силердин бакчаңарда же силер жашаган аймакта дарактар барбы?<br>• Силер көрүп жүргөн дарактар кандайча өсөт деп ойлойсуңар?<br>• Турмушта силер көрүп жүргөн даракатардын өсүшүнө байкоо жүргүзүп көрдүңөр беле?<br>• Кыргызстандагы жана дүйнөдөгү дарактар жөнүндө билесиңерби?<br>• Эмне үчүн дарактар биздин турмушубузга керек деп ойлойсуңар?<br>• Дарактардын кандай пайдалуу жактары бар?<br>• Биз бүгүн кандай чыгарма окуйбуз деп ойлойсуңар?<br>• Эмне үчүн текст «Дарактардын укмуштуу окуясы» деп аталат?<br>Бул суроого карата окуучулар өз ойлорун айтышат (ар бир ой баалуу экендигин мугалим эскертет). |
| **2-кадам.** | 1-суроо: Дарактардан түзүлүшү, түрлөрү жана кубулуштары<br>2-суроо: Кыргызстандагы дарактар<br>3-суроо: Дүйнөдөгү дарактар. |

| | |
|---|---|
| | Кайсы суроонун негизинде маалымат алгыңар келет?<br>Мугалим окуучуларга берилген суроолорду тандап алууну тапшырат. Тандалган суроолор боюнча окуучулар 3 топко бөлүнүп отурушат. |
| **3-кадам.** | Мугалим жогорудагы суроолорго жооп бере турган тексттерди топторго берет. Окуучулар тексттер менен өз алдынча же жупта окушат. |
| **4-кадам. Текст менен таанышкандан кийин** | Окуучулардын тексттин мазмуну боюнча алган түшүнүктөрүн бекемдөө үчүн төмөнкү тапшырмаларды аткаруу сунушталат.<br>Ар бир топ тексттеги маалыматтар менен топтогу ар бир окуучуга ролдор бөлштүрүлөт.<br>«Адабий ийримдер» стратегиясы боюнча ролдорду аныкташат.<br>- дубал плакат, Power Point презентациясы же өзүнчө баракта стратегиянын жазуу түрүндө баяндалышы менен таанышат. Окуучулар стратегияны колдонгонго чейин дагы, тапшырманы аткаруу учурунда дагы стратегиянын кадам боюнча баяндалышын көрүшү маанилүү.<br>- Ар бир окуучу өзүнүн ролун тандоого мүмкүнчүлүк алышы керек, ошондуктан ролдордун тизмеси жана алардын баяндалышы класстагы тактага же дубалга илинет.<br>- Алар тандалган ролго жараша тапшырманы аткаруу менен, талкуулоого даярданышат. |
| **5-кадам. Чакан топтордо иштөө** | Мугалим окуучуларга чакан топтордо аткара турган ролдорду так бөлүштүрүп, тапшырмаларды берет. Ар бир топто тексттин көчүрмөсү болушу зарыл.<br>Ар бир топ иш графигин аныктайт: мугалим тарабынан белгиленген мөөнөттүн алкагында ар бир окуучу ролуна жараша тексттеги маалымат менен тапшырма даярдайт. |
| **6-кадам.** | Окуучулар текстти талкуулоону башташат (болжол менен 10-15 мүнөткө созулушу керек). Талкуулоону модератор баштайт. Ар бир окуучу тандалган ролго ылайык аткарылган тапшырмаларды көрсөтөт. |
| **7-кадам.** | Аткарылган тапшырманын презентациясы же талкуулоо аркылуу ар бир адабий ийримдеги окуучулар окугандарын классташтары менен бөлүшүшөт. Окуп-үйрөнгөн теманы түшүнүүдө ар бир окуган текст тууралуу окуучулар менен талкуулоо аркылуу топтордогу иштер жалпы класска презентацияланат |
| **8-кадам.** | **Мугалим сабакка төмөнкү суроолор боюнча окуучулар тарабынан рефлексия жүргүзүүнү уюштурат.**<br>**Окуучулар:**<br>Мен бүгүн сабакта эмне маалымат алдым?<br>Мен сабакта эмнени түшүнгөн жокмун?<br>Мен дагы эмнелерди билгим келет?<br>Мен кийинки сабакта кандай роль аткаргым келет же сабакка мындан ары кандай катышам?<br>Сабак эмнеси менен кызыктуу болду жана кызыксыз болду? деген суроолор боюнча сабакка жыйынтык чыгарышат. |
| **9-кадам. Баалоо** | Окуучулар өзүн-өзү баалоо баракчасын толтурушат. |

| | |
|---|---|
| **10-кадам.** | Үй тапшырма:<br>**Тапшырманын  түрүн окуучу өзү каалоосуна жараша тандап алат.** Окуучулардын бакчасында же айылында, шаарда өскөн бир дарак тууралуу изилдөө ишин жүргүзүү, сүрөт тартуу, дарактар жөнүндө кошумча маалымат таап келүү, дарактар жөнүндө ыр же башка текст, чыгарма таап келүү, каалаган материал менен макет, фигура жасап келүү. |
| **Жогорудагы стратегияларды колдонуу менен окууга сунушталуучу китептер:** | - «Данектин окуясы» (Заря Мамбетова, Д.: 3.1)<br>- «Эмне үчүн аарылар ызылдашат» (Набанита Дешмук, Д.: 3.1).<br>- «Кызыктуу кесиптер» (Алла Пятибратова)<br>https://bloomlibrary.org/kyrgyzstan-OkuuKeremet |

**1-тиркеме**
**Автор: Умерова Нурия**

## Дарактардын укмуштуу дүйнөсү

Салам, досум. Менин атым жалбырак. Мен жердин көптөгөн булуң-бурчунда болуп келгем. Сени да мени менен саякатка чакырам.

Биз бул саякаттан дарактардын сыйкырдуу дүйнөсү жөнүндө көп сонун маалыматтарды алабыз.

### Дарактар эмне үчүн керек?

Дарактар өзгөчө кооз болушат. Бак-дарактар жан-жаныбарлар, канаттуулар үчүн үй болуп берет. Өсүмдүктөр абаны тазалап, бизге кычкылтек берет. Жайкысын дарактын көлөкөсүндө абдан салкын болот. Ал эми мөмөлүү дарактар бизге даамдуу мөмөлөрүн берет. Жыгачтан кагаз, эмерек, оюнчуктар жасалат.

### Дарак кайсы бөлүктөрдөн турат?

Дарак бир канча маанилүү бөлүктөн турат. Анын башы, сөңгөгү жана тамырлары бар. Сөңгөгү дарактын өзөк бөлүгү болуп саналат. Дарак сыртынан кабык менен капталып турат. Кабыктын сырткы катуу катмары аны кургап калуудан жана курт-кумурскалардан сактап турат. Кабык зыянкечтерди дарактын ичине киргизбейт. Дарактын башы бутактардан жана жалбырактардан турат. Дарактар сулууланганды жакшы көрөт. Башы ар түрдүү формада болот. Алардын кээ бирлери жайылып турса, айрымдары бийик же жапыз болот. Алардын түстөрү да ар башкача.

Келгиле, дарактардын кантип айырмаланарын билип алалы.

**Бак-дарактарды жалбырактардын түзүлүшүнө жараша айырмалашат.**

### Жазы жалбырактуу дарактар

Жазы жалбырактуу дарактардын жалбырактары жалпак жана кеңири болот. Мисалы, эмен жана кайың.

### Ийне жалбырактуу дарактар

Ийне жалбырактуу дарактардын жалбырактары ичке болот. Мисалы, карагай ушундай. Булар жыл бою жапжашыл бойдон тура беришет.

**Дайым жашыл дарактар**

**Жалбырагы күбүлүүчү дарактар**

Мындай дарактардын жалбырактары түшүп турат. Мисалы, эмен дарагы.

**Мөмөлүү дарактар**

Мөмөлүү дарактар биздин бакчабызда өсүп, түшүмүн берет. Аларга алма, алмурут, алчаны мисал кылсак болот.

**Кымбат баалуу дарактар**

Буларга эмен, кедр, ясень дарактарын мисал кылсак болот. Алардан кымбат баалуу эмеректер жасалат. Кээ бир дарактарды кеме куруу үчүн да пайдаланышат.

**Дарактарга жалбырактар эмне үчүн керек?**

Жалбырактар дарактардын дем алуусуна жардам берет. Дарактар дем алыш үчүн кычкылтек керек. Күндүз дарактар көмүр кычкыл газын жутуп, кайра кычкылтекти бөлүп чыгарып турат.

**Жалбырактар эмне үчүн күзүндө саргайып кетет?**

Жазында жана жайында жалбырактар ачык жашыл түскө боёлот. Бул хлорофилл аркылуу ишке ашат. Ал күндүз күн тийип турганда, жалбырактарды чөптүкүндөй ширелүү түскө боёйт. Эгерде күн аз тийсе, хлорофилл бузулуп, башка заттарга орун бошотот. Алар жалбырактарды күз мезгилинде сары, кызыл-сары, саргыч сыяктуу ачык түстөргө боёйт

**Эмне үчүн жалбырактар күзүндө түшөт?**

Жайында күн тийип турганда, өсүмдүктөр көп нымды буулантат. Тамырлардын жардамы менен алар жерден суу алышат. Кышында өсүмдүктөр суу иче албайт. Анткени кыртыш тоңуп калат. Ошондо алар жалбырагын таштайт. Бул дарактын өзөгүнө жана бутактарына нымды сактоого жардам берет

**Гүлдөр дарактарга эмне үчүн керек?**

Дарактардын гүлдөрү аябай кооз. Гүлдөр уруктуу мөмөлөрдүн түйүлүшү үчүн керек. Алча, өрүк жана кара өрүктүн мөмөсүндө бир эле данеги болот. Ал эми алма менен алмурутта бир канча данек бар.

**Эми Кыргызстанда өскөн дарактардын түрлөрү менен таанышып көрөлү.**

**Арча** – эки миң жылга чейин өсө турган керемет дарак. Биздин Тянь-Шанда арча токойлору көп. Эң бийик арчанын бою он алты метрге чейин жетет. Бул үч кабат үйдөн да бийик.

**Ак кайың** – жалбырактуу кооз дарак. Ал түптүз болуп өсөт. Жазында бүчүр байлайт. Бүчүрлөр анан жалбыракка айланат. Ак кайың абаны эң сонун тазалайт. Кайыңдын кабыгынан кооз буюмдар жасалат.

**Кара жыгачты** карагай деп да аташат. Аны аарылар аябай жакшы көрүшөт. Себеби жаз маалында кара жыгач көп чаңча жана шире берет. Кара жыгачты өлкөбүздүн шаарларынан жана айылдарынан көп көрүүгө болот. Алар парктарда, аллеяларда жана токойлордо өсөт.

**Терек** – өтө бийик өскөн дарак. Терек беш кабат имараттан да бийик өсөт. Анын жалбырактары үч бурчтуу келет. Терек Кыргызстандагы тоолордун этегинде жана суулуу өрөөндөрдө өсөт. Аарылар теректи да жакшы көрүшөт. Алар теректен клей жана чаңча чогултушат.

Жапжашыл болуп өскөн ийне жалбырактуу дарак. Ал 300-500 жыл жашайт.

**Карагай** кабыгы кочкул боз келет. Карагайдын бутактарында тобурчактар өсөт. Кээ бир карагайлардын бою 50 метрге чейин жетет.

**Эмен** – тамыры күчтүү алп дарак. Эмен дарагы 400 жылга чейин жашайт.

Анын уругу малга жакшы тоют болот.

**Грек жаңгагын** "таш жаңгак" деп да атап коюшат. Грек жаңгагында көптөгөн витаминдер бар. Жаңгактан май алышат. Кыргызстандын түштүгүндөгү Арланбап токоюнда 1000 жыл жашаган бою 30 метрге жеткен жаңгак дарактары бар.

**Биз планетабыздын ар кайсы булуң-бурчундагы укмуштуудай дарактарды көрөбүз.**

**Эң чоң дарактар**

Эмесе, дүйнөдөгү эң байыркы жана эң бийик "мамонт дарагы" деп да аталган секвоя дарагы менен таанышабыз. Бул дарак Америкада өсөт. Ал 3500 жылга чейин жашайт. Секвоя дарагынын туурасы 15 метрге чейин жетет. Бийиктиги 50 кабат үйдөй келет.

**Эң кичинекей дарактар**

Бул Жердеги эң кичинекей болуп өскөн эргежээл мажүрүм тал. Ал Европада өсөт. Бою болгону 10 эле сантиметрге жетет. Элестетсең, сенин смартфонуңдай эле. Ал Африкада өсөт.

**Эң эле саркеч дарак** – баобаб. Карачы муну, кандай зор! Баобаб бутагы жок, түз өсөт. Ал эми дарактын чокусунда жалбырактуу башы бар.

**Эң эле катуу үн чыгарган дарак гвиана курупитасы.** Ал Түштүк Америкада өсөт. Бул өсүмдүктүн мөмөсү бир башкача. Мөмөлөр дарактын сөңгөгүндө өсөт. Алар жерге түшкөндө, абдан катуу үн чыгарат.

**Эң эле түстүү дарак-америкалык кара дарак.** Анын жалбырактары кызыл жана сары түстөргө кулпуруп турат.

**Эң көркөм дарак – Мадагаскардагы оттуу дарак**

Оттуу дарак өрттү элестетип, кызыл болуп гүлдөйт.

**Өзгөчө дарак**

Бул дарак Йеменде өсөт. Аны "ажыдаардын каны" деп да атап коюшат. Бул дарактар чоң козу карындарды элестет. Алардын мөмөсүнөн ачык кызыл түстөгү шире алынат.

**Эң сыйкырдуу жана көздүн жоосун алган эвкалипт дарагы**

Индонезияда өсөт. Түз өскөн бул дарактын шайы өңү бирде жашыл, бирде кызыл, кызылсары, көгүш болуп өзгөрүп, куюлушуп, кубулуп турат.

**Японияда өскөн сакура дарагы** – эң романтикалуу дарак.

Бул япон алчасы дүйнө жүзүнө белгилүү. Сакура – жаздын символу.

**Орусиянын бийчи дарактары**

Ийне жалбырактуу бул кызыл карагай бир кызыктай болуп чырмалышып, кыйшайып, буралып өсөт. Бир караган кишиге булар бийлеп жаткандай сезилет.

**Япониядагы ырдаган дарактар**

Сагано дарагы деп бир катар болуп өскөн бамбуктарды билишибиз керек. Шамал болгондо бамбуктун сабактары ырдап жаткандай туюлат. Ошентип биздин кызыктуу саякатыбыз соңуна чыкты. Сага дарактарды изилдеген жактыбы?

Дарактарды кайтарып, коргоп, аларга кам көрүш керек. Жазында жаш көчөттөрдү отургузуу керек.

Досторуңа билгениңди айтып, биздин кереметтүү дарактар дүйнөсүнө тез-тез келип тур.

**2-тиркеме**

**«Адабий ийримдер» стратегиясы менен иштөө процессинде окуучулардын ролу**

| Роль | Жоопкерчилик |
|---|---|
| **Талкуулоонун модератору** | Модератор талкуулоону башкарат жана окуучуларга топко берилген тапшырманы аткарууга багыт берет. Натыйжалуу талкуулоону жүргүзүү максатында модератор топко төмөнкү суроолорду бериши мүмкүн:<br>- Окулган чыгарманын негизги идеясы (негизги оюу) кандай? Ал эмне жөнүндө ойлонууга түрткү берет?<br>- Бул чыгарманы окуу процессинде кандай суроолор пайда болот?<br>- Окулуп жаткан чыгармада андан ары эмне боло тургандыгы жөнүндө кандай божомолдор бар? |
| **Эпизоддун чебери** | Окуучу бир нече орчундуу эпизоддорду тандап алат (же чыгарманын эпизоддорун) жана бүт текстти түшүнүү жана тандоонун себебин билүү үчүн алардын маани-маңызын топко түшүндүрөт |
| **Сөздүн чебери** | Окуучу тексттен 4-6 маанилүү же тааныш эмес сөздөрдү аныктап, сөздүктү же глоссарийди пайдалануу менен алардын маанисин табат. Окулуп жаткан текстке ылайык келген гана сөздөрдүн маанисин тандоо керек. Окуучу ошондой эле сөздөрдүн мааниси жөнүндө кызыктуу маалымат таап, топко сунуштай алат. |
| **Бириктирүү чебери** | Окуучу окуганы менен турмуштук тажрыйбанын ортосундагы байланышты түзөт же окуган китепти мурда таанышкан башка китептер менен салыштырат. |
| **Жалпылоо чебери** | Окуучу окуган китебинин жыйынтыгын чыгарат (жалпылайт) жана китептин/тексттин негизги идеяларын жалпы топко сунуштайт. Даярдалган жалпылоону үн чыгарып окуу менен, талкуулоону баштаса болот. |

| | |
|---|---|
| **Иллюстратор** | Иллюстратор окугандарынын негизинде сүрөттөрдү же диаграммаларды түзүп, аларды топко көрсөтөт. Топ сүрөттөрдү түшүндүрүп бергенге чейин сүрөттөрдү талкуулайт. |
| **Изилдөөчү** | Изилдөөчү текстти/китептерди түшүнүү үчүн керектүү маалыматтарды издөө менен алектенет: бул китеп, автор же китепте ачылып жаткан тема жөнүндө маалыматтар болушу мүмкүн. Окуучу маалыматты издөө үчүн интернетке кирип, энциклопедиядагы же сөздүктөгү маалыматты текшерип, китеп же текст темасы менен байланыштуу билимдери же тажрыйбасы бар адам менен маек өткөрө алат. |

**3-тиркеме**

| **Өзүн-өзү баалоо баракчасы**<br>Окуучунун аты ________________________ Мөөнөт____________________ | | | |
|---|---|---|---|
| | Мен тапшыр маны эң жакшы аткардым.<br>★ ★ ★ | Мен тапшырманы жакшы аткардым.<br>★ ★ | Мен тапшыр маны жакшыраак аткара алам.<br>★ |
| Мен керектүү текстти /китепти окуп чыктым. | | | |
| Мен өз ролумду ойнодум | | | |
| Мен биздин талкууну кызыктуу өткөрүүгө жар дам бердим. | | | |
| Мен бүгүн билдим. | | | |
| Мен түшүнгөн жокмун. | | | |

## Сценарий 16

| | |
|---|---|
| **Чыгарманын аталышы** | **«Баястан жана балапандар»**<br>Автору: Аркабаев Кубанычбек<br>Сүрөтчүсү: Эсиналинов Эльдар<br>Классы: 4-класс, деңгээли: 4.2 |
| **Предмети** | Адабий окуу, КТО, Мен жана дүйнө |
| **Күтүлүүчү натыйжалар** | Окуучулар:<br>- чыгарманын мазмунуна карата берилген ойлорду ырасташат;<br>- жаңы сөздөрдүн маанисин түшүнүшөт;<br>- өз ойлорун эркин айтууга көнүгүшөт;<br>- окуялардын картасын түзүшөт жана презентациялашат. |
| **Стратегиялар\ ыкмалар:** | «Божомолдоо», «Окуянын картасы», «Тыным менен окуу» стратегиялары, «Сөздөр дубалы» |
| **Керектелүүчү каражаттар** | Электрондук https://bloomlibrary.org/kyrgyzstan-OkuuKeremet жана басмадан жарык көргөн китептер |
| **Окутууну уюштуруунун формасы** | Жуптарда, кичи топтордо, жалпы класс менен иштөө |
| **Иштөө кадамдары** | |
| **1-кадам. Текст менен таанышканга чейин** | «Мээ чабуулу» муз жаргычы колдонулат.<br>Мугалим окуучуларга төмөнкү суроолор менен кайрылат:<br>• Китептин мукабасын көрүп кандай ойго келдинер?<br>• Окуя эмне тууралуу болот деп ойлойсунар?<br>• Балапан жөнүндө эмне билесиңер?<br>• Автору ким экен?<br>Окуучулардын өз ойлорун айтышат. |
| **2-кадам.** | Мугалим текстти тыным менен окуп берет.<br>**1-тыным:**<br>1. Окуя кайсы мезгилде болгон?<br>2. Баястандын маанайы эмне үчүн чөктү деп ойлойсуңар?<br>**2-тыным:**<br>1. Кандай ойлойсуңар, атасы Баястанга бассейн куруп береби?<br>**3-тыным:**<br>1. Кандай ойлойсуңар, атасы менен Баястан уяны бузуп, бассейн куру-шабы?<br>**4-тыным:**<br>1. Балдар, окуя мындан нары кандай уланат деп ойлойсуңар?<br>**5-тыным:**<br>1. Баястандын ордунда болгонуңарда кандай кадамга барат элеңер?<br>2. Эмне үчүн Баястан уяны бузбоону чечти?<br>**6-тыным:**<br>1. Балдар, силерге чыгарма жактыбы? Эмне үчүн?<br>2. Силер да Баястандай болууну каалайсыңарбы? Эмне үчүн?<br>3. Бул чыгарма силерге кандай таасир этти? |

| | |
|---|---|
| | **Текст менен таанышкандан кийин**<br>Жаңы сөздөрдү окуучулардын туура, так айтуусу жана эстеп калуусу үчүн **«Сөздөрдүн дубалы»** стратегиясы (1-тиркеме) колдонулат.<br><br>**• Окуучулардын тексттин мазмуну боюнча алган түшүнүктөрүн бекемдөө үчүн төмөнкү тапшырмалар берилет.**<br>**1-тапшырма:** Окуучуларды 3 кичи топко бөлүштүрүп, ар бир топко **«Окуянын картасын»** (4-тиркеме) түзүү тапшырмасы берилет. Кичи топтор тапшырманы аткарып бүтүшкөн соң, жалпы класс алдында презентациялашат. |
| **Жогорудагы стратегияларды колдонуу менен окууга сунушталуучу китептер:** | «Үч балапан» Автору: Анаркул Аманбаев<br>Иллюстратору: Жыргал Касмамытова (1.3 деңгээли)<br>Электрондук nttps: // bloomlibrary.org/kyrgzstan-OkyyKeremet сайтынан окуу сунушталат. |

**1-тиркеме**

**«Сөздөрдүн дубалы»**

| | | |
|---|---|---|
| **чокмороктошкон** | **таажы** | **балапан** |
| **шаты** | **бассейин** | **чемпион** |
| **дүйнөлүк** | **чечкиндүү** | **көлмө** |
| **шек саноо** | **көмүркана** | |

**2-тиркеме**

**«Окуянын картасы»**

| | |
|---|---|
| Башкы каарман<br>________________<br>________________ | Окуя болгон мезгил<br>________________ |
| Окуянын башталышы<br>________________<br>________________ | Окуянын ортосу<br>________________<br>________________ |
| Чыгарманын аягы<br>________________ | Окуядан эмне түшүндүм?<br>________________ |

**3-тиркеме**
**Автору: Аркабаев Кубанычбек**

## БАЯСТАН МЕНЕН БАЛАПАНДАР

Күн ысып, аптап башталды. Ысыктан улам ачыкка чыгып ойногонго болбой калды. Баястан чоң бактын көлөкөсүндөгү кумда ойноп отурду. Ал кумдан чоң кеме жасады. Ага парус кылып ак кездеменин кесиндилерин илмей болду. Аңгыча кошуна короодогу бассейнге түшүп, суу чачышып ойногон балдардын көңүлдүү үндөрү угулду. Баястандын маанайы чөгө түштү.

**1-тыным:**

Үйдөн чыккан ата-энеси Баястанды көрүп жарыша сурашты:

– Балам, эмне болду сага?

– Эмне жалгыз отурасың?

– Адилдерге кандай жыргал! Короосунда бассейни бар. Күн ысыганда сууга түшүп...

– Эгер сууга түшүүнү абдан каалап жатсаң, сага бассейн куруп берейинби? – деди атасы анын жанына басып келип, башынан сылап. – Жанагы короонун жарымын ээлеген эски көмүркананы бузуп, ордуна көлмө куралы!

– Мейли, бузсаң, буз. Ал короонун көркүн кетирип, көп жерди ээлеп жөн эле турат. Балам жыргап көлгө түшсүн, – деп апасы да колдоду.

– Ушул дем алыш күнү баштайлы. Буюрса, бат эле курабыз.

– Ураа! Биздин көлмөбүз болот! Жыргап сууга түшөбүз! – деп Баястандын кубанычы койнуна батпай калды.

**2-тыным:**

Баястан жуманын аякташын чыдамсыздык менен күттү. Акыры ал күн да келип, атасы эски көмүрканананы бузмай болду.

– Келгиле, ишти баштайлы! – деди атасы.

Баястан эмне дээрин билбей мулуңдай жылмайып, башын ийкегиледи.

Шатыны дубалга жөлөгөн атасы тамдын үстүнө чыгып, аны жапкан жука темирлерди ала баштады. Алар абдан жеңил болгондуктан, бул жумуш кыйынчылык жараткан жок. Бир маалда атасы негедир жумушту токтотуп, бир нерсеге үңүлө карап туруп калды.

– Эмне болду? – деди апасы.

– Эмне эле чымчыктар чырылдай учуп, айланып жүрөт десе, бул жерде уясы бар турбайбы.

– Чымчыктын уясы бар бекен?

– Ооба. Балапандары кызыл эт болуп калыптыр.

– Каап. Эми эмне кылабыз?

– Бузабыз да. Бир уя үчүн ишти токтотмок белек.

– Ата, уя бар бекен, балапандар бар бекен? – деп кызыга сурады Баястан.

– Ооба. Сен чымчыктын кызыл эт балапандарын көрдүң беле?

– Жок. Көрсөм болобу, ата?

– Болот. Бери чыгып кел, анда.

**3-тыным:**

Шаты менен тамдын үстүнө чыккан Баястан чөйчөктөй болгон тегерек уядагы бир тоголок эт сымал чокмороктошкон немелерди көрдү. Алардын балапан экенине ишене берген жок. Аңгыча атасы мык сууругучтун учун уяга тийгизди эле, балапандар жапырт баш

көтөрүп, сапсары болгон ооздорун ача калышты. Ошондо гана Баястан алар саргыч таажысын жаңы ачкан гүлдөй болгон назик жана алсыз жандар экенин байкады. Эч бир коркунучтан шек санабай жем сурап жатышканын түшүнүп, көзүн ала албай карап тура берди.

– Баястан, уланталыбы жумушту? – деп сурады бир маалда атасы.

**4-тыным:**

– Уланталы, – деди ал эми араң балапандардан алаксып.

– Анда уяны бузууга туура келет.

– Уя бузулса балапандар кантет?

– Балапандар өлөт.

Баястан көзүн алайтып, ойлонуп туруп калды.

– Көмүркананы бузмайын көлмөнү кура албайбыз да, – деди атасы.

– Тамды бузбай эле коёлучу.

– Көлмөнү кайсы жерге курабыз?

– Анын кереги жок!

– Ысыкта сууга түшкүң келип жатпады беле?

– Түшкүм келбей калды...

– Баястан балапандарды аяп, көлмө жасабай эле коёлу деп жатат. Эмне кылалы? – деп эми атасы апасына кайрылды.

– Уяны акырын алып, башка жерге көчүрүп койсок болбойт да, – деди апасы.

– Эмнеге болбойт? – Баястан таң кала сурады.

– Ал жерге эне-атасы барбай коюшу мүмкүн. Анын үстүнө уя алына баштаганда эле бузулуп калат.

– Баястан, өзүң чеч, көлмө керекпи же...

– Көлмөнүн кереги жок! – деди Баястан чечкиндүү.

– Мейли анда, көлмөнүн кереги жок болсо, кайра жаап коёюн, – деген атасы темирлерди ордуна коё баштады.

– Баястан, сууга абдан түшкүң келип жатабы? Анда дем алыш күнү шаардын бассейнине алып барайын, – деди ал.

Баястан кубана баш ийкеди.

**5-тыным:**

Эртеси Баястан короодогу бактын көлөкөсүндө ойноп отурду. Кошуна балдардын чуру-чуу болуп сууга түшкөнү баягыдай эле угулуп турду. Балапандарды аябаганда өзүнүн да көлмөсү болмок. Бирок өкүнгөн жок. Анткени балапандарды сактап калды.

Аңгыча тосмонун ары жагынан Адилдин үнү угулду:

– Баястан! Кел, сууга чогуу түшөлү.

Бир аздан кийин Баястан балдар менен сууга жыргап түшүп жатты. Бирок баары бир анын эсинен балапандар чыккан жок. Ал кечээки окуя тууралуу балдарга айтып берди эле, алар абдан кызыгып калышты. Сууга түшүп бүткөндөн кийин Баястан досторун үйүнө ээрчитип келди. Балдар көмүркананын үстүнө уя салган эки чымчыкка байкоо салып турушту. Алар ары-бери бейкапар учуп, алсыз чыйпылдаган балапандарына жем ташып жүрүштү.

Дем алышта Баястанды атасы шаардын бассейнине алып барды.

Баястан сууга сүзүү спорту менен ушул жерден таанышып, жактырып калды. Кийин ал тырышчаактык менен машыгып, сууга сүзүү боюнча өлкөнүн чемпиону болду. Чет мамлекеттерде өткөн биринчиликтерде да биздин желекти көп жолу желбиретти.

Бул спортко кандайча катышып калганын сураганда, ал дайыма баягы балапандарды эстейт...

## Сценарий 17

| | |
|---|---|
| **Чыгарманын аталышы** | **«Ананси аттуу жөргөмүш, каргалар жана крокодилдер»**<br>Автору: Автору: Гана элдик жомогу<br>Иллюстратору: Виехан де Жадер<br>Которгон: Талгат Деркембаев<br>Классы: 4-класс, деңгээли: 4.2 |
| **Предмети** | Адабий окуу, класстан тышкары окуу, Мен жана дүйнө |
| **Күтүлүүчү натыйжалар** | Окуучулар:<br>- окуганын түшүнүү көндүмү өнүгөт;<br>- өз алдынча ой жүгүртүшөт;<br>- чыгарманын окуясына, каармандарына карата жеке пикирлерин билдирүү менен текст куруу көндүмдөрүн өнүктүрүшөт;<br>- сөз байлыгы өсөт;<br>- чыгармачыл жазуу көндүмдөрү өнүгөт. |
| **Колдонулуучу стратегиялар\ ыкмалар:** | «Сөздүн картасы», «Текст-Мен» формалары, «Окуган чыгармага пикир жазуу» стратегиясы |
| **Керектелүүчү каражаттар** | электрондук https://bloomlibrary.org/kyrgyzstan-OkuuKeremet<br>жана басмадан жарык көргөн китептер, тиркемелер |
| **Окутууну уюштуруунун формасы** | жекече, жуптарда, жалпы класс менен иштөө |
| **Иштөө кадамдары** | |
| **1-кадам. Текст менен таанышканга чейин** | Мугалим чыгарманын аталышын айтат да, балдарга суроо менен кайрылат:<br>• Балдар, бул чыгармада кандай окуя баяндалат деп ойлойсуңар?<br>Окуучулар өз ойлорун айтышат. |
| **2-кадам. Текстти окуу учурунда** | Окуучулар текст менен таанышышат. Мугалим чыгарманы көрктүү окуп берет (1-тиркеме). |
| **3-кадам. Текст менен таанышкандан кийин** | Окуучулардын тексттин мазмуну боюнча алган түшүнүктөрүн бекемдөө үчүн төмөнкү тапшырмаларды аткаруу сунушталат.<br><br>**1-тапшырма. «Сөздүн картасы» формасы колдонулат.**<br>Бул форма окуучуларга окуп-үйрөнүп жаткан чыгарманын түйүндүү сөздөрү менен иштөөгө жана бул тармакта өз билимдерин түзүмдөштүрүүгө жардам берет. Графикалык уюштуруучунун борборунда сөз жайгаштырылат, анын маанисин колдонуу тармагы берилет, сөздүн маанисин терең түшүнүү үчүн синонимдер тандалат. Түйүндүү сөздүн маанисин түшүнүү, анын айланасында болгон окуяны, катышкан каарманды мүнөздөгөн мисалдар келтирилет (2-тиркеме). |

| | |
|---|---|
| | **2-тапшырма. «Текст-Мен» формасына** ылайык окуучулар жуптарда (же жекече) иштешет (3-тиркеме).<br>Бул окуган чыгармасына жооп кайтаруунун жазуу жүзүндөгү дагы бир формасы болуп саналат. Мында текстте баяндалган кырдаал жөнүндө окуучу эмне деп ойлорун кыскача жазат.<br>Аны жуптарда, жалпы класс алдында окуп берсе болот.<br><br>**3-тапшырма: «Окуган чыгармага пикир жазуу»** стратегиясына ылайык окуучулар жекече жазуу ишин аткарышат же үйгө тапшырма катары берилсе болот (4-тиркеме).<br>*(**Окуган чыгармага пикир жазуу** – бул окуган чыгармасы жөнүндө окуучунун жеке пикири, баа берүүсү. Мында чыгарманын окуясынан, анын каармандарынын иш-аракеттеринен улам чакырган сезимдери, кандайдыр бир жыйынтыктары баяндалат).*<br>Пикир жазууга карата багыт берүүчү бир нече суроолор топтому берилет. Ар бир суроого берилген жооптор аркылуу окуучунун чакан чыгармачылык иши жазылат.<br>Жазуу иши жалпы класс ичинде окулат, же окуучулар окуй ала тургандай болуп дубалга илинет. Окуучулар бири-биринин иштери менен тааныша алышат. |
| **Жогорудагы стратегияларды колдонуу менен окуууга сунушталуучу китептер:** | - «Короз менен Кырк аяк» (Винни Асара, которгон: Т.Деркембаев), Д.: 2.2<br>- «Петушок и сороконожка» (Винни Асара), Д.: 2.2<br>- «Зебра кантип чаар ала болду?» (Яко Якобс, которгон Т.Деркембаев), Д.: 3.2<br>- «Как зебра стала полосатой» (Яко Якобс), Д.: 3.2<br>https://bloomlibrary.org/kyrgyzstan-OkuuKeremet |

**1-тиркеме**
**Гана элдик жомогу**

## АНАНСИ АТТУУ ЖӨРГӨМҮШ, КАРГАЛАР ЖАНА КРОКОДИЛДЕР

Жер жүзүндө катуу ачарчылык болду. Каргалардан башка эс ким жегенге азык таппай калды. Ар таңда каргалар анжир өскөн алыскы бакка учуп барып келишчү. Анжир багы чоң өзөндүн ортосунда өсчү. Анжир багы чоң өзөндүн ортосунда өсчү. Каргалар канаттуу туугандарына да анжир мөмөсүн алып келип берип турушту.

Ананси жөргөмүш каргалар алып келген анжир мөмөлөрүн көргөндө шилекейи акчу болду. Ал анжир мөмөлөрүнө эми кантип жетет?

Анын башына бир ой келди. Курсагына аарынын жабышчаак момунан сүйкөдү. Карапа идиштин сыныгын алып каргаларга барды.

– Жардам берип коё аласыңарбы? Мага от тутандырганга көмүр керек болуп жатат, – деп жалдырады ал.

Алар көмүрдү тутандырганда анжир курсагыма жармашып калсын деп, Ананси бактын чоң бутагына этияттап отурду.

Каргаларга алкыш айтып, таттуу анжирди тезирээк барып жегенге үйүнө шашып жөнөдү.

Бирок ал анжирге тойбой калды. Анан каргаларга кайра келип, баягысын кайталады. Ананси үчүн жолу келгенде каргалар шекшип калышты.

– Сен эмне эле кайра-кайра көмүр сурап келип жатасың?

– Мен үйгө жеткиче эле көмүр жолдон өчүп калып жатат.

– Сен калп айтып, биздин тамакка келип жатасың! – дешти каргалар.

– Жок, мен калп айткан жокмун! – деп Ананси ыйлап жиберди.

Каргалар ага боору ооруду. Кийинки күнү ар бир карга ага бирден тал канатын үзүп берди. Ал каргалар менен чогуу кең өзөндүн ортосундагы чоң анжир багын көздөй учуп жөнөдү. Ананси ширелүү анжирлерди көргөндө баарын өзү жалгыз жегиси келди.

– Бул меники! Аны мен биринчи көргөн болчумун! – деп кыйкыра баштады.

Ал анжирлерди өзүнүн баштыгына үзүп сала берди. Акыры Ананси анжирлердин баарын өзү ээлеп алды. Ач көз жөргөмүш каргаларга бир да анжир калтырган жок.

Кеч киргенде ал анжир багында жалгыз калды.

– Ушул бакта өмүр бою калып кетпеш үчүн мен каргалардай болуп учушум керек, – деди өзүнчө.

Ошондо ал терең дем алып секирди эле, сууга чулп этип түшүп калды. Сууда толтура крокодилдер бар эле…

– Бул эмне? Таттуу тамак өзү келип түштүбү? – деген крокодилдин корулданган үнү угулду.

– Мени жебегилечи, суранам! Мен силердин жакыныңардан болом да, билбейсиңерби? Бабаңардын учурунан бери ушул жерде адашып жүрөм. Силерден башка эч кимге жолуга элекмин. Мени эч ким таап алган жок. Мен жолуктурган биринчи туугандарымсыңар, – деп Ананси ыйлап жиберди.

Ал ушунчалык катуу ыйлагандыктан, крокодилдердин боору ооруп кетет.

– Биз ичкен ылай сорпону ырахаттана ичсең, ошондо гана сага ишенебиз, – деди крокодилдердин улуусу.

Алар ылай толтурулган идишти беришти.

– Оо, менин чоң энем да ушундай сорпону иччү эле! – деп Ананси анткорлонуп койду.

Арткы буту менен идиштин түбүн тешип жиберүүгө жетишти. Анан сорпо ичимиш болуп койду. Ылай болсо идиштин түбүнөн бутун көздөй жылжып агып кетип жатты.

– Аябай даамдуу экен! – деп тамшанып идишти кайтарып берди.

– Биз эми сенин өзүбүздүн жан экениңе толук ынандык, – дешти крокодилдер. Ошондуктан Анансиге өзүлөрү менен бир чуңкурда уктаганга уруксат беришти.

– Эртең менен силерге өзүмдүн окуямды айтып берем, – деди жөргөмүш.

Эртеси таң атып, күн нурларын чачкан кезде Ананси крокодилдердин бирин ойготуп:

– Мен өзүмдүн окуямды туура айтып бериш үчүн аялым менен балдарымды өзөндүн аркы жээгинен алып келишим керек. Башкалар ойгонгуча мага жардам берип коё аласыңбы? – деди.

Крокодил аны ушунчалык эрте ойготуп койгонуна ачуусу келди.

– Мага жардам берип койчу. Сен мага караганда тез сүзөсүң го! – деп Ананси кууланды.

Крокодил макул болуп, Анансини жонуна отургузуп, жээкти карай сүзүп жөнөдү. Кургактыкка жеткенде, Ананси анын жонунан түшүп:

– Мен азыр келем. Эч жакка кетпей тур! – деп чөптүн арасына житип жоголду.

Биз билгенден тумшугу узун жана шурудай жылтыр көздүү крокодил ушул кезге чейин өзөндүн боюнда жөргөмүштү күтүп жүрөт.

**2-тиркеме**

**«СӨЗДҮН КАРТАСЫ»**
**формасы**




**3-тиркеме**

**«ТЕКСТ-МЕН» формасы**

| Текстте жазылган | Менин оюмча (мисал) |
|---|---|
| *– Бул меники! Аны мен биринчи көргөн болчумун! – деп кыйкыра баштады Ананси жөргөмүш. Ал анжирлерди өзүнүн баштыгына үзүп сала берди. Акыры Ананси анжирлердин баарын өзү ээлеп алды. Ачкөз жөргөмүш каргаларга бир да анжир калтырган жок.* | *Баары “меники” дей берүү туура эмес. Карагалар Ананси жөргөмүшкө боору оруп, ага жакшылык кылышты. Бирок жөргөмүш ач көздүк кылып бардык анжирлерди өзү ээлеп алды. Анын бул кылганы мага жаккан жок. Жемишти баары чогуу жешсе, ал андан бетер таттуу болмок. Мен ошол жерде болсом, жөргөмүшкө мындай деп айтмакмын: “Жакшылыкка жакшылык кылуу керек. Жалгыз өзүңдүн гана курсагыңды ойлобой, калган канаттууларды да ойлошуң керек”. Жөргөмүш бакта жалгыз калып калды. Аз жерден крокодилдерге жем болуп кала жаздады. Жалгыз калган кандай жаман...* |

**4-тиркеме**

## «ОКУГАН ЧЫГАРМАГА ПИКИР ЖАЗУУ» СТРАТЕГИЯСЫ

**Классы** ______________________________________________

**Окуучунун аты-жөнү** ______________________________________

| № | Багыт берүүчү суроолор | Окуучунун чыгармасы (мисал) |
|---|---|---|
| *1* | *Чыгарманын аталышы, автору?* | *«Ананси жөргөмүш, каргалар жана крокодилдер» деген жомок гана элинин жомогу.* |
| *2* | *Чыгармадагы каармандар?* | *Чыгармадагы башкы каармандар: Ананси аттуу жөргөмүш, каргалар жана крокодилдер.* |
| *3* | *Чыгарма эмне тууралуу болот?* | *Бир кезде ачарчылык болот. Каргалар өзөндө өскөн анжир жемишинин мөмөсү менен башка канаттууларды сактап калышат. Каргалар жөргөмүшкө жакшылык кылышса да, ал ач көздөнүп, бардык мөмөлөрдү ээлеп алат.* |
| *4* | *Окуянын башкы идеясы?* | *Башкы идея – ынтымакта болуу, жакшылык кылуу.* |
| *5* | *Чыгарма силерде кандай сезимдерди жана ойлорду чакырды?* | *Айланаңдагыларга жакшылык кылуу, жардам берүү керектигин түшүндүм. Каргалардын ачка калганына боорум ооруду.* |
| *6* | *Чыгарманын каармандары жактыбы? Эмне үчүн?* | *Мага каргалар жакты. Алар бардык канаттууларга, жөргөмүшкө да жардам беришти. Ал эми жөргөмүш Ананси куу жана ач көз болгондугунан улам мага жаккан жок.* |
| *7* | *Башкы каарманга кандай кеңеш берет элеңер?* | *Жөргөмүштү ач көз болбой, боорукер, акылдуу болууга чакырат элем.* |
| *8* | *Чыгармада эмне баалуу болду?* | *Жомок мага абдан жакты. Жаныбарлар, алардын мамилелери тууралуу билдим.* |
| *9* | *Окуя эмнеге үйрөттү?* | *Жакшылыкка жакшылык кылууга, кең пейил болууга үйрөттү.* |

# Сценарий 18

| | |
|---|---|
| **Чыгарманын аталышы** | **«Ысык-Көлдө мамонттор жашаган»**<br>Автору: Шүкүрбай кызы Үмүтай<br>Иллюстратору: Таттыбубу Ырысбай<br>Классы: 4-класс, деңгээли: 4.1 |
| **Предмети** | адабий окуу, класстан тышкары окуу, мекен таануу |
| **Күтүлүүчү натыйжалар** | Окуучулар<br>- окуганын түшүнүү көндүмдөрү өнүгөт;<br>- өз алдынча ой жүгүртүшөт;<br>- чыгарманын окуясына, каармандарга жана алардын иш-аракеттерине карата өз пикирлерин билдирет;<br>- окурмандык кызыгуулары ойгонот. |
| **Колдонулуучу стратегиялар\ ыкмалар:** | «Окурман шатысы», «Сөздү тегеректе» ыкмалары |
| **Керектелүүчү каражаттар** | электрондук https://bloomlibrary.org/kyrgyzstan-OkuuKeremet жана басмадан жарык көргөн китептер, тиркемелер |
| **Окутууну уюштуруунун формасы** | жекече, жуптарда, жалпы класс менен иштөө |
| **Иштөө кадамдары** | |
| **1-кадам. Текст менен таанышканга чейин** | Мугалим китептин мукабасы, аталышы, автору менен тааныштырат.<br>Окуучуларга суроо менен кайрылат:<br>- Комуз жана кобуз тууралуу эмнелерди билесиңер?<br>Окуучулар билгендери менен ой бөлүшөт. |
| **2-кадам. Текстти окуу учурунда** | Чыгарманы мугалим же окуучулар кезек менен көркөм окушат (1-тиркеме). |
| **3-кадам. Текст менен таанышкандан кийин** | Окуучулардын тексттин мазмуну боюнча алган түшүнүктөрүн бекемдөө үчүн бир нече тапшырмалар берилет.<br><br>**1-тапшырма: «Сөздөрдү тегеректе»** ыкмасын жекече, жуптарда иштесе болот (1-тиркеме).<br>**Эскертүү:** *Мында окуучу текстти окуп бара жатып, чыгармадагы негизги сөздү тегеректеп, соңунда бул сөз канча ирет кайталанганын айтып берет. Мисалы: МАМОНТ деген сөздү тегеректеп чыгышат.*<br><br>**2-тапшырма: «Окурмандын шатысы»** формасына ылайык окуучулар жекече иштешет (2-тиркеме).<br>Окуучулар текст менен таанышкан соң, шатынын тепкичтерине жылдызчалардын сүрөтүн тартып, форманы толтуруп башташат. |

| | |
|---|---|
| | **Эскертүү:** *Мугалим алдын ала даярдалган "Окурман шатысы" формасынын үлгүсүн таратып берүү керек. Окуучулар ар бир тепкичте берилген тапшырмаларга ылайык жекече ойлонуп, андан соң жуптарда өз жоопторун айтып беришет.*<br>**Бул ыкманын максаты** – окуучуга "квалификациялуу" окурман үчүн кандай көндүмдөр керек экенин түшүндүрүү жана окурманга ал көндүмдөрдүн өнүгүүсүнө байкоо жүргүзүүгө үйрөтүү.<br>**"Окурман шатысы" формасын толтуруу тепкичтери**<br>*1-тепкич: Башкы каармандарды атоо*<br>*2-тепкич: Башкы каармандарды сүрөттөө*<br>*3-тепкич: Окуяны кыскача кайра айтып берүү*<br>*4-тепкич: Каармандардын иш-аракеттерин айтып берүү*<br>*5-тепкич: Каармандын ордунда болсоң эне кылар элең жана эмне үчүн?*<br>*6-тепкич: Окуянын башкача аякталышын ойлоп табуу* |
| **Жогорудагы стратегияларды колдонуу менен окуугa сунушталуучу китептер:** | - «Комуз жана кобуз» (Шүкүрбай кызы Үмүтай), Д.: 3.1<br>- «Адашкан куйруктар» (Сокурова Жыргал), Д.: 3.1<br>- «Чоң сабак» (Рысбаев Сулайман), Д.:3.1<br>- «Таразачы Кенгурунун сабагы» (Гульдана Баргыбай), Д.:4.1<br>https://bloomlibrary.org/kyrgyzstan-OkuuKeremet |

**1-тиркеме**

## ЫСЫК-КӨЛДӨ МАМОНТТОР ЖАШАГАН

Бир жолу атам менен байкем бир нерселерди сүйлөшүп отурду.

– Чын эле мамонттун сөөгү деп ойлойсузбу? – деди байкем.

– Ананчы!

– Мүмкүн жөн эле бирдеме болуп жүрбөсүн. Кар астынан жакшы көрүнбөй жатпайбы! Жер да муз тоңголок болуп турат.

– Ма-а-мо-онт! – деп, мен алардын сөзүнө кошулдум.

